Международная организация труда

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги

# БАЛДАР ЭМГЕГИ ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮ



## Мектеп билим берүү системасына иштеп жаткан балдарды интеграциялоо боюнча жетекчилик

Балдар эмгегин жоюу боюнча эл аралык программа (ИПЕК)

Татыктуу эмгек маселелери боюнча техникалык колдоо Группасы жана Чыгыш Европа жана Борбордук Азия өлкөлөрү үчүн ЭЭУдун Бюросу

# БАЛДАР ЭМГЕГИ
# ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮ

***Мектеп билим берүү системасына иштеп жаткан балдарды интеграциялоо боюнча жетекчилик***

**Балдар эмгегин жоюу боюнча эл аралык программа (ИПЕК)**

**Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлиги**

**Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим кызматкерлеринин профсоюзунун Борбордук комитети**

**Кыргыз билим берүү академиясы**

**Татыктуу эмгек маселелери боюнча техникалык колдоо Группасы жана Чыгыш Европа жана Борбордук Азия өлкөлөрү үчүн ЭЭУдун Бюросу**

© Эл аралык эмгек уюму 2015
Биринчи басылыш 2015

Автордук укук тууралуу Дүйнөлүк конвенциянын 2-протоколуна ылайык Эл аралык эмгек бюросунун жарыялоолорунун автордук укугу корголот. Ошого карабастан алардан кыскача үзүндүлөр булактарды көрсөтүү шартында уруксат албастан колдонулушу мүмкүн. Көчүрүү же которууга укукту алуу үчүн төмөнкү дарекке кайрылуу керек: ILO Publications (Rights and Permissions), International Labour Office, CH-1211, Geneva 22, Switzerland, же электрондук pubdroit@ilo.org почта боюнча. Эл аралык эмгек бюросу мындай кайрылууларды жактырат. Интеллектуалдык менчик уюмдарында катталган китепканалар, мекемелер жана башка колдонуучулар ушул максат үчүн берилген лицензияларга жараша көчүрмөлөрдү жасаса болот. Сиздин өлкөдө интеллектуалдык менчик уюмдарын табуу үчүн www.ifrro.org. сайтына кириңиз.

---

ЭЭУ-ИПЕК
*Балдар эмгеги жана билим берүү. Мектеп билим берүү системасына иштеп жаткан балдарды интеграциялоо боюнча жетекчилик*. Эл аралык эмгек бюросу, балдар эмгегин жоготуу боюнча ЭЭУнун эл аралык программасы (ИПЕК) – Бишкек, 2015.

ISBN: ISBN 978-92-2-830659-0 (print); 978-92-2-830660-6 (web pdf)

International Labour Office; ILO International Programme on the Elimination of Child Labour

Ошондой эле кыргыз тилинде басылып чыгарылган: *Детский труд и образование. Руководство по интеграции работающих детей в систему школьного образования*, ISBN 978-92-2-430659-4 (print), 978-92-2-430660-0 (web pdf), Бишкек, 2015.

*Китептин библиографиялык баяндалышы*

---

**Авторлордон**

Бул жарыялоо Кыргыз Республикасындагы ЭЭУнун балдар эмгегин жок кылуу боюнча Эл аралык программасы менен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим кызматкерлеринин кесиптик союзунун Борбордук комитети жана Кыргыз билим берүү академиясынын кызматташуусунун алкагында даярдалган.
Колдонмонун каржылоосу Германия Федеративдүү Республикасынын Өкмөтү (RER/11/51P/FRG долбоору) тарабынан камсыз кылынган.
Бул жарыялоо Германия Федеративдүү Республикасынын Өкмөтүнүн саясатын жана көз караштарын сөзсүз чагылдырбайт жана фирмалардын, коммерциялык буюмдардын жана уюмдардын айтылышы Германия Федеративдүү Республикасынын өкмөтү тарабынан жактырылгандыгы тууралуу күбөлөндүрбөйт.

---

Бириккен Улуттар Уюмунда кабыл алынган практикага ылайык келген аталыш жана ушул жарыялоодогу материалдын берилиши Эл аралык эмгек бюросунун кандайдыр бир өлкөнүн, райондун же территориянын же алардын бийлигинин укуктук макамы жөнүндө, алардын чек араларынын делимитациясы жөнүндө кандайдыр бир көз карашы болуп эсептелбейт.
Басылып чыккан макалаларда, изилдөөлөрдө жана башка чыгармаларда билдирилген көз караштар алардын гана авторлорунун жоопкерчилигинде жана жарыялоо факты Эл аралык эмгек бюросу баяндалган көз караштарды колдойт дегенди билдирбейт.
Фирмалардын, коммерциялык буюмдардын жана процесстердин мисал келтирилиши Эл аралык эмгек бюросу тарабынан колдоого алынганын билдирбейт, ошондой эле конкреттүү фирманын, коммерциялык буюмдардын же процесстин мисал келтирилбеши аларды колдобогондугу тууралуу күбөлөндүрбөйт.
Эл аралык эмгек бюросунун жарыялоолору жана алардын электрондук версиялары ири китеп дүкөндөрүндө сатыкта бар же дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүнүн жергиликтүү Эл аралык эмгек уюмдарында бар; аларды Эл аралык эмгек уюмунун жарыялоо бөлүмүндө алса болот: ILO Publications, International Labour Office, CH-1211 Geneva 22, Switzerland. Ушул эле дарек боюнча, ошондой эле биздин сайттан www.ilo.org/publns же pubvente@ilo.org электрондук почта боюнча ЭЭБ жарыялоолорунун акысыз каталогун же акыркы басып чыгаруулардын тизмесин алса болот.
***Биздин вебсайтка кириңиз: www.ilo.org/ipec***

---

Бишкекте басылып чыккан, Кыргыз Республикасы

УДК 371
ББК 74.200.52
Б 38

Кыргыз Республикасынын билим берүү министирлиги жана Кыргыз билим берүү академиясы менен басып чыгарууга сунушталган.

**Б 38** Балдар эмгеги жана билим берүү. Мектеп билим берүү системасына иштеп жаткан балдарды интеграциялоо боюнча жетекчилик/авт.түзүүчү. М.Т. Иманкулова, В.А. Бредихина – Б., 2015. – 132 б.

**ISBN 978-9967-31-356-9**

Бул жетекчилик Кыргыз Республикасындагы ЭЭУнун балдар эмгегин жок кылуу боюнча Эл аралык программасы менен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим кызматкерлеринин кесиптик союзунун Борбордук комитети жана Кыргыз билим берүү академиясынын кызматташуусунун алкагында даярдалган. Жетекчилик балдардын жана өспүрүмдөрдүн өнүгүүсүнө жана ден-соолугуна терс таасирин тийгизүүчү, сапаттуу мектеп билим берүүгө жеткилик алууга тоскоолдук кылуучу, балдар эмгеги жана анын эң оор түрлөрүнүн актуалдуу маселелерине арналган. Китепте иштеп жаткан балдардын билим берүүгө болгон укуктарын коргоо жана балдар эмгеги менен күрөшүү боюнча демилгелер жана мыйзамдык-укуктук эл аралык жана улуттук нормативдердин топтомдору берилген. Анын ичинде билим алууну улантуу үчүн мектепке кайтып келүү мүмкүнчүлүгүн түзүүчү, кошумча формалдуу эмес билим берүү аркылуу, иштеп жаткан балдардын маселелерин чечүү жолдору сунушталган.

Жетекчилик квалификациясын жогорулатуу жана кайрадан даярдоо курстарынын мугалимдерине, райондук жана мектептик методикалык бирикмелердин жетекчилерине, мектеп администраторлоруна, кошумча билим берүү педагогдоруна, социалдык педагогдорго, предметтик-мугалимдерге, класс жетекчилерге жана бардык балдар эмгегине тартылган окуучулар менен иш жүргүзүү үчүн багытталган адамдарга даректелген.

Д 4306000000-15

ISBN 978-9967-31-356-9

УДК 371
ББК 74.200.52
©

**КЫСКАРТУУЛАР**

| | |
|---|---|
| КР | Кыргыз Республикасы |
| КР КР БжИМ | Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлиги |
| БУУ | Бириккен Улуттар Уюму |
| БУК | Балдар укуктары жөнүндөгү Конвенция |
| ЭЭУ | Эл аралык Эмгек Уюму |
| ИПЕК | Балдар эмгегин жоюу боюнча Эл аралык программа |
| БЭМ | Балдар эмгегине мониторинг жүргүзүү |
| БЭЭОТ | Балдар эмгегинин эң оор түрлөрү |
| ЭББУ | Эл аралык билим берүү уюму |
| МӨМ | Миңжылдыкты өнүктүрүүнүн максаттары |
| ББМС | Билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасы |
| ПМПК | Психологиялык-методикалык-педагогикалык консультация |
| БКББ | Балдарга кошумча  билим берүү |
| БИК | Балдар иштери боюнча комиссия |
| ЖБАО | Жергиликтүү башкаруунун аткаруу органы |
| ЖМА | Жергиликтүү мамлекеттик администрация |
| КЭУ | Коммерциялык эмес уюм |
| ОТК | Оор турмуштук кырдаал |
| БКБИП | Баланы коргоо боюнча индивидуалдык план |
| ҮМИИП | Үй-бүлө менен  иштөөнүн индивидуалдык планы |
| БКБЫУОАБ | Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү |
| SCREAM | Билим берүү, чеберчилик жана массалык маалымат каражаттары аркылуу балдар укуктарына колдоо көрсөтүү боюнча программа |
| ДМЧА | Ден-соолук мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар |

## МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ ........ 6**

1. Жетекчиликтин структурасы жана мазмуну ........ 6

2. Квалификацияны жогорулатуу курстары үчүн модулдун программасы ........ 8

**1. Балдар эмгегинин маселелери боюнча мыйзамдык-укуктук топтому ........ 11**

Тема 1.1. Балдар эмгеги деген эмне жана анын эң оор түрлөрү? ........ 11

**Борбордук Азияда балдар эмгегинин эң оор түрлөрү ........ 18**

Тема 1.2. Эл аралык жана улуттук нормалар жана балдар эмгеги менен күрөшүү боюнча демилгелер ........ 30

**II. Кыргызстанда балдар эмгегин жоюу боюнча билим берүүнүн жооп берүүчү чаралары ........ 51**

Тема 2.1. Кыргызстанда милдеттүү мектеп билимине тартылып, иштеп жаткан балдардын маселелери ........ 51

Тема 2.2. Иштеп жаткан балдар үчүн кошумча билим берүү мүмкүнчүлүктөрү ........ 65

III. Жалпы билим берүү мектебинин шарттарында балдарга кошумча билим берүү **........ 83**

Тема 3.1. Кошумча билим берүү класстарында (группаларда) сабак өткөрүүнүн жана окуу программаларынын өзгөчөлүктөрү ........ 83

Тема 3.2. “SCREAM: балдар эмгегине стоп-сигнал” жетекчилиги боюнча формалдуу эмес группаларда сабак өткөрүүнүн методикасы ........ 92

**ЖАНДЫРМА ........ 110**

**СУНУШТАЛУУЧУ АДАБИЯТ ........ 113**

**ТИРКЕМЕЛЕР ........ 115**

1973-жылдагы №138 Конвенция (алынган маалыматтар) ........ 115

1999-жылдагы № 182 - балдар эмгегинин эң оор формалары жөнүндөгү Конвенция (алынган маалыматтар) ........ 118

Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табуу тартиби жөнүндө ЖОБО ........ 119

“Балдар эмгегине каршы бир саат” өткөрүү боюнча сунуштар ........ 126

# КИРИШҮҮ

## 1. Жетекчиликтин структурасы жана мазмуну

Бүткүл дүйнө жүзүндө көпчүлүк балдар жана өспүрүмдөр экономикалык, социалдык, тилдик же маданий мүнөздөгү тоскоолдуктардын кесепетинен сабактарын калтырууга же мектепти тийиштүү мөөнөтүнөн мурда таштоого мажбур болушат. Алар "жакырчылык", "мотивациянын жоктугу", "социалдык алсыздык" жана башка ушундай жалпы мүнөздөмөлөр менен камтылган бири бирин кайталоочу тоскоолдуктардын түрлөрүнүн, өзгөчөлүктөрдүн жана теңсиздиктердин кесепетинен мектепке барышпайт. Мындай кырдаал (КМШ) Көзкарандысыз мамлекеттер шериктештигинин көпчүлүк өлкөлөрүндө да орун алган. 2012-жылдын "Билим берүү баары үчүн" программасына мониторинг жүргүзүү боюнча Бүткүл дүйнөлүк баяндамасында, КМШ өлкөлөрүндө 632 миңден ашуун мектеп жашындагы балдар мектепке барышпайт деп айтылат[1]. Бул аларга жардам көрсөтүү өтө оор болгон балдар жана билим берүү системасында алардын көп өлчөмдүү маселелерин чечүү үчүн мекемелер аралык толук кандуу жооп берүүчү чаралар керек.

Кыргызстан бул өңүттөн алып караганда, акыркы жылдардагы коомдук өнүгүүнүн эң актуалдуу маселелеринин бири болгон билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүнө экономикадагы кризистик көрүнүштөрдүн таасири менен өзгөчө өлкө болуп эсептелбейт. Биздин республикада жүргүзүлгөн изилдөөлөр, мектепке барбай жаткан балдардын көпчүлүгү оор турмуштук абалда калышканын көрсөтүштү. Билим алуудагы тоскоолдуктардын бири болуп балдар эмгеги эсептелет, анын ичинде анын эң оор түрлөрү.

Балдар эмгеги, бала укуктарын эң одоно бузуу болуп эсептелет. Ал балдарды толук кандуу жана бактылуу балалыктан ажыратат, алар туулган, жакырчылыктын чегинен жана айласыздыктан чыгуу мүмкүнчүлүгүн жоготот. Анын торуна көбүнчө өзүн коргоого жөндөмү аз болгон балдар түшүшөт, ал ошондой эле, ар бир коомдун бактылуу келечеги үчүн адамдык капиталга болгон салымдарды үзгүлтүккө учуратат.

Балдар эмгегин жоюу боюнча Эл аралык программасынын (ЭЭУ-ИПЕК) жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим кызматкерлеринин профсоюзунун Борбордук комитетинин, ошондой эле башка уюмдардын алгылыктуу иш-аракеттеринин негизинде балдар эмгегин жоюуда, балдарга мектепке баруу мүмкүнчүлүгүн берүүдө, аларды үй-бүлөсүнө кайтарууда жана киреше табуунун альтернативдик булактарын табууда аларга жардам берүүдө бир топ жетишкендиктер бар. Бул процесске жетишүүдө, алардын жеткиликтүү жана сапаттуу билим алууга болгон укуктарын коргоо маанилүү кадам болуп эсептелет.

Ушул жетекчилик, конкреттүү жалпы билим берүү мектебинин базасында окутуу жана тарбиялоо программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу үчүн, методикалык негиз болуп эсептелет. Ушуга байланыштуу бул актуалдуу маселени чечүү үчүн педагогикалык кызматкерлердин профессионалдык потенциялын жогорулатуу керек.

[1] 2012-жылдын "Билим берүү баары үчүн" программасына мониторинг жүргүзүү боюнча Бүткүл дүйнөлүк баяндама: ЮНЕСКО, 2012-ж.

Бул жетекчиликтин мазмуунун жана структурасын ар кандай формадагы окутууда колдонууга болот, алардын бири болуп педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кайрадан даярдоо системасы эсептелет.

Бул жетекчиликти түзүүдө педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кайрадан даярдоо системасында курстук окутуу процессинде аларды колдонууга мүмкүнчүлүк берүүчү, балдар эмгегинин жана билим берүүнүн маселелери боюнча ЭЭУ жана улуттук авторлор менен иштелип чыккан мыйзамдык-укуктук, окуу жана методикалык материалдардын кенен топтомдору колдонулду.

***Жетекчиликтин структурасы жана мазмууну үч бөлүмдөн турат.***

***Биринчи бөлүм*** “балдар эмгеги” жана “балдар эмгегинин эң оор түрлөрү” сыяктуу түшүнүктөргө, балдар эмгегинин маселелери боюнча эл аралык жана улуттук нормаларга жана демилгелерге арналган. Анда ЭЭУнун №138 Конвенциясы (жумушка алуу үчүн минималдык курак жөнүндө), ЭЭУнун №182 Конвенциясы (балдар эмгегинин эң оор түрлөрү жөнүндө) маанилүү эл аралык документтер каралат. Мындан сырткары, балдар эмгегинин маселелеринде компетенттүү териштирүү жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Кыйын турмуштук кырдаалда калган балдарды жана үй-бүлөлөрдү аныктоо тартиби жөнүндөгү жобосу” жаңы токтомун окуп үйрөнүү сунушталган.

***Экинчи бөлүмдө*** балдар эмгегин жоюу боюнча билим берүүнүн жооп берүүчү чаралары аныкталган. Мындай тажрыйба ЭЭУ-ИПЕК эл аралык программасынын жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим кызматкерлеринин профсоюзунун Борбордук комитетинин колдоосу менен Чүй областынын Москва жана Ысык-Ата райондорунун пилоттук мектептеринде ишке ашырылган.

Бул тажрыйбанын мисалында, Кыргызстанда иштеп жаткан балдар үчүн билим алуу мүмкүнчүлүктөрүнүн бири, жөнөкөй жалпы билим берүү мектептерине иштеп жаткан балдар үчүн өткөрүүчү этапты камсыз кылуу мүмкүнчүлүгү аркылуу, кошумча билим берүү болуусу мүмкүн, ошодой эле, анын долбоору окуп үйрөнүүгө берилген.

***Үчүнчү бөлүмдө*** мектеп шарттарында кошумча билим берүү класстарында (группаларында) окутууну уюштуруунун жана тарбилоонун маселелери; “SCREAM: балдар эмгегине стоп-сигнал” жетекчилигинин үлгүсүндө жалпы билим берүү мектептеринин жана тарбиялоочу сабактардын программасы боюнча сабактарды иштеп чыгуу боюнча методика өздөштүрүлөт.

Жетекчиликте, ошондой эле, жандырма, сунушталуучу адабият жана тиркеме, балдар эмгеги боюнча нормативдик-укуктук документтер жана “Балдар эмгегине каршы бир саат” сабак өткөрүү боюнча сунуштар берилген.

## 2. Квалификацияны жогорулатуу курстары үчүн модулдун программасы

Педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кайрадан даярдоо курстары үчүн окутуу программасынын модулу 12 саатка эсептелген жана мектеп жетекчилери, мектептик методикалык бирикмелери, социалдык педагогдор жана класс жетекчилер, кошумча билим берүү педагогдору, предметтик-мугалимдер үчүн курстун вариативдүү бөлүгүнө кошулуусу мүмкүн.

Берилген модулду семинар-трениг формасында жалпы билим берүү мектебинин базасында колдонууга болот, бул проблеманы толугу менен көрүүгө жана аны жалпы педагогикалык коллективдин күч-аракеттери менен чечүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Курстун программасын ишке ашырууда окутуунун интерактивдүү методдорун колдонууну мугалимге сунуш беребиз, бул учурда ал лектордун, тренердин, фасилитатордун жана алып баруучунун ролунда иш жүргүзөт, ал эми угуучулар окутуу процессинин катышуучулары болушат.Ошондой эле сабактарга даярдануу мезгилинде балдар эмгеги боюнча регионалдык өзгөчөлүктөргө тиешелүү болгон материалдарды, угуучу менен иштөөнүн өзү иштеп чыккан методдорун колдонууну сунуштайбыз.

**Модулдун окутуу-тематикалык планы**

| № | Теманын мазмуну | Баары | Лекция-лар | Прак.сабактар |
|---|---|---|---|---|
| **I.** | **Балдар эмгегинин маселелери боюнча мыйзамдык-укуктук база** | **4** | **2** | **2** |
| 1.1 | Балдар эмгеги деген эмне жана анын эң оор түрлөрү | 2 | 1 | 1 |
| 1.2 | Эл аралык жана улуттук нормалар жана балдар эмгеги менен күрөшүү боюнча демилгелер | 2 | 1 | 1 |
| **II.** | **Кыргызстанда балдар эмгегин кыскартуу боюнча билим берүүнүн жооп берүүчү чаралары** | **4** | **2** | **2** |
| 2.1 | Кыргызстанда милдеттүү мектепте билим берүүгө тартуунун негизинде иштеп жаткан балдарды окутуунун маселелери | 2 | 1 | 1 |
| 2.2 | Иштеп жаткан балдар үчүн кошумча билим берүү мүмкүнчүлүктөрү | 2 | 1 | 1 |
| **III.** | **Жалпы билим берүү мектеп шарттарында балдарга кошумча билим берүү** | **4** | **2** | **2** |
| 3.1 | Кошумча билим берүү класстарында сабактарды уюштуруунун жана окутуу программаларынын өзгөчөлүктөрү | 2 | 1 | 1 |
| 3.2 | ”SCREAM: балдар эмгегине стоп-сигнал” жетекчилиги боюнча сабактарды өткөрүүнүн методикасы | 2 | 1 | 1 |
| | **Жыйынтыгы** | **12** | **6** | **6** |

**“Балдар эмгеги жана билим берүү” окутуу программасынын модулунун МАЗМУНУ**

1. **Балдар эмгегинин маселелери боюнча мыйзамдык-укуктук топтому (4 саат)**

**Тема 1.1 Балдар эмгеги деген эмне жана анын эң оор түрлөрү? (2 саат)**

“Балдар эмгеги” жана “балдар эмгегинин эң оор түрлөрү” түшүнүктөрүн аныктоо.

Дүйнөдө балдар эмгегинин таралуусу, балдар эмгегинин себептери жана кесепеттери, мектеп жашындагы балдар жана өспүрүмдөр үчүн жумуштардын коркунучтуу түрлөрүн жана кесиптерди аныктоо боюнча практикалык сабак.

***Адабият:***

1. Жумушка кабыл алуудагы минималдык курак жөнүндөгү №138 Конвенция, 1973.
2. Балдар эмгегинин эң оор түрлөрү жөнүндөгү №182 Конвенция, 1999.
3. Кудайбергенова Д. Борбордук Азияда балдар эмгегинин эң оор түрлөрү/гезит. “Кутбилим” 17-декабрь, 2010-ж.

**Тема 1.2 Эл аралык жана улуттук нормалар жана балдар эмгегинин маселелери боюнча демилгелер (2 саат)**

Эл аралык Эмгек уюмунун иш-аракеттери (ЭЭУ). Балдардын эмгегин жоюу боюнча Эл аралык программа (ИПЕК). Балдар эмгеги жана анын эң оор түрлөрү боюнча кабыл алынган эл аралык жана улуттук документтердин хронологиясы жана топтому. №138 жана 182 Конвенцияларды, Кыйын турмуштук кырдаалга туш келген балдарды жана үй-бүлөлөрдү аныктоо тартиби жөнүндөгү Жобону окуп үйрөнүү боюнча практикалык сабак.

***Адабият:***

1. Жумушка кабыл алуудагы минималдык курак жөнүндөгү №138 Конвенция, 1973.
2. Балдар эмгегинин эң оор түрлөрү жөнүндөгү №182 Конвенция, 1999.
3. Кыйын турмуштук кырдаалга туш келген балдарды жана үй-бүлөлөрдү аныктоо тартиби жөнүндөгү Жобо// Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №391 токтому, 22-июнь 2015-ж.

**2.Балдар эмгегин кыскартуу боюнча билим берүүнүн жооп берүүчү чаралары (4 саат)**

**Тема 2.1. Кыргызстанда милдеттүү мектепте билим берүүгө тартуунун негизинде иштеп жаткан балдарды окутуунун маселелери (2 саат)**

Кыргызстанда милдеттүү мектепте билим берүүгө тартуунун негизинде иштеп жаткан балдарды окутуунун маселелери. Иштеп жаткан балдар үчүн альтернативдүү билим алуу мүмкүнчүлүктөрү.Чүй областынын Москва жана Ысык-Ата райондорундагы пилоттук мектептерде формалдуу эмес окутуунун тажрыйбасы.

КР “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамын, КР балдар жөнүндөгү Кодексин, жеткиликтүү жана сапаттуу билим берүүнү камсыздоого кепилдик берүүчү, мектеп жашындагы балдарды жана өспүрүмдөрдү учетко алуу тартиби жөнүндөгү инструкцияны окуп үйрөнүү боюнча практикалык сабак.

***Адабият:***

1. Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамы, 2003.
2. Кыргыз Республикасынын балдар жөнүндө Кодекси, 2012.

3. Мектеп жашындагы балдарды жана өспүрүмдөрдү учетко алуу тартиби жөнүндөгү инструкция// Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №667 токтому, 14-ноябрь 1997-ж.

4. Токтогулов А.Т., Бредихина В.А. Кыргыз Республикасынын Чүй областынын Москва жана Ысык-Ата райондорунда балдар эмгегинен эркин аймактарды түзүү.-Б.:2012.-52 б.

**Тема 2.2. Иштеп жаткан балдар үчүн кошумча билим берүү мүмкүнчүлүктөрү (2 саат)**

Аларды мектепке кайтарууда өткөрүүчү этап катары балдарга кошумча билим берүү. Жалпы билим берүү уюмунда балдарга кошумча билим берүү жөнүндөгү Жобонун долбоорун окуп үйрөнүү боюнча практикалык сабак. Мектеп шарттарында кыйын турмуштук кырдаалга кабылган балдарга кошумча билим берүүнү уюштуруу мүмкүнчүлүктөрүн изилдөө.

***Адабият:***

1. Кыргыз Республикасынын балдарга мектептен тышкары кошумча билим берүү мекемеси жөнүндөгү типтүү жобосу// Кыргыз Республикасынын билим берүү, илим жана маданият министирлигинин №507 буйругу, 24-ноябрь 1997-ж.
2. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмунда балдарга кошумча билим берүү жөнүндөгү Жобонун долбоору, 2015.

**3. Мектеп шарттарында балдарга кошумча билим берүү (4 саат)**

**Тема 3.1. Кошумча билим берүү класстарында жана группаларында сабактарды уюштуруу жана окутуу программасынын өзгөчөлүктөрү (2 саат)**

Кошумча билим берүү класста же группада окутуу процессин уюштуруу. Кошумча билим берүү программасынын мазмуунунун өзгөчөлүктөрү. Окутуунун методдору жана ыкмалары. Окутуунун инклюзивдик чөйрөсүн түзүү. Окуучуларды мотивациялоо. Кошумча билим берүү класстар үчүн география, эне тили, коом таануу боюнча сабактардын фрагменттерин иштеп чыгуу боюнча парктикалык сабак.

***Адабият:***

1. Албана Маркья. Формалдуу эмес билим берүү боюнча мугалимдер үчүн Методикалык пособие.-Б.: "Maxprint".-2013.-36 б.
2. Балдар эмгегинин маселелерин интеграциялоо боюнча жетекчилик жана билим берүү чөйрөсүнө пландар.-Б.: 2012. – 32 б.
3. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмунда балдарга кошумча билим берүү жөнүндөгү Жобонун долбоору, 2015.

**Тема 3.2. "SCREAM: балдар эмгегине стоп-сигнал" жетекчилиги боюнча сабактарды өткөрүүнүн методикасы (2 саат)**

SCREAM жетекчилигинин окуу материалдарынын топтому жана концепциясы. SCREAM жетекчилигинин структурасы, мазмууну жана методдору. Жетекчиликтин модулдары менен иштөө методдору. SCREAM модулдары боюнча практикалык сабак.

***Адабият:***

1. "SCREAM: балдар эмгегине стоп-сигнал". Билим берүү, чеберчилик жана массалык маалымат каражаттары аркылуу балдар укуктарына колдоо көрсөтүү Программасы.-Б.: 2014. – 219 б.

# 1. БАЛДАР ЭМГЕГИНИН МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА МЫЙЗАМДЫК-УКУКТУК ТОПТОМУ

## Тема 1.1. Балдар эмгеги деген эмне жана анын эң оор түрлөрү?

***Сабактын максаты:***

1. “Балдар эмгеги” жана “балдар эмгегинин эң оор түрлөрү” негизги түшүнүктөр менен тааныштыруу.

2. Балдар эмгегинин себептерин жана кесепеттерин аныктоо жана талкуулоо.

3. “Дүйнөдө балдар эмгегинин таралуусу”, “Балдар эмгегинин себептери жана кесепеттери”, “Коркунучтуу жумуштардын түрлөрүнүн жана кесиптердин мисалдары” ресурстук материалдарды группаларда окуп үйрөнүү боюнча практикалык сабак.

***Ресурстук материал:*** Ватман, ручкалар, карандаштар, маркерлер, тексттер: “Балдар эмгеги деген эмне жана анын эң оор түрлөрү?”, “Дүйнөдө балдар эмгегинин таралуусу”, “Балдар эмгегинин себептери жана кесепеттери”, “Коркунучтуу жумуштардын түрлөрүнүн жана кесиптердин мисалдары”.

***Методдор:*** интерактивдүү мини-лекция, дискуссия, кичи группаларда иштөө, презентациялоо.

***Интерактивдүү окутуу методдору жөнүндө бир нече сөз***

***Интерактивдүү** – (“inter” – өз ара, “act” – аракеттенүү) – өз ара аракеттенип, маектешүү режиминде, кимдир бирөө менен диалогдо болууну билдирет.*

Интерактивдүү окутуунун максаты окутуунун жагымдуу шарттарын түзүүгө каратылган, мындай шарттарда угуучулар өздөрүнүн ийгиликтүүлүгүн сезишип, окутуу процесси жемиштүү болот.

Интерактивдүү көнүгүүлөрдүн жана тапшырмалардын негизги өзгөчөлүгү, алар буга чейин окулган материалдарды бекемдөөгө эле эмес, жаңы материалдарды үйрөнүүгө багытталган.

Интерактивдүү методдор өз ара кенен аракеттенүүгө алып баруучу менен эле эмес, окутуу процессинин катышуучуларынын активдүүлүгүнө, бири бири менен өз ара аракеттенүүсүнө багытталган. Интерактивдүү методдорду колдонууда окутуучунун ролу алмашат, ал борбордук алып баруучу болбостон, жалпы процессти жөнгө салат, жалпы уюштуруу менен алектенип, күн мурунтан керектүү тапшырмаларды даярдап, группаларда талкууланууччу суроолорду жана темаларды даярдайт, кеңештерди берип, белгиленген пландарды аткаруунун тартибин жана мөөнөтүн көзөмөлдөйт.

Катышуучулар социалдык тажрыйбаларга кайрылышат – өздөрүнүн жана башка адамдардын, анын ичинде алар бири бири менен коммуникацияда болушат, коюлган тапшырмаларды биргеликте чечишет, конфликттерди басып өтүшөт, жалпы түшүнүктөргө келишет жана компромисске барууну үйрөнүшөт.

**Интерактивдүү мини-лекция**

***Интерактивдүү мини-лекция -*** мини-лекциянын бир түрү болуп эсептелет жана теориялык материалды окуп үйрөнүүдө колдонулат. Керектүү маалыматтан тышкары, лектор берген материалдан башка, анда аны менен катышуучулардын активдүү аракеттенүүсү, суроолорду колдонуу, көрсөтмө материалдарды колдонуу жана презентация каралган.

*Мини-лекцияны өткөрүүнүн методикасы:*

Мини-лекцияны баштоонун алдында боло турган тема менен байланышкан суроо берүүгө болот, ал теманы актуалдаштырууга жардам берет, алардын темага болгон мамилесин жана маалымдуулук деңгээлин аныктоого көмөктөшөт.

Материал катышуучуларга жеткиликтүү тилде баяндалат. Ар бир терминге аныктама берүү керек. Теорияны баарынан жакшысы "жалпыдан жекеге" принциби боюнча түшүндүрүү жакшыраак.

Ар кандай маалыматты жарыялоодон мурун мугалим бул жөнүндө угуучулар эмне билээрин сурамжылайт. Кандайдыр бир түшүнүк пайда болгондон кийин катышуучулардын бул маселеге болгон мамилесин талкуулоо сунушталат.

Кийинки маселеге өтүүдөн мурун кыскача тыянак чыгаруу керек, аны менен бардык катышуучулар баарын туура түшүнүшкөнүн билип алуу керек болот. Баяндама жасалгандан кийин бардык келип чыккан суроолорду талкуулоо керек.

Бул сабактын максаты – угуучулар балдар эмгеги жана анын эң оор түрлөрү жөнүндө чынында эмне билишээрин билүү. Алардын ойлорун тактайга же флипчартка жазып коюңуз. Сабактын максатын жарыялагандан кийин угуучулардан өздөрүнүн күтүүлөрүн жазуу түрүндө берүүлөрүн сурануу максатка ылайыктуу болот. Бул ар кандай каалоолор болуусу мүмкүн: бирдемени билүү, бирдемеге үйрөнүү, өз суроолоруна жооп алуу ж.б. Демейде мугалим ар бир жолу көнүгүүнүн жаңы вариантын ойлоп таап турат.

Сабакты "Балдар эмгеги", "балдар эмгегинин эң оор түрлөрү" деген терминдерде силер эмнени түшүнөсүңөр?", "бул силерге эмнени билдирет?" деген жөнөкөй суроолорду коюу менен баштаңыз. Катышуучулардын, ушул мезгилде балдар эмгеги жөнүндө алар эмне билишет, башкалардан эмне угушту, гезиттен окуштубу же телевизордон көрүштүбү, же, мүмкүн балдар эмгегинин кандайдыр бир формасына өздөрү тартылышканбы, ушулар жөнүндө айтып берүүсүнө кырдаал түзүңүз. Ушундай тартипте коюлган суроолор мини-лекцияны группалык дискуссия менен толуктоого мүмкүнчүлүк берет.

***Группалык дискуссия*** – проблемалуу кырдаалды, маселени же тапшырманы биргеликте талкуулоо жана талдоо, мугалим жана угуучулар ортосунда билимдер, идеялар жана пикирлер менен эркин алмашуу.

Группалык дискуссия структураланган болуусу мүмкүн, т.а. талкуулоо үчүн коюлган суроолордун же темалардын жардамы аркылуу мугалим менен

башкарылуучу же структураланбаган, т.а. анын жүрүүсү группалык дискуссиянын катышуучуларына жараша болот.

Ар кандай дискуссия кандайдыр бир маселени, теманы же пикирди талкуулоого багытталып, алардын буга чейинки пикирлерин актуалдаштырып дискуссиянын жүрүүсүндө бекемделет.

Талкулоо угуучулардын кезеги менен чыгып сүйлөөлөрүн көздөйт. Бирок полемиканын пайда болуусу үчүн чыгып сүйлөөчүлөр эле эмес, башка катышуучулар да өздөрүнүн суроолору, баалоолору менен керектүү фонду түзүп, проблемалуу маселенин чектерин түзүшөт.

Дискуссиянын эң негизги шарты – анын предметтүүлүгү, ошондуктан мугалим талкуулоо берилген теманын чегинде өтүүсүнө көз салып туруусу керек.

Угуучуларга бул проблеманы ар кандай көз караштa кароого мүмкүнчүлүк берген жана дискуссияны активдештирүүчү кошумча суроолорду бериңиз:

- Биз балдар эмгеги деп айтканда, силердин оюңарча, балдардын жашы канчада?
- Бул балдарга эле тиешелүүбү, же кыздарга элеби, же экөөнө теңби?
- Биз кандай иштердин түрлөрү жөнүндө айтып жатабыз?
- Кайсы жэрде (кайсы тармактарда) балдар эмгеги бар? Дүйнөнүн кайсы бөлүгүндө, өлкөлөрдө, региондордо?
- Балдарга алардын иши үчүн акы төлөнөбү?
- Аларга жакшы мамиле жасашабы?
- Алар үйүндө жашашабы?
- Алар мектепке барышабы?

Бул – аларды ордунан жылдырууга, билимин текшерүүгө, баалоого, бул суроо жөнүндө дегеле ойлонушту беле, жана балдар эмгеги аларды жүйөлөйбү, ушуларды билүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Талкуулоо бүткөндөн кийин, ватман барагында жазылган “**балдар эмгеги**” жана “**балдар эмгегинин эң оор түрлөрү**” деген түшүнүктөр менен таанышуу, аны менен алардын балдар эмгеги жана анын эң оор түрлөрү жөнүндөгү түшүнүктөрүн аныктоо жана бекемдөө сунушталат.

*(ЭЭУнун №138 Конвенциясынан)*

***Балдар эмгеги*** *– акы төлөнүүчү, ошондой эле акы төлөнбөөчү психикалык, физикалык, социалдык же моралдык мамиледе балдар үчүн коркунуч туудурууучу же балдарга зыян келтирүүчү жумуш жана ишмердүүлүк. Балдардын эмгеги дегенде, эл аралык жана улуттук мыйзамдар менен чек коюлган жана бала үчүн коркунучтуу жана зыяндуу жумуштарды аткаруу түшүнүлөт.*

*Балдар эмгеги – бул 1) 12 жашка чейинки иштеп жаткан балдар; 2) жумасына 14 саатан көп иштеген 12-14 жаштагы балдар; 3) жумасына 43 сааттан көп иштеген 15-17 жаштагы балдар; 4) зыяндуу жумуштарда иштеген 18 жашка чейинки балдар.*

*(ЭЭУнун №182 Конвенциясынан)*

*Балдар эмгегинин эң оор түрлөрү – бул:*

*а) кулчулуктун бардык формаларын же кулчулукка окшогон практиканы, мисалы, балдарды сатуу жана алар менен соода жүргүзүү, карызга батыруу жана чептик көзкарандылык, ошондой эле, мажбурланган же милдеттүү эмгек, анын ичинде, куралдуу конфликттерде аларды колдонуу үчүн, мажбурлоого же милдеттендирүүгө тартуу сыяктуу;*

*б) сойкулук менен алектенүү, порнографиялык продукцияны өндүрүү же порнографиялык көрсөтүүлөрдү өндүрүү үчүн, баланы колдонуу, барымтага алуу же көндүрүү;*

*в) мыйзамсыз иш-аракеттер менен алектенүү, негизинен, алар ылайыктуу эл аралык келишимдерде аныкталгандай, наркотиктерди өндүрүү жана сатуу үчүн, баланы колдонуу, барымтага алуу же көндүрүү;*

*г) аны аткаруунун шарттары жана мүнөзү боюнча, балдардын ден-соолугуна, коопсуздугуна же ыймандуулугуна, зыян келтирүүчү жумуш.*

Терминдерди окуп үйрөнүүдө, барынан мурда, "балдар эмгеги" түшүнүгүнө эмне кирбейт тактап алуу керек. Балдар жана өспүрүмдөр менен алардын ден-соолугуна жана өнүгүүсүнө зыян келтирбеген, билим алуусуна тоскоолдук кылбаган жумуштарды аткаруусу "балдар эмгеги түшүнүгүнө кирбейт. Мындай жумуштарга балдардын ата-энелерине үй-иштеринде жардам берүүсү, мектептик каникулга эс алууга чыкканда балдардын чөнтөк чыгымдарына каражат иштеп табуусу ж.б. кирет. Мунун баары баланын тажрыйба алуусуна, келечекте коомдун толук кандуу мүчөсү болуусуна шарт түзөт. Ал эми "балдар эмгеги" түшүнүгүнө, баланы балалыктан, адамдык намыстан ажыраткан, анын физикалык жана психикалык өнүгүүсүнө зыян келтирүүчү, өзүнүн потенциялын өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратуучу жумуштар кирет.

Терминдерди талкуулоодон кийин, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинде берилген балдардын эмгегин жана анын эң оор түрлөрүнүн индикаторлорун аныктоо менен угуучуларды тааныштыруу жана талкуулоо керек, ошондой эле мугалим үчүн ресурстук материалдарда берилген мисалдарды келтирүү керек.

***Мугалим үчүн ресурстук материал***




**Балдар эмгегинин жана анын эң оор түрлөрүнүн индикаторлору**

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинде балдар эмгегин жана анын эң оор түрлөрүн аныктоо үчүн[2] **коркунучтуу жумушка** балдардын физикалык, акылдуулук,

[2] Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодекси, 2004

руханий, ыймандуу жана социалдык абалына жана өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизүүсү белгиленет.

Ушуга байланыштуу төмөнкү **индикаторлор** бөлүнүп берилет:

- Мектепке баруу көрсөткүчү, окууну жана ишти бирге алып баруу, окуу процессин үзгүлтүккө учуратуу;
- Иштеп жаткан баланын жумушчу сааттарынын санын тактоо (толук/толук эмес жумуш күнү);
- Балага зыян тийгизүүнүн бардыгы (электр жабдыктары, уулуу химикаттар, күндүн таасири, жогорку/ төмөнкү температура, оор жүктөрдү ташуу/көтөрүү, иштеп жаткандагы туура эмес физикалык абал, коркунучтуу айбандар, интоксикация, кирленген аба ж.б.у.с.);
- Чоңдор тарабынан зомбулук фактылары.

Баланын эмоционалдык өнүгүүсүнө таасирин тийгизүүчү **факторлор жана тобокелчиликтер:**

- Кайталануучу тапшырмалар;
- Убакыттагы чыңалуу;
- Сапаттагы чыңалуу;
- Куугунтуктоо, озеки кыянат (кополдук, сөгүнүү);
- Жетишсиз тамактануу түрүндө жазалоо;
- Билим алууга мүмкүнчүлүктөрү;
- Кызматтан өстүрүү;
- Потенциялын өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүктөрү;
- Жакшы аткарылган жумушка премия жана стимулдар.

**Жумуштагы бактысыз окуялар фактылары:**

- Травмалар;
- Зомбулуктун болуусу.

**Балдардын иштөө шарттары:**

- Тамактануу;
- Таза суу;
- Даараткана шарттары;
- Жарык берүү;
- Тез жардам комплекти/биринчи медициналык жардам көрсөтүүгө окуган адам;
- Эркин басып жүрүү;
- Башка адамдар менен эркин мамиледе болуу.

**Баланын жумуш оруну:**

- Көчө;
- Базар;
- Талаа;
- Калдыктар кампасы;
- Жабык жерде;
- Коопсуздугу.

**Балдар эмгегинин түрлөрү:**

- Жабык (үй кызматында);
- Өз эрки менен;
- Мажбурланган;

- Жалданган;
- Акы төлөнүүчү;
- "Ата-энеге жардам" катары акы төлөнбөөчү.




**Жумуштардын жана кесиптердин коркунучтуу түрлөрүнүн мисалдары[3]**

| Иштин түрү Өнөр-жай | Негизги иштер | Коркунучтар | Мүмкүн болгон кесепеттери |
|---|---|---|---|
| Кыш жасоо | Ылайды иштетүү (казуу, талкалоо, сүртүү, себүү жана аралаштыруу) | Силикат, калай, көмүр кычкыл газы, оор жүк ташуу, мештен күйүү, жабдыктар, мунжулукка дуушар кылуучу кырсыктар | Сөөк-тарамыш бузулуулар, жабыр тартуулар |
| Айыл-чарбасы | Техника менен иштөө, агрохимикаттар, жаныбарлар, дан эгиндерин жыйноо жана жүктөө | Техника коркунучу, коркунучтуу заттар (гербицциддер), оор жүктөрдү көтөрүү/ ташуу, өтө жогорку температура | Химиялык ууулануу (мурдатан бери жана күч алган), кесип алуулар жана башка жабыр тартуулар, оорулар |
| Килем токуу | Токуу станокторунда килемдерди кол менен токуу | Грибок жана споралар менен кирдеген жүн чаңдарын дем алуу, туура эмес олтуруп иштөө, жарык жетишсиздиги, жаман аба алмашуу, коркунучтуу химикаттар | Дем алуу органдарынын оорулары, сөөк-тарамыш оорулары, көзгө күч келүүсү жана көрүүнүн төмөндөөсү (эрте жашында көз оорулары), химиялык уулануулар, адистик эмес оорулардын күч алуусу |
| Курулуш иштери | Жер иштери, оор жүк ташуу, таштарды бөлүү/ талкалоо, кум жана цемент казуу, металл менен иштөө | Предметтердин кулап түшүү коркунчтары, курч предметтерди тебелеп алуу, бийиктиктен кулоо, чаңдар, жылулук, ызы-чуу, оор жүк көтөрүү | Ызы-чуудан, вибрациядан, зыяндуу заттардан ден-соолуктун начарлоосу, кулап түшүү сыяктуу, кырсыктардын, мунжулуктун кесепетинен ишжөндөмдүүлүгүнүн чектелүүсү |

[3] SCREAM: балдар эмгегине "стоп-сигнал". Билим берүү, чеберчилик жана массалык маалымат каражаттары аркылуу балдар укуктарын колдоо программасы.-Б.: 2014.-219 б.

| | | | |
|---|---|---|---|
| Тери иштетүү | Тери жана кайышты аштоо жана сактоо | Жегич химикаттар жана терилерден бактирияльк кир жугузуу | Антракоз, дерматит жана грибоктук инфекциялар |
| Таштанды жыйноо | Антисанитардык шарттарда кемсинткен жумуш, таштанды жайларындагы материалдарды жок кылуу, ага кошо, жылаңач кол менен ооруканалардын коркунучтуу заттарынан тартып, заводдордун химиялык калдыктарына чейин | Айнек/ металл менен кесип алуу, коркунучтуу заттар, чириген предметтердин жыттары, чымындардан ууллануу, тамак калдыктарын жеп алуу | Өлүмгө алып келүүчү кесип алуулар, химиялык ууланууллар, инфекциялык ооруларды жуктуруу, тамак-аштан уулануу, күйүктөр, (метан газдарынын топтолуусуна жана жарылуулардан) |
| Тамеки өстүрүү | Талаа шарттарында тамекинин жалбырактарын жыйноо, кургатуу, кырманга ташуу, тамеки жүктөө | Тамеки заттары менен дем алуунун таасири, тамеки тартууга чалдыгуу, оор жүк ташуунун кесепеттери | Кан оорусу, кан органдарынын жана иммунналык системанын; Инфекциялык жана паразиттик оорулар; Эндокриндик системанын; Сөөк тарамыштык системанын; Тери жана тери астындагы клетчатканын; Дем алуу органдарына таасири, ар кандай жабыр тартууларды алуу |
| Күрүч өстүрүү | Күрүч чабуу, жыйноо, ташуу | Яд химикаттардын таасири, инфекциялык жана паразиттик оруларды жуктуруучулар, өздүк гигиена үчүн шарттардын жоктугу | Кан оорусу, кан органдарынын жана иммунналык системанын; Инфекциялык жана паразиттик оорулар; эндокриндик системанын; Дем алуу органдарынын, жыныстык системанын оорулары |
| Пахта өстүрүү | Пахта терүү, Пахтаны көтөрүп ташуу | Пестициддер менен интоксикацияланууу, жер семирткичтер менен; инфециялык жана парзиттик оорулар менен арык суусунан оруга чалдыгуу, яд химикаттар ж.б. | Кан оорусу, кан органдарынын жана иммунналык системанын; Инфекциялык жана паразиттик оорулар; эндокриндик системанын; Дем алуу органдарынын, жыныстык системанын оорулары; Сөөк тарамыштык системанын, ашказан орулары |

## БОРБОРДУК АЗИЯДА БАЛДАР ЭМГЕГИНИН ЭҢ ООР ТҮРЛӨРҮ[4]

**(кыскартып алуулар)**

Балдар эмгеги деп, балдардын бактысына зыян келтирген, алардын билим алуусуна, өнүгүүсүнө жана келечек турмушуна тоскоолдук кылган жумуш аталат. Балдар эмгеги – бул өз табиятында же аткаруу жөндөмүндө балага зыян келтирген, аны зомбулукка жана эксплуатацияга чалдыктырган, эң негизгиси окуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыраткан жумуш.

Балдар эмгегинин коркунучтуу түрлөрү. “Коркунуч” термини “тобокелчилик” термини менен тыгыз ассоциацияланат. Бардык зыян келтирген нерселер коркунуч болуп эсептелет.

Бар болгон коркунучтун ишке ашырылуусунун кесепетинен балдардын өнүгүүсүнө, ден-соолугуна зыян келтирүү мүмкүнчүлүктөрү тобокелчилик деп аталат.

Балдар эмгеги кайдан келип чыгат? Балдар эмгегинин келип чыгуу факторлору тыгыз чырмалышкан. Бир катар негизги факторлорду белгилөө керек. Алардын ичинен биринчи үчөө (жакырчылык, билим берүү жана социалдык нормалар) башка бизнес тарабынан сунуш жана муктаждык факторлору болуп эсептелиши мүмкүн. Балдар эмгегинин бар болуусуна сунуш жана муктаждыктын катнашы өбөлгө түзөт.

*Балдар эмгегинин кубаттуу себеби болуп жакырчылык эсептелет.* Ата-энелер өз балдарын жумушка жөнөтүшөт же алардан үй-бүлөлүк фермаларда, ижарага алынган талааларда, иштөөнү суранышат, себеби үй-бүлөлөр балдар камсыздоого жөндөмдүү болгон кошумча каражаттарга муктаж жана төмөн кирешелерге ээ болушат. Жакырчылык баланы жумушка жөнөтүү чечимин кабыл алуунун маанилүү фактору болуп эсептелсе да, дагы көп башка факторлор бар.

*Үй-бүлөлүк бизнес жана фермалар, үй-чарбасы тарабынан балдар эмгегине муктаждык.* Көпчүлүк балдар өз ата-энелерине иштешет. Алар үй-жумуштарын аткарышат, бул ата-энелерине үйдөн тышкары: жер участкасында, кичи бизнесте же жалданып иштөөгө мүмкүнчүлүк берет. Сырттан ишке жалдоодон үнөмдөө үчүн, балдардан үй-бүлөлүк бизнесте иштөөнү суранышат.

*Башка бизнес тарабынан муктаждык.* Ишканалар ар кандай себептер менен балдарды ишке жалдашат. Сунуш факторлору көп болгондо,т.а. иш издеген балдар көп болсо, ишкана көбүрөөк балдарды ишке жалдайт. Көпчүлүк маданияттарда балдар эмгеги эмгек рыногунун салттуу бөлүгү болуп эсептелет.

Ишканалардын жана бизнес структуралардын балдарды ишке жалдоосунун негизги себептери төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

- *Жумушчу күчүнүн жетишсиздиги.* Эгин жыйып алуу мезгилинде ата-энелер жумушчу күчкө муктаж болуп, балдарды ишке жалдашат.

- *Арзан.* Балдарга чоңдорго караганда азыраак төлөшөт. Бирок, төмөн өндүрүмдүүлүктү компенсациялаган деңгээлдеги төмөн акы алган балдар гана эмгектин пайдалуу түрү болуп эсептелет.

[4] Кудайбергенова Д. Борбордук Азияда балдар эмгегинин эң оор түрлөрү/гезит. “Кутбилим” 17-декабрь, 2010-ж.

- *Жакыр үй-бүлөлөргө жардам.* Айрым учурларда жумуш берүүчү баланын жакыр үй-бүлөдөн экендигин билет жана анын үй-бүлөсүнө кошумча киреше киргизүү үчүн аны ишке жалдайт.

- *Баланы кароонун жоктугу.* Качан ата менен эне экөө тең иштегенде, мектепке жеткилик жок болгондо, баланы өздөрү менен жумушка алып кетишет. Мындай учурда ата-энесине жардам берүүсү же жумуш процессине балдарды тартуу үчүн анча көп эмес сумма төлөп берүүлөрү мүмкүн.

- *Жеңил башкарымдуулугу.* Балдар чоң жумушчуларга караганда, өз укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого жөндөмү аз келишет. Ошондуктан, айрым жумуш берүүчүлөр, ар кандай кырдаалдарда аларды жеңил башкарууга мүмкүн болгондуктан, балдарды ишке жалдоого кызыкдаар болушат.

- *Билбөө.* Балдар ар кандай коркунучтуу заттар менен иштөөнүн тобокелчиликтери жөнүндө билбөөлөрү мүмкүн жана коркунучтуу кырдаалдардан коркушпайт (бийиктикте иштөө, оор техника менен иштөө ж.б.).

**Сабактын практикалык бөлүгү**

Дискуссия берилген багытта жүрүп жатканына жана аны мындан ары өнүктүрүү керектигине ишенгенден кийин, мугалим алар башка өлкөлөрдө жана дүйнөдө балдар эмгеги жөнүндө эмне билишээрин катышуучулардан сураса болот. Эми алар билген темадан, алар ойлобогон суроого өтүү керек, т.а. дүйнөдө кайсы бир өлкөдө балдар ушундай эле шарттарда болуусу мүмкүн же мындан да оор шарттарда. Сабактын бул бөлүгүн группаларда аткаруу керек.

**Группаларда иштөө** – бул окутуунун белгилүү стратегияларынын бири, ал группанын ишине баарына катышууга, инсандар аралык сүйлөшүү, кызматташтык өнөрлөрүн практикада колдонууга мүмкүнчүлүк берет (активдүү угуу өнөрү, өз пикирин айтуу, жалпы пикирди иштеп чыгуу, келип чыгуучу кайчы пикирлерди чечүү).

Катышуучулар жалпы группадагы мүчөлөрдүн санына же талкууга коюлган тапшырмаларга жараша бир нече группаларга бөлүнүшөт. Группадагы иштин жыйынтыгында ар бир группа калган катышуучуларга өзүнүн иштеп чыкандарын презентациялайт.

Угуучулардын санына жараша, аларды үч группага бөлүшөт, алардын ар бирине төмөндө берилген ресурстук материал берилет:

1-группа: “Дүнөдө балдар эмгегинин таралуусу”;

2-группа: “Кыргызстанда пахта, күрүч жана тамеки тармактарында иштеп жаткан балдардын ден-соолук абалы жана эмгек шарттары”;

3-группа: “Балдар эмгегинин себептери жана кесепеттери”.

***Тапшырма:***

1. Алынган маалыматтарды окуп үйрөнүү, өз региондорунда иштеп жаткан балдар боюнча мисалдарды келтирүү, талкуулоо жана өз презентацияларын даярдоо.



**Дүйнөдө балдар эмгегинин таралуусу. Цифралар жана фактылар[5]**

- Дүйнө жүзүндө 18 жаштан төмөнкү курактагы иштеп жаткан балдардын саны 168 миллионду түзөт. Алардын ичинен 120 миллиондон көбүрөөгү – 5 жаштан 14 жашка чейинки куракта жана 48 миллиондон көбүрөөгү 15 жаштан 17 жашка чеийн.
- Болжол менен 85 миллион иштеп жаткан балдар коркунучтуу шарттарда иштешет. Алардын ичинен 38 миллиондон көбүрөөгү – 5 жаштан 14 жашка чейинки куракта жана 47 миллиондон көбүрөөгү - 15 жаштан 17 жашка чеийн.
- Дүйнө жүзүндө 4 жаштан 17 жашка чейинки курактагы 264 миллиондон көбүрөөк балдардын экономикалык активдүүлүгү эсептелген.
- Дүйнө жүзүндө 5 жаштан 17 жашка чейинки 352 миллионго жакын балдардын – экономикалык активдүүлүгү эсептелген.
- 144 миллионго жакын экономикалык активдүү балдар – 5 жаштан 14 жашка чейин жана 120 миллионго жакын экономикалык активдүү балдар – 15 жаштан 17 жашка чейин.
- Орточо алганда, 5 жаштан 17 жашка чейинки ар бир алтынчы бала, иштеп жаткан бала катары квалификацияланат.
- Болжол менен дүйнөдөгү иштеп жаткан балдардын 46 пайызы - 78 миллиону – Азияда жана Тынчокеандык региондо иштеп жаткан балдар.
- Үй иштериндеги – балдар эмгеги, балдар үчүн кенен тараган жана салттуу балдар эмгегинин формаларынын бири болуп эсептелет. Үй эмгеги көбүнчө кыздарга тиешелүү болот, себеби көпчүлүк элдердин маданиятында, кыздардын үй эмгеги, алардын тарбиясынын бир бөлүгү болуп эсептелет.

[5] SCREAM: балдар эмгегине “стоп-сигнал”. Билим берүү, чеберчилик жана массалык маалымат каражаттары аркылуу балдар укуктарын колдоо программасы.-Б.: 2014.-219 б.

- Шаарда жашаган үй-бүлөлөр көбүнчө өздөрүнүн тааныштары аркылуу айылдык балдарды ишке алышат, себеби айылда жашаган балдар көбүнчө кембагал же толук эмес үй-бүлөдөн же таштанды балдар болушат.
- Көпчүлүк учурда, өзгөчө, бул таштанды же жетим балдарга тиешелүү болгондо, алар ишберүүчүдөн толугу менен көз каранды болушат. Кырдаал көбүнчө кулчулукка окшоп кетет. Көбүнчө мындай балдардын айтуусунда, алар желген тамактарды жеп, эмгегине жарыбаган акы алып, же такыр эч нерсе албай, жерге жатып уктап, күч колдонуунун же сексуалдык зордуктоонун курмандыгы болуп, өздөрүнүн үй-бүлөсүнөн ажыратылып, мектепке кээде гана барат же өзү теңдүүлөр менен кээде гана ойношот.
- Үйдө иштөөчү балдардын көпчүлүгү – 12 жаштан 17 жашка чейин, бирок, кээбир изилдөөлөрдүн жыйынтыгында 5 же 6 жаштагы балдар үй кызматкери катары иштээри аныкталды.
- Үйдө иштөөчү балдар, адатта күнүнө 15-16 сааттан иштешет – көп кездешүүчү иш күнүнүн узактыгы.
- Иштеп жаткан балдардын көпчүлүгү – бул акы төлөнбөгөн жмушчу күч ( үй-бүлөдөгү кызматкерлер), өзгөчө айылда. Ал эми акы алгандардын айлыгы коюлган акыдан көп эсе төмөн, андан да, акы жынысына карап бөлүнөт, кыздар балдарга караганда азыраак алышат.
- Көпчүлүк балдар кечинде же түнкү мезгилде иштешет. Үй иштеринде иштеген кыздар кечке чейин иштеп, көбүнчө ишберүүчүнүн үйүндө калууга мажбур болушат жана көпчүлүгү түрдүү күч колдонууларга, сексуалдык зордуктоого туш келишет.
- Балдарды кээде сатышат – кулчулук дагы эле бар.
- Көбүнчө кожоюндар балдарды өздөрүнүн арендаторлорунда иштөө үчүн сатып алышат, же система боюнча, ижарачылар айылдык үй-бүлөлөргө алардын балдарынын иши үчүн аванс төлөшөт – айыл чарбасында, үй ичинде, текстил өнөр-жайында жана килем токууда, жер алдынан кен казууда же кирпич өндүрүүдө.
- Өткөөл мезгилдеги экономикалуу өлкөлөрдө (Борбордук жана Батыш Европа өлкөлөрү) кыздарды сатуу өсүүдө.
- Баланын мектепке барган ар бир жылы балдарды эмгекке тартуу мүмкүнчүлүгүн төмөндөтөт.



**Кыргызстанда пахта, күрүч жана тамеки тармагында иштеп жаткан балдардын ден-соолук абалы жана эмгек шарттары**[6]

**Айыл-чарбасынын бул тармактарында иштеп жаткан балдардын социалдык-экономикалык шарттары:**

- Үй-бүлөлөрдүн төмөн деңгээлдеги кирешеси;
- Төмөн деңгээлдеги үй-тиричилик шарттары;
- Үй-бүлөлөрдүн көп балалуулугу;
- Ата-энелердин жогору эмес билимдүүлүгү;
- Улуттук салттардын таасир деңгээли;
- Стресс кырдаалдардын болуп турuусу.

**Эмгектин мүнөзү жана режими:**

**Күрүч өндүрүүдө балдар эмгеинин оордук жана чыңалуу көрсөткүчтөрү:**



- Бир жумуш күнүндө бала орто эсеп менен 140.000 кг*м жүк көтөрөт;

[6] Кыргыз Республикасынын пахта, күрүч жана тамеки тармагында иштеп жаткан балдардын ден-соолук абалын жана эмгек шарттарын гигиеналык баалоо, КФ "Позитив хелп", Бишкек, 2007.

- Жумуш күнүнүн 70% бала денесине туура келбеген абалда эмгектенүүгө мажбур, ийилип же эңкейип денесинин 45-90% кыйналат;

- Жумуш күнүндө ийилүүлөрдүн саны 19 440 жолу;

- Ар бир жумуш саатында көтөрүлүүчү жүктүн массасы 175-220 кг түзөт;

- Талаада басып жүрүүнүн узундугу 3,0-7,6 км түзөт;

- Жумуш күндүн узактыгы 10-12 сааты түзөт;

- Түшкү тамакка тыныгуудан башка эс алуу убактысы каралган эмес.

**Пахта өндүрүүдө балдар эмгеинин оордук жана чыңалуу көрсөткүчтөрү:**



- Балдар 26000-44000 кг*м туура келген динамикалык физикалык жүк менен иштөөгө кабылышат;

- Жумуш күндүн 90% балдар ийилип, эңкейип иштөөгө мажбур;

- Ийилүүлөрдүн саны бир балага 9000 жолу туура келет;

- Стререотиптүү кыймылдын саны 18000-20400 бирдикке туура келет;

- Статистикалык күч келүү 8640-10000 бирдикти түзөт;

- Талаада басып жүрүүнүн узундугу 2,0-5,5 км түзөт;

- Жумуш күнүнүн узактыгы 10-12 саат;

- Жумуш мезгилинде ес алуу каралган эмес.

***Тамеки өндүрүүдө балдар эмгегинин оордук жана чыңалуу көрсөткүчтөрү:***

- Бир жумуш күнүндө бала орто эсеп менен 9750 кг*м жүк көтөрөт;

- Жумуш күндүн 90% балдар ийилип, эңкейип иштөөгө мажбур;

- Ийилүүлөрдүн саны бир балага 6480 жолу туура келет;

- Регионалдык балага күч келүүнүн өлчөмү 15840 бирдикти түзөт;

- Талаада басып жүрүүнүн узундугу 1,5-3,0 км түзөт;

- Жумуш күнүнүн узактыгы 10-18 саат (күндүз, түнкүсүн);

- Жумуш мезгилинде эс алуу каралган эмес;

- Ден-соолугуна зыяндуулук бар (тамекинин алкалоиддери менен ууланyу).



***Эс алуу режими:***

- Иштеп жаткан балдардын 75% толук укташпайт (орто эсеп менен 4-5 гана укташат), ошол эле мезгилде иштебеген балдардын 93% толук укташат (8 сааттан көбүрөөк).

**Жумуш күнүнүн башталышы жана узактыгы:**

- 50% көбүрөөк балдар 5 жашынан тартып иштешет;
- Балдардын көпчүлүгү технологиялык процесстин бардык стадияларында талаа жумуштарынын барында иштешет;
- Тамеки өндүрүүдө 63% балдар суткасына 11 сааттан көп иштешет (18 саатка чейин);
- Күрүч жана пахта өндүрүүдө балдардын көпчүлүгү күнүнө 6-10 саатан иштешет.

**Тамактануунун мүнөзү жана режими**

**Тамактануунун эсеби тамактануунун физиологиялык нормаларына туура келбейт:**

- Иштеп жаткан балдардын 60% суткасына 2 жолу гана тамактанышат, 20% балдар суткасына 1 эле жолу тамактанышат. Салыштыруу үчүн иштебеген балдардын 60% суткасына 3 жолу тамактанышат, ал эми 40% 4 жолу тамактанышат.

**Белгиленди:**

- Эт жана балык азыктары менен жетишсиз тамактануу ((иштеп жаткан балдардын 60% жумасына 1-2 жолу, 25% - айына 1 жолу тамактанат);
- Сүт жана сүт азыктары менен жетишсиз тамактануу (иштеп жаткан балдардын 60% жумасына1-2 жолу, 25% - айына 1 жолу тамактанат);
- Мөмө, жашылча жана жемиштер менен жетишсиз тамактануу (балдардын 30% жумасына 1-2 жолу гана);

- Балдардын 83% углеводдук тамактануусун айтышкан (нан, макарон жана крупа азыктары).




**Көрсөтүлгөн тармактардагы жумуш шарттары:**

- Абанын жогорку температурасы;
- Нымдуулуктун төмөндүгү;
- Күндүк радиациянын жогорулугу;
- Шамалдатылбаган жайларда тамеки менен иштөө;
- Тамекинин суу жалбырактарын кармап иштөө;
- Тамекинин алкалоиддери, пестициддери, минералдык жер семирткичтери менен ууланyy;
- Арык суусун ичип, инфекция ооруларына чалдыгуу;
- Ысык тамак ичүүгө шарттардын жоктугу;
- Дайыма муздак суунун таасири;
- Уулуу химикаттардын таасири;
- Жылан, чиркейлердин чагуу коркунучу (малярия оорусу);
- Өздүк гигиена шарттарынын жоктугу;
- Оор чыңалган эмгек.

Кыргыз Республикасынын пахта, тамеки жана күрүч өндүрүү тармактарында иштеп жаткан балдардын эмгеги, балдар эмгегинин эң оор түрлөрүнө кирет.

## Эмне үчүн балдар ден-соолугу үчүн чоң тобокелчилик шарттарында болушат?

### Иштеген жана иштебеген балдардын паталогиялык салыштырмасы (100 балага)




*Иштеген жана иштебеген балдардын арасындагы орулуулук*

Биологиялык алсыздыктан караганда, төмөнкү фактыларды көңүлгө алуу керек:

- Органдар жана тканьдар ар кандай ылдамдык менен жетилишет, ошондуктан конкреттүү алсыз курак аныкталбайт. Ал бала качан алсызыраак куракта болуп, коркунучтун жана тобокелчиликтин деңгээлине жараша болот;
- Бала төрөлгөндө анын мээси толугу менен өрчүбөйт. Нейрондордун толук саны 2 жашка чыкканда толукталат, ал эми мээнин минералдашуусу өспүрүмдүк куракта жетилет; ар кандай уулуу заттардын таасири толук жетилүү процессине тоскоолдук кылуусу мүмкүн;
- Ашказан-ичеги тобу, эндокриндик жана репродуктивдүү система, ошондой эле бөйрөктөрдүн функциялары төрөлгөндө толук жетиле элек болот жана алар бала жана өспүрүм кезде жетилишет, андыктан коркунучтуу заттардан арылтуу эффективсиз болот. Улуу заттардын таасири жетилүүгө токоолдук кылуусу мүмкүн;
- Бала кезде ферменттик система жетиле элек болот, ал себептүү коркунучтуу заттарды детоксикациялоо эффективсиз болот;
- Балдардын бөйрөктөрү чоңдордукуна караганда жетиле элек болгону үчүн, уулуу заттарды денеден чыгаруу эффективсиз болот;

- Көпчүлүк клеткалар балдардын органдарында жана ткаьдарында чоңдордукуна караганда азыраак болушат. Ошондуктан алардын денелери чоңдордукуна караганда тери аркылуу токсикалык заттар менен көбүрөөк ууланышат;

- Балдардын метаболизми жана кислород менен дем алуусу чоңдордукуна караганда жогору болот, ошол себептүү дем алуу аркылуу алар уулуу жана токсикалык заттар менен көбүрөөк дем алып ууланууу коркунучу көбүрөөк болот;

- Балдар чоөдорго караганда көп энергияны талап кылат. Энергиянын жогорулоосу менен, алар токсиндерди кабыл алуу коркунучуна туш келишет;

- Тер чыгаруу бездери толук жетилбегендиктен дененин термо-жөнгө салуу системасы толук иштебегендиктен алар суука жана ысыкка чыдамсыз болушат;

- Балдар терең жана бат дем алуусу үчүн алар респиратордук система аркылуу токсиндерди кабыл алуусу мүмкүн;

- Эс алып жаткан баланын өпкөсүнө кирүүчү абанын көлөмү чоңдордукунан эки эсе көп болот. Ошол себептүү балдар токсикалык заттарды чоңдорго караганда көбүрөөк кабыл алуусу мүмкүн;

- Кичине балдар чоңдорго караганда көп энергияны жана суюктукту талап кылышат, алардын дем алуусу жана кыймылдоосу үчүн көп энергия жана суюктук сарпталат, ошол себептүү балдардын организмдери дайыма суюктукка муктаж болуп суусуздукка кабылуусу мүмкүн;

- Телонун массасына салыштырганда балдардын тери катамары чоңдордукуна караганда 2,5 эсе көбүрөөк болот. Тери катмары толугу менен жыныстык жетилүүдөн кийин гана өнүгөт, ошол себептүү балдар тери аркылуу заттарды көбүрөөк кабыл алышат;

- Балдардын териси жука болгондуктан, ал аркылуу ар кандай заттар денеге сиңип турат;

- Бала кезде металлдар мээде жакшы сакталат, ошол себептүү коргошун жана сымап менен ууланууу коркунучу бар;

- Балдар психологиялык толук жетилбегендиктен жумушта негизделген, жүйөлүү чечимдерди кабыл ала алышпайт;

- Балдар ишти жакшы аткарууга умтулушат, ошондуктан алар анын кесепетин билбей туруп, артыкча жумуш аткарууга барышат;

- Балдар чоңдордон туура эмес тарбия алып, ден-соолугун сактоонун жолдорун жана коопсуз жумуш аткаруунун эрежелерин билишпейт, көбүнчө кароосуз болушат. Уюштуруу жана укук жагынан алар алсыз болушат.

## Балдар эмгегинин себептери жана кесепеттери[7]

***Билим алууга жетишээрликсиз жеткилик.*** Эмне себептен балдар мектепке барбай ишке баруусунун көптөгөн себептери бар. Көпчүлүк өлкөлөрдө баштапкы билим алуу бекер эмес жана бардык балдар үчүн дайыма жеткиликтүү эмес. Мектеп бар жердин баарында эле билим берүүнүн сапаты жана мазмууну анчалык жогору эмес. Билим алуу мүмкүн эмес же ата-энелер билим алуунун баалуулугун көрүшпөгөн учурда, балдарды мектепке эмес, жумушка берүүнүү ыраа көрүшөт. Бул өзгөчө жакырчылыкта жашаган балдарга тиешелүү, ошондой эле, колунда жок, социалдык жана маданий артта калган же коомдон ажыралган группаларга тиешелүү. Жыйынтыгында, мындай балдар эзип иштетүүнүн курмандыгына жеңил айланышат.

***Жакырчылык.*** Чынында, жакырчылык балдар эмгегинин практикалык жеңалгыс себеби болуп эсептелет. Жакыр үй-бүлөлөр акчага муктаж, ал эми балдар бар болгону үй-бүлөлүк кирешенин 20-25 пайызга (төрттөн бир бөлүгүнө) жакынын алып келишет. Жакыр үй-бүлөлөр өздөрүнүн кирешесинин негизги бөлүгүн тамак-ашка жумшагандыктан, иштеп жаткан балдардын үйгө алып келген кирешелери жашоо үчүн маанилүү. Бирок, жакырчылык сөзсүз балдар эмгегинин себеби болуп кызмат кылат деп айтуу туура эмес болот. Баары кырдаалдан көз каранды. Мисалы, кээ бир региондордогу жакыр өлкөлөрдө балдар эмгеги – көп кездешүүчү кубулуш болгону менен, башка жакыр өлкөлөрдө ошол эле региондордо кырдаал башкача. Индиядагы Керала штатында, мисалы, ал жакыр өлкө болгонуна карабастан, балдар эмгеги толугу менен жоюлган. Өлкөлөр бирдей жакыр болуусу мүмкүн, бирок балдар эмгегинин деңгээли салыштырмалуу жогору же төмөн болот.

***Салттар.*** Кээ бир региондордо балдардын ата-энесинин жолун жолдоосу салттуу болуп эсепетелет. Айталык, эгерде үй-бүлө кандайдыр-бир өндүрүштүн коркунучтуу түрү менен алек болсо, мисалы, тери аштоо, балдардын бул процесске тартылуу мүмкүнчүлүгү жогору. Акы төлөө иштегенине жараша болгон, өнөр-жай тармактарында, балдардан үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнө “жардам” берүүнү талап кылышат – бул курулушта жана үй иштеринде адаттагы көрүнүш.

***Өзгөчө алсыздык.*** Коркунучтуу шарттардагы балдар эмгеги эң эле алсыз үй-бүлөлөрдүн арасында көп тараган – алардын кирешелери чыгашаларын жабууга, мунжулук алган учурда же үй-бүлөдөгү чоң адамдын оорусуна медициналык жардам алууга жана башка чыгымдарды төлөөгө жетишпейт. Мындай үй-бүлөлөр көбүнчө карызга батышат же карыз коркунучунда, балдар эмгегинин коркунучтуу жана карызга батуу формаларынын фактору - карыздан кутулуу үчүн балдарды сатышат.

**Балдар эмгегине кардарчылык**

[7] SCREAM: балдар эмгегине “стоп-сигнал”. Билим берүү, чеберчилик жана массалык маалымат каражаттары аркылуу балдар укуктарын колдоо программасы.-Б.: 2014.-219 б.

Эмне үчүн ишберүүчүлөр балдарды ишке жалдашат? Эң жөнөкөй жооптор болуп, алардын эмгегинин арзандыгы жана колдорунун бардык нерсеге жөндөмдүүлүгү эсептелет.

Балдарды ишке алуунун негизги себеби экономикалык мүнөздө эмес. Негизинен, балдарды башкаруу жеңил, себеби, алар өздөрүнүн укуктары жөнүндө толук маалымат билишпейт, ызы-чуу салбай, айтканды аткарышат, көбүнчө ишенчээк болушат жана иштен качпайт. Группада дискуссиянын жүрүүсүндө маселенин ушул жактары жакшы каралгандыгын тактап, бул суроолор боюнча катышуучулардын пикирин сураңыз? Бул аныктоолор боюнча, алар эмне ойлошот? Алар каршы болуштубу, ачууланыштыбы, кайдыгер караштыбы же ишенишкен жокпу? Мындай чыдагыс мамиледе балдарды пайдалануу ташбоорчулук болуп көрүнөт, ошондуктан, катышуучулардын бул боюнча бир-нерсе айтуусуна биз ишенебиз.

***Эмгектин эң оор түрлөрүнүн балдардын ден-соолугуна тийгизген кесепеттери.*** Балдар чоңдордон ден-соолук жана психикалык айырмалангандыктан, алар чоңдорго караганда, иште коркунучтарга көбүрөөк чалдыгышат. Аң-сезими толук жетиле элек болгондуктан, алар иш орундарында болуучу потенциалдык коркунучтар жөнүндө толук маалыматка ээ эмес.

Балдардын ден-соолугуна жана өнүгүүсүнө эмгектин коркунучтуу шарттарынын таасири өтө оор болуусу мүмкүн. Иштеги денеге күч келтирүү, оор жүктөрдү ташуу, өзгөчө иштерге мажбурлоо, өсүп жаткан жаш организмди өзгөртүп же өмүр бою мунжу кылып коюусу мүмкүн. Балдардын химикаттардын жана радиациялардын таасирин, чоңдорго караганда, тез кабыл алуусу жана алардын ооруларга туруксуздугу жөнүндө далилдер бар.

Балдар, ошондой эле, чоң адамдарга салыштырмалуу, ден-соолугуна, сексуалдык жана эмоционалдык ташбоор мамилеге алсыз болушат, өздөрү жашаган жана иштеген жерден алынуучу психикалык жабырлардан терең кыйналышат. Өзгөчө, бул эң эле кичинекей балдарга жана кыздарга тийиштүү.

Эмгек коопсуздугу жана коргоо боюнча эксперттер айыл-чарбасын, балдар эмгеги эң чоң пайызда белгиленген чөйрө катары баалап жатышат, тагыраак айтканда, эмгек чөйрөсүнүн эң эле коркунучтууларынын бири. Аба-ырайынын таасири, жаш организм үчүн өтө оор иштер, кырсыктар, курч инструменттер менен бир жерин кесип алуу жана башкалар сыяктуу – бул балдар дайыма кездештирүүчү коркунучтар. Айыл-чарбасындагы заманбап ыкмалар башка коркунучтарды туудурат, мисалы, токсикалык химикаттарды колдонуу жана мотолонгон жабдыктар. Талааларда тракторлордун, жүк ташуучу унаалардын жана оор вагондордун кулоосунан көп балдар өлүмгө дуушар болушат.

Көпчүлүк өлкөлөрдө балдар эмгегиндеги коркунучтарга жана ден-соолугуна зыяндууларга: билим алууга жана медициналык жардамга мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу, санитариясыз жана эң жаман жашоо шарттары жана айыл жериндеги эң төмөн деңгээлдеги тамактануусу кошулат. Айыл-чарба чөйрөсүндө укук коргоо жоболору аз. Көпчүлүк өлкөлөрдө, балдар иштеген үй-бүлөлүк ишканалар мыйзам чөйрөлөрүнөн алынган. Ал тургай, укук коргоо бар болсо да, айыл-чарба чөйрөсүнүн географиялык кенен түрдүүлүгүнөн, балдар эмгеги жөнүндө мыйзамды аткаруу кыйын маселе болуп эсептелет.

**Группалардын иштерин презентациялоо**

***Презентациянын*** өзүнүн өзгөчөлүктөрү бар: аз убакытта көп маалымат берүүгө болот, анын ичинде катышуучулар жакшы түшүнүп, эстеп калышат. Презентацияга даярданууда группанын мүчөлөрү материалды окуп чыгышат, аны талдашат, талкуулашат, жалпы пикирге келишет, ролдорду бөлүштүрүп, чыгып сүйлөөнүн планын түзүшөт. Мындан тышкары, алар ватман кагазында тезистер түрүндө, схемалар жана графиктер менен өздөрү иштеп чыккан маалыматтарды көрсөтүү аркылуу чыгып сүйлөөнү даярдоону үйрөнүшөт.

Ар бир группанын презентациясынан кийин, суроолор берилет, кошумчалар жана группанын башка катышуучуларынын пикирлери угулат. Мугалим ар бир группанын презентациясына тыянак чыгаруусу мүмкүн.

**Сабактын жыйынтыгын чыгаруу**

Презентациялардын жыйынтыктары боюнча сабакты бүтүрүү чечимине келсеңиз, группаны чогултуп, анын жыйынтыгын чыгарууңузду айтыңыз.

***Резюме:*** Балдар эмгеги чынында эле алсыз балдарды эксплуатациялоонун жолу, жана бул эң оор психологиялык травмаларга, меенин акырын өнүгүүсүнө, ал тургай өлүмгө да алып келүүсү мүмкүн. Бул кыйын турмуштук абалдагы балдарды, балдар дүйнөсүнүн эң оор чөйрөсү менен таанышуусу.

Эми группа балдар эмгеги деген эмне жана ал кайдан келип чыгаарын жакшы түшүнөт. Сиз бул теманы деталдаштырып ачпасаңыз да, мындан ары, биринин артына бири болуп бул тема ачыла берет, анын артында балдардын эмгеги турарын группа билет.

## Тема 1.2. Эл аралык жана улуттук нормалар жана балдар эмгеги менен күрөшүү боюнча демилегелер

***Сабактын максаттары:***

1. Негизги эл аралык жана улуттук нормалар жана балдар эмгеги менен күрөшүү боюнча демилгелер менен таанышуу.

2. 138 жана 182 Конвенцияларды, Кыргыз Республикасында кыйын турмуштук кырдаалдагы балдарды жана үй-бүлөлөрдү аныктоо тартиби жөнүндөгү Жобону үйрөнүү боюнча практикалык сабак өткөрүү.

***Ресурстук материалдар:*** ватман, ручкалар, карандаштар, маркерлер, укуктук – нормативдик актылардан алынган тексттер: №138 жумушка кабыл алуудагы минималдык курак жөнүндөгү Конвенция, №182 балдар эмгегинин эң оор түрлөрү жөнүндөгү Конвенция, Кыргыз Республикасында кыйын турмуштук кырдаалдагы балдарды жана үй-бүлөлөрдү аныктоо тартиби жөнүндөгү Жобо.

***Методдор*****:** интерактивдүү мини-лекция, дискуссия, группаларда иштөө, демонстрация, презентация.

**Интерактивдүү мини-лекция**

Сабакты төмөнкү суроолор менен баштаңыз: “Силер кандай эл аралык нормалар жана балдар эмгеги менен күрөшүү боюнча демилгелерди билесиңер? ” Кыргызстанда балдар эмгеги боюнча кандай мыйзамдык-укуктук документтер кабыл алынган?” Эл аралык Эмгек уюму (ЭЭУ) жана ЭЭУ-ИПЕК программасы жөнүндө эмне билесиңер, жана алар балдар эмгеги менен күрөшүүдө кандай рол ойношот?

Мүмкүн, угуучулардын айрым бөлүгү кээ бир документтер жөнүндө билсе керек, бирок көпчүлүгү үчүн бул тема кызыктуу болот, ошондуктан мини-лекцияда демонстрацияны колдонуу менен аларды тааныштырып чыгуу керек.

***Демонстрация*** (лат. Demonstration – көрсөтүү, баса белгилөө) – бир нерсени көз алдында көрсөтүү.

Мисалы, бул жалпыга түшүндүрүп берүүнү талап кылган, тема боюнча слайддар, сүрөттөр, схемалар, диаграммалар болуусу мүмкүн.

***Мугалим үчүн ресурстук материал***

## Эл аралык нормалдардын жана балдар эмгеги менен күрөшүү боюнча демилгелердин топтому

Эл аралык Эмгек уюму (ЭЭУ) балдар эмгеги менен күрөшүүгө тиешелүү болгон көпчүлүк документтердин демилгечиси болуп эсептелет.

***Эл аралык Эмгек уюму (ЭЭУ)*** – адам укуктарынын жана эмгек укуктарынын эл аралык таанылуусуна жана социалдык адилетүүлүккө жетишүүгө шарт түзүүчү, Бириккен Улуттар уюмунун (БУУ) атайын агенттиги болуп эсептелет.

ЭЭУ конвенциялар түрүндө эл аралык эмгек стандарттарын иштеп чыгат, төмөндөгүдөй минималдык негизги эмгек стандарттарын коюу менен:

- Бирикмелердин эркиндиги;
- Коллективдик сүйлөшүүлөргө жана уюштурууга укук;
- Мажбурлаган эмгекти алып салуу;
- Мүмкүнчүлүктөр теңдиги жана билим алууга теңдик;
- Эмгек мамилелери менен байланышкан, башка стандарттарды жана балдар эмгегин жок кылуу.

Балдар эмгегин жоюу ЭЭУ жарыялаган тапшырмалардын маанилүү курамдык бөлүгү болуп эсептелет – баары үчүн татыктуу эмгек шарттарын камсыздоо. ЭЭУ балдар эмгеги менен күрөшүүнү өз алдынча проблема катары карабайт, аны ал мамлекеттин экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн ажырагыс бөлүгү катары карап, ага мамлекеттик күч аракеттердин талап болуусун белгилейт, ошондуктан ал №138 жана №182 балдарды жумушка кабыл алуунун минималдык курагы жана балдар эмгегинин эң оор түрлөрү жөнүндөгү манилүү документтерди демилге көтөрүп кабыл алды.

***Конвенция*** **–** бул, мүчө-мамлекеттер менен ратификацияланылуучу, эл аралык келишим. Мүчө-мамлекет конвенцияны ратификациялоо менен, андагы берилген жоболордун баарын мыйзам чегинде аткарууга милдет алат, ошондой эле бул конвенция боюнча аткарылган жумуштар боюнча эл аралык көзөмөл уюмдарына убагы менен отчет берип турат.

**Балдар эмгегин жоюу боюнча эл аралык программа (ИПЕК)**




ЭЭУ демилгелеринин бири болуп, Балдар эмгегин жоюу боюнча эл аралык Программаны (ИПЕК) ишке ашыруу эсептелет, ал 1992-жылы ЭЭУнун узак мөөнөттүү - балдар эмгегин чыны менен жок кылууга жетишүү - максатына жетишүү үчүн күч аракеттерин активдештирүү үчүн түзүлгөн. Андан бери ИПЕК бекемделди жана балдар эмгеги боюнча дүйнөдөгү ири атайын программага, ошондой эле техникалык кызматташтыктын жана эл аралык эмгек уюштуруунун маанилүү программасына айланды.

**ИПЕК ишмердүүлүгүнүн айрым фактылары:**

2008-жылы ИПЕК жакынкы беш жылдыкка өзүнүн пландарын түздү:

- Балдар эмгегинин маселелери боюнча күчтүү билимдин жана тажрыйбанын борбору катары өзүнүн абалын бекемдөө;
- Максаттуу чараларды жана методикалык сунуштамаларды иштеп чыгуу үчүн кызмат кылган маалыматтарды, илимий изилдөөлөрдү топтоо тармагында өз потенциялын жогорулатуу;
- Балдар эмгеги менен күрөшүү максатында борбордук техникалык кызматташтык программасы болуп калууну улантуу;
- Региондор арасында жана континенттер ортосунда техникалык кызматташтыкка шарт түзүү;

- Балдар эмгегине каршы кыймылдарды күчөтүү жана бул кыймылды ЭЭУнун жетекчилик ролунда болуу;

- ИПЕК ишмердүүлүгүн ЭЭУнун программаларына интеграциялоо менен, биринчи кезекте татыктуу эмгектин өлкөлүк программаларына интеграциялоону улантуу.

2009-жылы ИПЕК ишмердүүлүгү дүйнөнүн 92 өлкөсүнө тараган. 2008-2009-жылдары ИПЕК ишмердүүлүгү тикеден 300 миң балага пайдасын тийгизген, ал эми кыйыр пайдасы 52 млн балага тийген.

Акыркы жылдары көпчүлүк мамлекеттердин жетекчилери бир катар демилгелерди кабыл алуу менен маалыматтык түшүндүрүү иштеринде, өнөктөштүк мамилелерди бекемдөөдө, бизнестин социалдык жоопкерчилигин жогорулатууда жана илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө маанилүү ийгиликтерге жетишишти.

Балдар эмгегин акырындык менен жоюу жана бүт баарына билим берүүнүн маселелери эл аралык документтерде тыгыз байланышкан. Бир тарабынан, билим берүүнүн сапаты балдар эмгегин жоюунун негизги элементи болуп эсептелет, жана бардык балдарды коргоону камсыздоочу шарттарды түзүүгө көмөктөшөт. Башка тарабынан, балдар эмгеги – балдарга мектепке барууга тоскоолдук кылуучу, толук кандуу билим алуу мүмкүнчүлүгүн бербөөчү-негизги факторлордун бири болуп эсептелет.

Балдар эмгегинин маселелерин билим берүү системасына интеграциялоо, саясат түзүү деңгээлинде бул эки багытты байлаштырууга мүмкүнчүлүк берет. Ошентип, балдар эмгегинин маселелерин чечүү боюнча күч аракеттер билим берүү тармагында саясаттын, стратегиянын жана кыймыл аракеттердин ажырагыс бөлүгү болууда.

**Балдар эмгеги жөнүндө эл аралык документтердин хронологиясы**

| Датасы | Кабыл алынган документтер |
|---|---|
| 1919-ж. | Биринчи эл аралык конференция, балдар эмгеги менен күрөшүүгө багытталган биринчи эл аралык конвенцияны кабыл алган – Өнөр жайында балдарды ишке алуунун минималдык курагы жөнүндөгү Конвенция (№5) |
| 1930-ж. | Эмгекке мажбурлоо жөнүндөгү биринчи Конвенция (№29) |
| **1973-ж.** | **Минималдык курак жөнүндөгү Конвенция (№138)** |
| 1992-ж. | ЭЭУ Балдар эмгегин жоюу боюнча эл аралык программаны бекитет (ИПЕК) |
| 1997-ж. | Амстердамдагы жана Ослодогу эл аралык конференциялар эл аралык коомчулукка балдар эмгегинин проблемасын терең түшүнүп, стратегияларды иштеп чыгуу керектигин айтышты |
| 1998-ж. | ЭЭУ Эмгек чөйрөсүндөгү негизтүзүүчү принциптер жана укуктар жөнүндөгү Декларацияны кабыл алды (биригүүгө эркиндик, мажбурлаган эмгекке чек коюу, балдар эмгегин жоюу ж.б.) бардык ЭЭУ мамлекеттери милдеттеништи |

| | |
|---|---|
| 1999-ж. | ЭЭУ № 182 - балдар эмгегинин эң оор формалары жөнүндөгү Конвенцияны кабыл алды (балдардын ден-соолугуна психикалык, физикалык жана ыймандык зыян келтирүүчү эмгектин эң оор түрлөрүнүн кесепеттерине чек коюу ж.б.) |
| 2002-ж. | ЭЭУ өзүнүн биринчи глобалдык баяндамасын жарыялап, **12-июньду Балдар эмгеги менен күрөшүүнүн Бүткүл дүйнөлүк күнү** деп жарыялайт. Уюм балдар эмгеги менен иштеп жаткан 80 өлкөгө жардам берүүдө |
| 2004-ж. | ЭЭУ жүргүзгөн биринчи балдар эмгегин жоюу боюнча чыгашалардын глобалдык талдоосунда, келтирилген пайда чыгашадан 6 эсе жогору экендиги аталды |
| 2006-ж. | ЭЭУ 2016-жылга балдар эмгегинин эң оор түрлөрүн жоюу боюнча глобалдык кампанияга киришет |
| 2008-ж. | ЭЭУ адилеттүү глобализациялоо максатында, социалдык адилеттүүлүк жөнүндөгү Декларацияны кабыл алды, анда балдар эмгегине чек коюу каралагн |
| 2009-ж. | ЭЭУнун 183 мүчө-мамлекеттери экономикалык жана жумушсуздук глобалдык кризисинен чыгуу боюнча жетекчилик катары, жумуш оруундары жөнүндөгү Глобалдык пактты бир добуштан кабыл алышты |
| 2010-ж. | ЭЭУ балдар эмгеги боюнча үчүнчү глобалдык баяндамасын жарыялады, анда азыркы иш-аракеттердин мүнөзү жана темптери 2016-жылга дүйнөдөгү балдар эмгеинин эң оор түрлөрүн жоюуга мүмкүнчүлүк бере албастыгы айтылат |
| 201-ж. | Балдар эмгегинин маселелери боюнча Гаагада глобалдык конференция өткөрүлдү, анда 2016-жылга коюлган максаттарды тездетүү, №138, 182 Конвенцияларды ратификациялоо жана ишке ашыруу маселелери каралды |

Азыркы мезгилде балдар эмгегин жоюу боюнча глобалдык кампания кризиске учуроодо. ЭЭУнун Декларациясын ишке ашыруу боюнча даярдалган баяндаманын чегинде көрсөтүлгөндөй, "балдар эмгегин жоюу боюнча күч аракеттерди тездетүү" боюнча дүйнөдө балдар эмгеги кыскартылууда, бирок анын ылдамдыгы мурдагыдай эмес. Баяндамада бул кампаниянын жетишкендиктери жана кемчиликтери жөнүндө айтылат. Акыркы тенденцияларга караганда, 2006-жылдагы абалга салыштырмалуу эл аралык балдар эмгеги менен күрөшүү чөйрөсүндө кескин өзгөрүүлөр болгон, ошол себептүү экинчи глобалдык баяндамада ЭЭУ 2016-жылга максаттарды койгон. Андан бери белгиленген мөөнөттөрдүн жарымы өттү, жаңы баяндама боюнча балдар эмгеги менен күрөшүү айрым өлкөлөрдө жеңилүүгө алып келүүсү мүмкүн. Баяндаманын авторлору эгерде бүгүнкү тенденциялар сактала турган болсо, анда 2016-жылга коюлган максаттар аткарылбай калуусу мүмкүндүгүн эскертишет.

**Кыргызстандагы балдар эмгегинин маселелери боюнча мыйзамдык-укуктук документтер**

Кыргызстан балдар эмгегин эксплуатациялоого байланышкан, Бириккен Улуттар уюмунун (БУУ) бардык негизги конвенцияларын ратификациялады: 1989-жылкы Балдар укугу жөнүндөгү Конвенцияны; 1973-жылкы Минималдык курак жөнүндөгү №138 Конвенцияны жана 1999-жылкы Балдар эмгегинин эң оор формалары жөнүндөгү № 182 Конвенцияны ж.б. Ушул эл аралык документтерге ылайык улуттук мыйзамдарга тийиштүү өзгөртүүлөр киргизилген.

ЭЭУнун 2001-жылы жүргүзгөн баштапкы изилдөөлөрүндө Кыргызстанда балдар эмгеги айыл-чарба жана соода тармагында (2006) көрсөткөндөй, алар соода жана башка тармактарга табылган, бирок тоокен казып алуу өнөр-жайында жана курулуш иштеринде айыл-чарбасына караганда көбүрөөк тартылган.

Экспресс-маалыматтарга ылайык, айыл-чарбасында, транспорттук кызмат көрсөтүү, соода, таштанды топтоо жана башка чөйрөлөрдө, мезгилдик жумуштарда эң көп тараган. Ар кандай булактарда берилген статистикалык маалыматтар, мектеп курагындагы балдардын мектепке барбоосун жана алардын көпчүлүгү айыл жерлеринен экенин күбөлөндүрүшөт. Балдардын мектептен чыгып кетүүсү, орто эсеп менен алганда, кыздарга салыштырмалуу эки эсе көп болууда.

Балдар көбүнчө жүк ташууга, товарларды жүктөөгө, түшүрүүгө, майда-чүйдө сатууга, бөтөлкө, коробкаларды топтоодо колдонулат, ошондой эле үй-жумуштарын аткарууга тартылышат.

Ата-энелер өз балдарынын жашоо шарттарын жакшыртуу үчүн шаардык туугандарынын үйлөрүндө туруусун суранышат. Көпчүлүк учурда мындай балдар үй кызматчыларына айланышат. Кээ бир учурларда балдар кафелерде, наабайканаларда ж.б. иштөөгө мажбур болушат.

Балдар эмгегинин маселелерин чечүүдө билим алуу мүмкүнчүлүктөрүн жана бирдей жеткиликти кеңейтүү негизги кадамдар болуп эсептелет. Жумушчу орундар жөнүндөгү ЭЭУнун Пактына ылайык балдар эмгеги менен байланышкан кризистик кубулуштарга көңүл буруунун чегинде бардык балдар үчүн билим алууга бирдей жеткилик берүүгө өзгөчө көңүл буруу керек.

2007-жылы ЮНИСЕФтин колдоосу менен Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлиги[8] тарабынан жүргүзүлгөн мектепке баруунун санына изилдөөлөргө ылайык, баштапкы жана орто мектептерге барбаган балдардын саны 38 миңди түзгөн. Мектепке барбоонун негизги себептери үй-бүлөлүк проблемалар (64%), анын ичинде окуу куралдарына жана кийим кечеге акча жетишсиздиги (22,5%), ошондой эле айыл-чарбасындагы жумуштагы балдар (20,5%) жана башка жумуштарда (19%).

Бул негизинен үй-бүлөдөгү билим алууга чыгашалардын жогорулашынан. Үй-бүлөлөр орто билим алууга, андан да жогорку билим алууга балдарынын чыгашаларын төлөй алышпайт (окууга төлөө, кийим кече, окуу куралдары ж.б.). Керектүү кирешенин жоктугунан үй-бүлөлөр, балдарды окутуу турсун, өздөрүн эптеп камсыздашат.

[8] Кыргыз Республикасында мектептен сырттагы балдар,ЮНИСЕФ, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлиги.-Б.:2008.

Акыркы жылдарда бул көрсөткүчтөр азайды, бирок, иштеп жаткан балдар үчүн мектепке баруу дагы эле маселе бойдон кала берүүдө.

**Балдар эмгеги менен күрөшүү боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларынан алынган келтирүүлөр**

| Датасы | Кыргыз Республикасынын мыйзам актылары |
|---|---|
| 2003-ж. | КР "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамы<br>**4-берене. Билим берүү жаатындагы мамлекеттик саясаттын принциптери**<br>Билим берүү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатынын артыкчылык берилген стратегиялык багыты болуп саналат.<br>Кыргыз Республикасында билим берүү эл аралык келишимдерде жана пактыларда, Адам укуктарынын жалпыга бирдей декларациясында жарыяланган принциптерге, демократиянын жана элдин гумандуу баалуулуктарына, дүйнөлүк маданияттын принциптерине негизделет. Билим берүүнү уюштуруунун негизги принциптери болуп төмөндөгүлөр саналат:<br>- Кыргыз Республикасынын бардык жарандарынын сапаттуу билим алуу укуктарынын теңдиги;<br>- ар бир жарандын милдеттүү жана акысыз баштапкы жана негизги жалпы билим алуу, ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык окуу жайларда акысыз орто жалпы билим алуу; мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын чегинде мамлекеттик окуу жайларында акысыз кесиптик, атайын орто жана жогорку билим алуу мүмкүнчүлүгү;<br>- акы төлөө негизинде, анын ичинде мамлекеттик билим берүү уюмдарында билим алуу мүмкүнчүлүгү;<br>- билим берүүнүн гумандуу мүнөзү, улуттук маданий байлык менен шайкеш келген жалпы адамзаттык баалуулуктарга артыкчылык берүү, жарандуулукка, эмгекти, үй-бүлөнү, Ата Мекенди, айлана-чөйрөнү сүйүүгө, патриотизмге жана адам укуктары менен эркиндиктерин урматтоого тарбиялоо;<br>- ата мекендик, дүйнөлүк илимдин жана эл аралык тажрыйбанын жетишкендиктерине багыт алуу;<br>- билим берүү процессинин ырааттуулугу жана үзгүлтүксүздүгү;<br>- билим берүүнүн саясий жана диний институттарга көз карандысыздыгы;<br>- окутуунун, тарбия берүүнүн типтери жана формалары, иш багыттары, менчик формалары жагынан билим берүү уюмдарынын көп түрдүүлүгү;<br>- мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарында окутуунун динден тышкаркы мүнөзү;<br>- орто жалпы билим берүүнүн жалпыга жетимдүүлүгү, билим берүү тутумундагы окуп жаткандардын өсүп-жетилүүсүнүн жана даярдыгынын деңгээли менен өзгөчөлүктөрүнө шайкеш келиши;<br>- окуп жатышкандардын өзгөчө зээндүүлөрүнүн чыгармачылыгы тынымсыз өсүүсү үчүн шарттарды түзүү;<br>- билим берүүнүн мамлекеттик эмес түзүмдөрүнүн иштөө мүмкүнчүлүгү; |

| | |
|---|---|
| | - билим берүү уюмдарынын академиялык эркиндиги, академиялык ак ниеттиги.<br>*(КР 2012-жылдын 29-декабрындагы N 206 Мыйзамынын редакциясына ылайык)* |
| 2003-ж. | **КР Үй-бүлөлүк Кодекси**<br>**74-берене**<br>Ата-энелер (алардын бирөөсү) ата-энелик укугунан ажыратылуусу мүмкүн, эгерде алар, анын ичинде: балдарды, **балдар эмгеинин эң оор түрлөрүнө тартышса.** |
| 2004-ж. | **КР Эмгек Кодекси**<br>**18-берене**<br>16 жашка чыккан адам жумушчу боло алат деп жазылат. Айрым учурларда, уюмдун кызматкерлеринин өкүлчүлүк органы менен макулдашылып, же ыйгарым укуктуу органдын макулдугу менен 15 жашка чыккан адам жумушка алынышы мүмкүн.<br>14 жашка чыккан окуучулар ата-энесинин бирөөсүнүн макулдугу менен (багуучусунун, кароочусунун) же багуучу жана кароочу органдын макулдугу менен, окуудан сырткары мезгилде, окуу процессин үзгүлтүккө учуратпаган мезгилде, анын ден-соолугуна зыян келтирбөөчү жеңил жумуштарга эмгек келишимин түзүп иштесе болот (91-берене). Айрым категориядагы жумушчуларга кыскартылган жумуш убактысы коюлат: 14 жаштан 16 жашка чейинки жумушчуларга – жумасына 24 сааттан ашпаган убакыт, 16 жаштан 18 жашка чейин – жумасына 36 сааттан ашпаган убакыт. (294-берене) 18 жаштагы жумушчуларга орнотулган нормадан жогору болгон жүктөрдү көтөрүүгө же ташууга чек коюлат. 18 жаштагы жумушчулар аткарбай турган жумуштар жана жүктөрдүн оордук нормалары Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен бекитилет. |
| 2007-ж. | **КР Кылмыш Кодекси**<br>Балдарга карата ар кандай кыянаттык жасаган адамдарга анык жана так санкцияларды киргизди, анын ичинде адамдарды сатканга, балдарды мыйзамсыз иштерге тарткандарга, порнографияга, сойкулукка тарткандарга. |
| 2009-ж. | **КР “Мамлекеттик жаштар саясаты жөнүндө” мыйзамы**<br>14-28 жаштагы бардык адамдарга колдонулат жана иштеп жаткан жаш адамдарга карата беренелер менен камтылат. Мыйзам ошондой эле 16 жаштагы жумушчуларга жумушка орношуу жана адистик багыт берүүдө жеңилдик жана кепилдиктерди берүүнү көздөйт. |
| 2010-ж | **КР жаңы Конституциясы**<br>**(23-беренеде) төмөндөгүдөй жазылат:**<br>- Кыргыз Республикасында кулчулукка, адамдарды сатканга жол берилбейт;<br>- Балдар эмгегин эксплутациялоого чек коюлат;<br>- Согуш учурунан башка мезгилде, стихиялык кырсыктарды жоюудан, өткөөл кырдаалдардын кесепетинен, ошондой эле сот чечимин аткаруудан башка учурларда эмгекке мажбурлоого чек коюлат. |

| | |
|---|---|
| 2012-ж. | **КР Балдар жөнүндө Кодекси**<br>**15-берене**<br>1. Баланын ден соолугуна коркунуч туудурган же анын билим алуусуна тоскоол болуучу же болбосо анын ден соолугуна, дене-тарбиялык, акыл-эс, руханий, адеп-ахлактык жана социалдык өнүгүшүнө зыян келтирген кандай болбосун жумуштарга баланы кабыл алууга же аткаруу үчүн тартууга тыюу салынат.<br>2. Балдардын эмгегин анын эң оор көрүнүштөрүнүн формаларында эксплуатациялоого, ошондой эле менчигинин формасына карабастан, ишканаларда, мекемелерде жана уюмдарда, анын ичинде кооперативдерде, дыйканчылык жана фермердик чарбаларда кандай болбосун формадагы балдардын мажбурлаган эмгегине тыюу салынат.<br>3. Эмгек шарты зыяндуу же опурталдуу иштерде, жер астындагы иштерде, түнкү убактарда, ошондой эле аткаруу балдардын ден соолугуна жана адептик өсүшүнө зыян келтирүүсү мүмкүн болгон иштерде (оюн-зоок бизнесинде, көңүл ачуучу мекемелердеги түнкү жумуштарда, спирт ичимдиктерин, тамеки буюмдарын, баңгизаттарды жана уулуу дары-дармектерди ж.у.с. өндүрүүдө, ташып жеткирүүдө жана сатууда) балдардын эмгегин пайдаланууга тыюу салынат.<br>4. Балдардын алар үчүн белгиленген нормадан ашык оор нерселерди көтөрүүлөрүнө, ташууларына жана жылдырууларына тыюу салынат.<br>Балдардын эмгегин колдонууга тыюу салынган жумуштардын тизмеги, ошондой эле оор нерселерди көтөрүүнүн нормаларынын чеги Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген тартипте бекитилет. |
| 2013-2017-ж. | **Туруктуу өнүгүүгө өтүү боюнча КР Программасы**<br>Жалпы дүйнөлүк тажрыйбада туруктуу өнүктүрүү деп барынан мурда, өнүктүрүүнүн бири-бири менен өз ара байланышкан: экономика, социалдык өнүктүрүү жана экология боюнча үч компонентти комплекстүү жана теңдештирилген мамлекеттик башкарууну түшүнүшөт.<br>Мындай өнүктүрүүнүн борбору жана түпкү максаты адам же социалдык өнүктүрүү гана болуп калат. Андыктан, бүгүн дагы жана узак мөөнөттүү келечекте адам капиталын өнүктүрүү Кыргызстандын абсолюттук улуттук артыкчылыгы болуп калат. Бул өлкөнүн бардык жарандары өз билимин жана шыгын колдонуп, сапаттуу билим алуу, өз ден соолугун кароо, турак үй сатып алуу, татыктуу кирешени иштеп табуу жана алгылыктуу курчап турган чөйрөдө ден соолугу үчүн жашоо мүмкүндүгүнө ээ болуусун болжолдойт. Биринчи жолу, өнүктүрүүдө абсолюттук улуттук артыкчылык катары адамды, адам капиталын өнүктүрүү артыкчылыгы көрсөтүлүүдө, мында Кыргызстандын ар бир жараны өнүгүү үчүн тең укуктарга жана мүмкүнчүлүктөргө ээ болот.<br>Ушул Программанын жаңылыктарынын төртүнчү элементи, калкка мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүдө өтө татаал болуп саналган, эч качан бир дагы Программада эске алынбаган жана дайыма мамлекеттик башкаруу системасынын начар жери бойдон калып келген бул сектор |

| | |
|---|---|
| | аралык сегменттер, мында бир профилдик министрлик, айрым учурларда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын катышуусуз төмөнкү маселелерди кошо, көйгөйлөрдү чечүү колунан келбейт: иштеп жаткан балдардын; мектеп окуучуларынын ден соолугунун; саламаттыгы өзгөчө муктаж болгон балдардын; ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүнүн арасындагы жумушсуздуктун; мектеп чөйрөсүндөгү коопсуздуктун; айылдык билимсиз чоң адамдардын арасындагы жумушсуздуктун; билим берүүдө, саламаттык сактоодо, ишке орношуудa атайын кызмат көрсөтүүлөргө муктаж, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын көйгөйлөрү; мектепке чейинки, жалпы билим берүү мекемелеринин жана саламаттыкты сактоо мекемелеринин инфраструктураларын куруу, өнүктүрүү жана колдоо; социалдык инфраструктура имараттарынын энергия натыйжалуулугунун жана коопсуздугунун маселелери.<br>Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкүлөрдү белгилөөдө: Социалдык өнүктүрүү министрлиги менен бирдикте ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды кыска мөөнөттүү окутуу үчүн билим берүү программаларын, аларды андан ары ишке орноштуруу максаты менен механизмдерин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү; аялдар, жаштар, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн ишке орноштуруунун максаттуу региондук программаларын (сынамык долбоорлорун) иштеп чыгуу; иштеп жаткан балдардын көйгөйлөрүн издеп табуу максаты менен социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү; балдардын эмгегин пайдалануу жана колдонуу үчүн жоопкерчилик жаатында мыйзамдардын аткарылышына контролдун механизмдерин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү; Бишкек шаарында 14-18 жаш курагындагы багуусуз балдарды окутуу, иш менен камсыздоо, эс алуу боюнча долбоорду иштеп чыгуу, иштеп жаткан балдардын негизги билим алышы үчүн ийгиликтүү атайын окуу программаларынын тажрыйбасын таркатуу.<br>Билим берүүгө социалдык жана медициналык инклюзиянын принциптерин ишке ашыруу боюнча жетинчи милдетти чечүү алкагында төмөнкү чаралар аткарылат:<br>өзгөчө билим алууга муктаж балдар менен иштөө боюнча ата-энелер, мектепке чейинки жана жалпы билим берүү уюмдардын адистери үчүн методикалык рекомендацияларды иштеп чыгуу;<br>социалдык жана медициналык көрсөткүчтөрдө барларды окутуунун кечкисин (сменалык) жана сырттан окуу (дистанциялык формасын кошо) формалары боюнча негизги/орто жалпы билимди алуу;<br>балдар жана чоң кишилер үчүн кечкисин (сменалык)/ сырттан окуу мектептерде негизги/орто билимди акысыз алууга конституциялык кепилдиктери камсыз кылуу;<br>кечкисин (сменалык)/ сырттан окуу мектеби үчүн ченемдик укуктук базаны (жоболор, окуу пландары, программалары) жаңыртуу;<br>Социалдык өнүктүрүү министрлиги менен бирдикте ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды кыска мөөнөттүү окутуу үчүн билим |

| | |
|---|---|
| | берүү программаларын, аларды андан ары ишке орноштуруу максаты менен механизмдерин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү; аялдар, жаштар, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн ишке орноштуруунун максаттуу региондук программаларын (сынамык долбоорлорун) иштеп чыгуу; иштеп жаткан балдардын көйгөйлөрүн издеп табуу максаты менен социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү; балдардын эмгегин пайдалануу жана колдонуу үчүн жоопкерчилик жаатында мыйзамдардын аткарылышына контролдун механизмдерин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү;<br>Бардык деңгээлдерде окутуунун инклюзивдик формаларын түзүүнү жана өнүктүрүүнү караштыруучу, «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоорун иштеп чыгуу жана бекитүү каралган. |
| 2015-ж. | **Кыйын турмуштук абалда калган балдарды жана үй-бүлөлөрдү аныктоо тартиби жөнүндөгү Жобо**<br>**(7-берене)**<br>**Балдар эмгегинин эң начар формаларына тартылган балдарды социалдык коштоо**<br>1.Балдар эмгегинин эң начар формаларына тартылган балдарды тапкан учурда балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн кызматкери жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын кызматкери менен бирге баланын иштеген же жашаган жерине баруу менен балдар эмгегинин эң начар формаларына тартылган баланын проблемаларына ар тараптуу баалоону өткөрөт.<br>2.Балдар эмгегинин эң начар формаларына тартылган баланын проблемаларын ар тараптуу баалоону өткөрүүдө төмөнкүлөр жүзөгө ашырылат:<br>- маалыматты аныктоо үчүн баланы сурамжылоо (аты-жөнү, жашы, жашаган дареги, ата-энеси тууралуу маалымат);<br>- балдардын иштөөсүнө түрткү болгон себептерди табуу;<br>- иштеген жерин көрүп чыгуу жана эмгек шартына баа берүү.<br>Баланын ден соолугуна зыян келтирген балдар эмгегинин эң начар формаларына тартылган балдарды тапкан учурда балдарды иш ордунан шашылыш алуу жүргүзүлөт.<br>3. Эмгекти коргоо чөйрөсүндөгү көзөмөл жана контроль боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн өкүлү менчигинин формасына карабастан ишканаларда, мекемелерде жана уюмдарда баланын иш ордун карап чыгууну жүзөгө ашырат.<br>4. Эмгекти коргоо чөйрөсүндөгү көзөмөл жана контроль боюнча ыйгарым укуктуу органдын кызматкери:<br>- аткарылган иштин көлөмүнө баланын жашынын ылайыктуулугун белгилейт;<br>- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык түзүлгөн бала менен эмгек келишиминин барлыгына иш берүүчү менен аңгемелешүүнү |

| | |
|---|---|
| | өткөрөт;<br>- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинде белгиленген эмгекти коргоо талаптарын сактоо боюнча иш берүүчү менен түшүндүрүү иштерин өткөрөт;<br>- балдар эмгегинин эң начар формаларына тартылган балдар тууралуу балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнө маалыматты жиберет.<br>5. Жалпы билим берүү уюмуна барбаган баланы тапкан учурда балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү билим берүү органы менен бирге баланы окууга тартуу боюнча чараларды көрөт.<br>6. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык жумуштуулук, миграция жана жаштар чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган Балдар иштери боюнча комиссиянын чечиминин негизинде билим алууга тоскоолдук кылбаган, баланын ден соолугуна жана социалдык өнүгүүсүнө зыян келтирбеген иштерди аткарууга 14 жаш курагына жетпеген балдарды ишке орноштурууга көмөк көрсөтөт.<br>7. Аймактык мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары ата-энелер же аларды алмаштыруучу адамдардын арасында балдарды балдар эмгегинин эң начар формаларына эрте тартуунун терс таасирлери, баланы багуу, окутуу жана тарбиялоо үчүн алардын жоопкерчилиги жөнүндө түшүндүрүү иштерин өткөрөт. |

**Сабактын практикалык бөлүгү**

Бул сабакты өткөрүү үчүн катышуучуларды 3 группага бөлүп, ресурстук материалдарды таратып берүү керек.

*1- кичи группа* - №138 жумушка кабыл алуудагы минималдык курак жөнүндөгү Конвенция.


*2- кичи группа* - №182 балдар эмгегинин эң оор түрлөрү жана аларга чек коюу жөнүндөгү Конвенция.

*3- кичи группа* – Кыйын турмуштук абалдагы балдарды жана үй-бүлөлөрдү аныктоо тартиби жөнүндөгү Жобо.

*(Конвенциялардын жана Жобонун тексттери 1,2,3 тиркемелерде берилген).*

**Тапшырма**: Эл аралык жана улуттук документтерди окуп чыгып, талкуулап, презентация жасоо.

**1973-жылдагы №138 Конвенция (алынган маалыматтар)**




*Жумушка кабыл алуу үчүн минималдык курак жөнүндөгү Конвенция (Күчүнө кирген күнү: 19-июнь 1976-жыл)*

**1-berene**

Ал үчүн ушул Конвенция күчүндө турган, Уюмдун ар бир Мүчөсү, өспүрүмдөрдүн эң эле толук денетүзүлүштүк жана аң-сезимдик өнүгүүсүнө ылайыктуу деңгээлге чейин, ишке алуу үчүн, минималдык куракты акырындык менен жогорулатууну жана балдар эмгегин эффективдүү жоюуну камсыздоо максатындагы улуттук саясатты ишке ашырууга милдеттенет.

**2-berene**

1. Ушул Конвенцияны ратификациялоочу, Уюмдун ар бир Мүчөсү, ратификациялоо жөнүндөгү документке тиркелүүчү, арызда, анын аймагында катталган транспорттук каражаттарда жана өз аймагынын чегинде жумушка кабыл алуу үчүн минималдык куракты көрсөтөт; ушул Конвенциянын 4-8-беренелеринин жоболорун сактоо шарттарында, бул курактан жаш бир дагы өспүрүм ишке алууга киргизилбейт же ар кандай адистик боюнча башка ишке алынбайт.

2. Ушул Конвенцияны ратификациялоочу, Уюмдун ар бир Мүчөсү, кийинчерээк, кошумча арыздардын жардамы менен, Эл аралык Эмгек Бюросунун Генералдык Директоруна, мурда коюлганга караганда, ал, андан да жогорураак минималдуу курак коюп жаткандыгы жөнүндө билдире алат.

3. Ушул берененин 1-пунктунун негизинде аныкталуучу, минималдык курак, милдеттүү мектеп билимин алууну аяктоо курагынан төмөн болбоосу керек, кандай болгон учурда да, ал он беш жаштан төмөн болбоосу керек.

4. Ушул берененин 3-параграфынын жоболоруна көзкарандысыз, экономикасы жана билим берүү системасы жетишээрлик эмес өнүккөн, Уюмдун Мүчөсү, мүмкүн, кызыкдаар ишберүүчүлөрдүн жана жумушчулардын уюмдары менен консультациялардан кийин, мындайлар бар жерде, минималдуу куракты биринчи баштапкы иретте он төрт жашты минималдык курак деп орнотуусу мүмкүн.

5. Мындан мурунку пункттун жоболоруна ылайыктуу минималдык курак катары он төрт жашты орноткон, Уюмдун ар бир Мүчөсү, Эл аралык Эмгек Уюмунун Уставынын 22-беренесине ылайык берилүүчү, ушул Конвенцияны аткаруу жөнүндөгү өзүнүн отчетторуна, төмөнкүлөр жөнүндөгү - арызды кошот:

а) мындай чечимди кабыл алуунун себептери өзгөрбөгөндүгү; же

б) айрым бир күндөн баштап, ал өзүнүн төмөндөгү жоболор менен пайдалануу укугунан баш тарткандыгы.

**3-берене**

1. Ишке жалдоо боюнча жумуштун бардык түрлөрүндө, же өзүнүн мүнөзү жана кырдаалдарга байланыштуу, өспүрүмдүн ден-соолугуна, коопсуздугуна же ыймандуулугуна зыян келтирүүсү мүмкүн болгон, башка жумуштарда, минималдык курак, он сегиз жаштан төмөн болбоосу керек.

2. Ушул березенин 1-пункту колдонулган, ишке жалдоонун же башка жумуштардын түрлөрү, улуттук мыйзамдар же эрежелер, же бийликтин компетенттүү органдары менен, ылайыктуу ишберүүчүлөр жана жумушчулар уюмдары менен консультациялардан кийин аныкталат, мындайлар бар жерде.

3. Ушул березенин 1-пунктунун жоболоруна карабастан, улуттук мыйзамдар же эрежелер же бийликтин компетенттүү органдары, кызыкдаар ишберүүчүлөрдүн жана жумушчулардын уюмдары менен консультациялардан кийин, бул өспүрүмдөрдүн ден-соолугу, коопсуздугу жана ыймандуулугу толугу менен корголгон жана бул өспүрүмдөр атайын билим алуусунун жана иш-аракеттин ылайыктуу тармагы боюнча адистик даярдоо өтүүсүнүн шарттарында, он алты жаштан төмөн эмес курактан ишке жалдоого уруксат берүүсү мүмкүн.

**4-берене**

1. Керектүүлүк деңгээли боюнча, бийликтин компетенттүү органы, ылайыктуу ишберүүчүлөрдүн жана жумушчулардын уюмдары менен консультациялардан кийин, ушул Конвенцияны колдонуу чөйрөсүнөн, аларга байланыштуу өзгөчө проблемалар келип чыкса же бар болсо, ишке жалдоо же башка жумуш боюнча чектелген категорияларды алып салуусу мүмкүн.

2. Ушул Конвенцияны ратификациялоочу, Уюмдун ар бир Мүчөсү, Эларалык Эмгек Уюмунун Уставынын 22-беренесине ылайыктуу берилүүчү, Конвенцияны колдонуу жөнүндөгү өздөрүнүн биринчи докладында, мындай алып салуунун себептерин көрсөтүү менен, ушул березенин 1-пунктуна ылайыктуу алып салууга мүмкүн болгон, бардык категорияларды жазып беришет, жана кийинки докладдарда, өздөрүнүн мыйзамдарынын абалы жана мындай категорияларды алып салуу практикасы, жана мындай категорияларга байланыштуу Конвенциянын жоболору кандай деңгээлде колдонулуп жаткандыгы, же колдонуу болжолдонуусу жөнүндө билдиришет.

3. Ушул Конвенциянын 3-беренесинде каралуучу, ишке жалдоо боюнча жумуш же башка жумуш, ушул беренеге ылайык, Конвенцияны колдонуу чөйрөсүнөн алып салынбайт.

**5-берене**

1. Экономикасы жана административдик аппараты жетишээрлик өнүкпөгөн, Уюмдун Мүчөсү, ылайыктуу ишберүүчүлөрдүн жана жумушчулардын уюмдары менен

консультациялардан кийин, мындайлар бар жерде, башында Конвенцияны колдонуу чөйрөсүн чектөөсү мүмкүн.

2. Ушул берененин 1-пунктунун жоболорун колдонуучу, Уюмдун ар бир Мүчөсү, ратификациялоо жөнүндөгү документке тиркелүүчү арызга, ушул Конвенциянын жоболорун ал колдонуучу, экономикалык иш-аракеттин тармактарын же ишканалардын типтерин кошуп жазат.

3. Конвенциянын жоболору минимум катары төмөнкү иштерге колдонулат: шахталарда жана карьерлерде, кайра иштетүүчү өнөр-жайда, курулушта, электр, газ жана суу камсыздоо кызматтарында, санитардык-техникалык кызматта, транспортто, кампаларда жана байланыш кызматтарында, ошондой эле, плантацияларда жана негизги мүнөздө коммерциялык максаттарда өндүрүүчү, башка айыл-чарба ишканаларында, бирок жергиликтүү керектөөлөргө өндүрүүчү, жана дайыма жалданма жумушчуларды колдонбоочу, үй-бүлөлүк жана кичи чарбаларды кошпостон.

4. Ушул берененин жоболоруна ылайыктуу, Конвенцияны колдонуу чөйрөсүн чектеген Уюмдун ар бир Мүчөсү:

а) Эл аралык Эмгек Уюмунун Уставынын 22-беренесине ылайыктуу берилүүчү өзүнүн докладдарында, ушул Конвенцияны колдонуу чөйрөсүнөн алып салынган, иш-аракеттин тармактарындагы өспүрүмдөрдү жана балдарды ишке жалдоо же башка жумушка алууга байланыштуу жалпы абал жөнүндө жана ушул Конвенциянын жоболорун кененирээк колдонуу жолунда ишке ашырылган ар бир прогресс жөнүндө билдирет;

б) бул жөнүндө, Эл аралык Эмгек Уюмунун Генералдык Директоруна жөнөтүлгөн, арыз аркылуу, Конвенцияны колдонуу чөйрөсүн каалаган мезгилде расмий кеңейте алат;

**6-берене**

Ушул Конвенция, жалпы, профессионалдык же техникалык окутуу мектептериндеги же башка окуу жайларындагы окуучулар жана өспүрүмдөр менен аткарылуучу жумушка, же ишканаларда он төрт жаштагы курактагы адамдар менен аткарылуучу жумушка колдонулбайт, эгерде мындай жумуш, ылайыктуу ишберүүчүлөрдүн жана жумушчулардын уюмдары менен консультациялардан кийин, бийликтин компетенттүү органдары менен коюлган, шарттарга ылайыктуу аткарылып жатса, мындайлар бар жерде, жана төмөндөгүлөр анын ажырагыс бөлүгү болуп эсептелсе:

а) адистик даярдоо мекемеси же мектеп, негизги жоопкерчилик тартуучу, даярдоо же окутуу курсунун болуусу;

б) бийликтин компетенттүү органы менен жактырылган, ишканадагы негизинен же толугу менен ишке ашырылуучу, адистик даярдоо программасынын болуусу;

в) адистикти же адистик даярдоонун тибин тандоону жеңилдетүүгө багытталган, адистик ориентациялык программасынын болуусу.

**7-берене**

Улуттук мыйзамдар жана эрежелер менен, ишке жалдоо боюнча жумушка же башка жумушка адамдарды кабыл алууга, он үч жаштан он беш жашка чейинки куракта жеңил жумушка уруксат берилүүсү мүмкүн, ал:

а) алардын ден-соолугу же өнүгүүсү үчүн, зыян келтирүүчү эмес болсо; жана

б) мектепке баруута, бийликтин компетенттүү органдары менен бекитилген адистик ориентациялык программаларда же даярдоого алардын катышуусуна же алардын алган билимдери менен пайдалануусуна зыян келтирбесе.

2. Улуттук мыйзамдар жана эрежелер менен, ошондой эле, ишке жалдоо боюнча жумушка же башка жумушка адамдарды кабыл алууга, бирок мектеп билим алуусун бүтө электерге, ушул берененин а) жана б) пункттарынын талаптарын сактоо шарттарында, он беш жаштагы куракта уруксат берилүүсү мүмкүн.

3. Бийликтин компетенттүү органы ушул берененин 1 жана 2-пункттарына ылайыктуу ишке жалдоо боюнча жумушка же башка жумушка кабыл алууга уруксат берилүүчү тармактарды аныктайт жана жалдоо боюнча же башка жумуш аткарылуучу жерде, жумуш күнүнүн узактыгын жана шарттарын орнотот.

4. Ушул берененин 1 жана 2 –пункттарынын жоболоруна көзкарандысыз, 2-берененин 4-пунктун колдонуучу, Уюмдун Мүчөсү, ага керектүү мөөнөткө, 1-пункттагы он эки жана он төрт жаш курактарды, он үч жана он беш жаш курактарга алмаштыруусу мүмкүн, ал эми ушул берененин 2-пунктунда – он төрт жаш куракты, он беш жаш куракка.

**8-берене**

1. Бийликтин компетенттүү органы, ылайыктуу ишберүүчүлөрдүн жана жумушчулардын уюмдары менен консультациялардан кийин, мындайлар бар жерде, уруксат берүү жолу менен, көркөм чыгармачылыкка катышуу сыяктуу максаттар үчүн, ушул Конвенциянын 2-беренесинде каралган, ишке жалдоо боюнча жумушка же башка жумуштарга кабыл алууга коюлган чектөөлөрдү, айрым учурларда алып коюуга жол берүүсү мүмкүн.

2. Мындай жол менен берилүүчү уруксаттар, жумуш күнүнүн узактыгын чектешет жана ишке жалдоо боюнча же башка жумуш аткарылуусу мүмкүн болгон шарттарды орнотушат.

**9-берене**

1. Компетенттүү орган менен, бардык керектүү чаралар кабыл алынат, анын ичинде, ушул Конвенциянын жоболорун эффективдүү турмушка ашырууну камсыздоо үчүн, ылайыктуу жазалоолорду аныктоо да.

2. Улуттук мыйзамдар же эрежелер же бийликтин компетенттүү органдары менен, Конвенцияны аткарууну камсыздоочу жоболорду сактоого жоопкерчиликтүү адамдар аныкталышат.

3. Улуттук мыйзамдар же эрежелер же бийликтин компетенттүү органы аркылуу, ишберүүчү менен берилүүчү жана жүргүзүлүүчү, реестрлер жана башка документтер аныкталат; мындай реестрлер жана документтер, жумушчунун фамилиясын жана курагын же туулган жылын катташат, эгерде мүмкүн болсо, ишберүүчү менен жалданган же ага иштеген, он сегиз жаштан төмөн жаштагылардын.

**4.1999-жылдагы № 182 - балдар эмгегинин эң оор формалары жөнүндөгү Конвенция (алынган маалыматтар)**




*Балдар эмгегинин эң оор формаларын жоюу боюнча кескин чаралар жана тыюу салуу жөнүндөгү Конвенция (Күчүнө кирген күнү: 19-нобрь 2000-жыл)*

**1-берене**

Ушул Конвенцияны ратификациялаган, ар бир мүчө-мамлекет, тездик менен, балдар эмгегинин эң оор формаларын жоюуну жана тез арадагы иретте тыюу салууну камсыздоочу, эффективдүү чараларды кабыл алат.

**2-берене**

Ушул Конвенциянын максаттары үчүн, “бала” термини 18 жашка чейинки бардык адамдарга колдонулат.

**3-берене**

Ушул Ковенциянын максаттары үчүн, “балдар эмгегинин эң оор формалары” төмөнкүлөрдү кошот:

а) кулчулуктун бардык формаларын же кулчулукка окшогон практиканы, мисалы, балдарды сатуу жана алар менен соода жүргүзүү, карызга батыруу жана чептик көзкарандылык, ошондой эле, мажбурланган же милдеттүү эмгек, анын ичинде, куралдуу конфликттерде аларды колдонуу үчүн, мажбурлоого же милдеттендирүүгө тартуу сыяктуу;

б) сойкулук менен алектенүү, порнографиялык продукцияны өндүрүү же порнографиялык көрсөтүүлөрдү өндүрүү үчүн, баланы колдонуу, барымтага алуу же көндүрүү;

в) мыйзамсыз иш-аракеттер менен алектенүү, негизинен, алар ылайыктуу эл аралык келишимдерде аныкталгандай, наркотиктерди өндүрүү жана сатуу үчүн, баланы колдонуу, барымтага алуу же көндүрүү;

г) аны аткаруунун шарттары жана мүнөзү боюнча, балдардын ден-соолугуна, коопсуздугуна же ыймандуулугуна, зыян келтирүүчү жумушту.

**4-берене**

1. Улуттук мыйзамдар же компетенттүү орган, кызыкдаар ишберүүчүлөрдүн жана жумушчулардын уюмдары менен консультациялардан кийин, ылайыктуу эл аралык нормаларды, негизинен, 1999-жылдагы балдар эмгегинин эң оор формалары жөнүндөгү Конвенциянын 3 жана 4 – беренелеринин жоболорун эске алуу менен, 3-березенин д) пунктунда көрсөтүлгөн жумуштун түрлөрүн аныкташат.

2. Компетенттүү орган кызыкдаар ишберүүчүлөрдүн жана жумушчулардын уюмдары менен консультациялардан кийин, мындай жол менен аныкталган жумуштун түрлөрүн ишке ашыруу жайларын табат.

3. Ушул берененин 1-пунктуна ылайык аныкталган жумуштун түрлөрүнүн тизмеси, мезгили менен талданып турат жана керек болгон учурда, кызыкдаар ишберүүчүлөрдүн жана жумушчулардын уюмдары менен консультациялардан кийин, кайрадан каралып чыгат.

**6-берене**

1. Ар бир мүчө-мамлекет балдар эмгегинин эң оор формаларын приоритеттүү иретте жоюу боюнча, аракеттердин программаларын иштеп чыгат жана ишке ашырат.

2. Мындай аракеттердин программалары ылайыктуу өкмөттүк мекемелер жана ишберүүчүлөрдүн жана жумушчулардын уюмдары менен консультациялардан кийин, керек учурда, башка кызыкдаар группалардын пикирлерин эске алуу менен, иштелип чыгат жана ишке ашырылат.

**7-берене**

1. Ар бир мүчө-мамлекет ушул Конвенцияны турмушка ашыруучу жоболорду сактоону жана эффективдүү колдонууну камсыздоо үчүн, анын ичинде, кылмыш жана кырдаалдарга байланыштуу башка санкцияларды киргизүү жана колдонуу аркылуу, бардык керектүү чараларды кабыл алат.

2. Ар бир мүчө-мамлекет, балдар эмгегин жоюу ишинде билим берүүнүн маанилүүлүгүн эске алуу менен, коюлган мөөнөттөрдө эффективдүү чараларды кабыл алат, алар төмөндөгүлөргө багытталат:

а) балдар эмгегинин эң оор формаларына балдарды тартууга жол бербөөгө;

б) балдар эмгегинин эң оор формаларында балдардын иштөөсүн токтотуу, ошондой эле, аларды реабилитациялоо жана социалдык интеграциялоо үчүн, тийиштүү жана керектүү түз көмөк көрсөтүүгө;

в) балдардын эмгегинин эң оор формаларынан бошотулган балдарга, акысыз базалык билим алууга, ошондой эле, мүмкүн болушунча жана керек учурда, профессионалдык-техникалык даярдоого жеткилик берүүгө;

г) өзгөчө алсыз абалдагы балдарды табууга жана көмөк көрсөтүүгө;

д) кыздардын абалынын өзгөчөлүгүн эске алууга.

3. Ар бир мүчө-мамлекет, ушул Конвенцияны турмушка ашыруучу, жоболорду колдонууга жооптуу, компетенттүү органдарды дайындайт.




**Кыйын турмуштук абалдагы балдарды жана үй-бүлөлөрдү аныктоо тартиби жөнүндөгү Жобо (алынган маалыматтар)**

**1. Жалпы жоболор**

1. Ушул Жобо турмуштук оор кырдаалды жеңүү багытында балдары бар үй-бүлөлөрдү колдоо боюнча тиешелүү кызматтарды көрсөтүү максатында турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табуу тартибин жөнгө салат.

2. Ушул Жободо төмөнкү түшүнүктөр колдонулат:

- **социалдык кооптуу абалда турган бала** - ата-энелери (аларды алмаштыруучу адамдар) балдарын тарбиялоо, аларды окутуу жана/же багуу боюнча өз милдеттерин аткарбаган жана/же алардын жүрүм-турумуна терс таасирин тийгизген же болбосо аларга ырайымсыз мамиле кылган жана коомго жат турмушта жашаган үй-бүлөдөгү бала;
- **баланын муктаждыктарын көңүлгө албоо** - ата-энелери же аларды алмаштыруучу адамдар тарабынан баланын тамак-ашка, кийим-кечеге, турак жайга, тарбиялоого, билим алууга, медициналык жардамга негизги муктаждыктарынын жана керектөөсүнүн тиешелүү түрдө камсыз болбогондугу;
- **аймактык мамлекеттик органдар** - турмуштук оор кырдаалда турган балдар жана үй-бүлөлөр менен иштерди жүргүзүүдө балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөрү менен өз компетенциясынын чегинде өз ара иштешкен ички иштер, билим берүү, саламаттык сактоо, жумуштуулук, миграция жана жаштар саясаты, калкты каттоо, эмгекти коргоо, жаза-аткаруу системасы чөйрөсүндөгү көзөмөл жана контролдоо боюнча органдар.

3. Турмуштук оор кырдаалда турган балдар жана үй-бүлөлөр менен иштөө төмөнкү принциптерге негизделет:

- жекече мамиле - балдардын жана үй-бүлөнүн жеке керектөөлөрүн эске алып, калыбына келтирүү процессин жүзөгө ашыруу жолу менен ишке ашырылат;
- мыйзамдуулук - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын сактоону карайт;

- комплекстүүлүк - балдарды коргоо боюнча бардык аймактык мамлекеттик органдардын, ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмдөрүнүн, турмуштук оор кырдаалда турган балдарга жана үй-бүлөлөргө социалдык кызматтарды көрсөткөн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары жана коммерциялык эмес уюмдардын өз ара аракетин билдирет;

- жоопкерчилик - балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмдөрүнүн, аймактык мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын кызматкерлеринин коюлган милдеттерди аткарууга жеке жоопкерчилигин билдирет;

- купуялуулук - турмуштук оор кырдаалда турган балдар жана үй-бүлө жөнүндө алынган маалыматты ачыкка чыгарбоону карайт.

4. Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү, аймактык мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары өз ишинде балдардын жана үй-бүлөлөрдүн укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп эсептелген, мыйзам тарабынан белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерди жетекчиликке алышат.

### *7-берене. Балдар эмгегинин эң начар формаларына тартылган балдарды социалдык коштоо*

47. Балдар эмгегинин эң начар формаларына тартылган балдарды тапкан учурда балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн кызматкери жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын кызматкери менен бирге баланын иштеген же жашаган жерине баруу менен балдар эмгегинин эң начар формаларына тартылган баланын проблемаларына ар тараптуу баалоону өткөрөт.

Балдар эмгегинин эң начар формаларына тартылган баланын проблемаларын ар тараптуу баалоону өткөрүүдө төмөнкүлөр жүзөгө ашырылат:

- маалыматты аныктоо үчүн баланы сурамжылоо (аты-жөнү, жашы, жашаган дареги, ата-энеси тууралуу маалымат);
- балдардын иштөөсүнө түрткү болгон себептерди табуу;
- иштеген жерин көрүп чыгуу жана эмгек шартына баа берүү.

Баланын ден соолугуна зыян келтирген балдар эмгегинин эң начар формаларына тартылган балдарды тапкан учурда балдарды иш ордунан шашылыш алуу жүргүзүлөт.

48. Эмгекти коргоо чөйрөсүндөгү көзөмөл жана контроль боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн өкүлү менчигинин формасына карабастан ишканаларда, мекемелерде жана уюмдарда баланын иш ордун карап чыгууну жүзөгө ашырат.

49. Эмгекти коргоо чөйрөсүндөгү көзөмөл жана контроль боюнча ыйгарым укуктуу органдын кызматкери:

- аткарылган иштин көлөмүнө баланын жашынын ылайыктуулугун белгилейт;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык түзүлгөн бала менен эмгек келишиминин барлыгына иш берүүчү менен аңгемелешүүнү өткөрөт;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинде белгиленген эмгекти коргоо талаптарын сактоо боюнча иш берүүчү менен түшүндүрүү иштерин өткөрөт;
- балдар эмгегинин эң начар формаларына тартылган балдар тууралуу балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнө маалыматты жиберет.

50. Жалпы билим берүү уюмуна барбаган баланы тапкан учурда балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү билим берүү органы менен бирге баланы окууга тартуу боюнча чараларды көрөт.

51. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык жумуштуулук, миграция жана жаштар чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган Балдар иштери боюнча комиссиянын чечиминин негизинде билим алууга тоскоолдук кылбаган, баланын ден соолугуна жана социалдык өнүгүүсүнө зыян келтирбеген иштерди аткарууга 14 жаш курагына жетпеген балдарды ишке орноштурууга көмөк көрсөтөт.

52. Аймактык мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары ата-энелер же аларды алмаштыруучу адамдардын арасында балдарды балдар эмгегинин эң начар формаларына эрте тартуунун терс таасирлери, баланы багуу, окутуу жана тарбиялоо үчүн алардын жоопкерчилиги жөнүндө түшүндүрүү иштерин өткөрөт.

**Сабактын жыйынтыгын чыгаруу**

Сабактын жыйынтыгын чыгарууда, экиден бөлүнгөн катышуучулар менен иш жүргүзгүлө, алардын ар бирине "Жумушка кабыл алууда балдардын минималдык курактарын аныктоонун критерийлери" жана "Балдар эмгегин жоюнун потенциалдык артыкчылыктары" деген таблицаларды таратып, аларды толтуруу боюнча тапшырма бергиле, андан кийин аткарылган жумуштун жыйынтыгы менен тааныштыргыла.

**1-таблица**

**Жумушка кабыл алууда балдардын минималдык курактарын аныктоонун критерийлери**

| | **Жалпы** | **Кыргызстан үчүн** |
|---|---|---|
| **Жалпы минималдуу курак**<br>Жумушка кабыл алуучу минималдык курак сөссүз милдеттүү мектеп билимин алуу курагынан төмөн болбоосу керек | | |
| **Жеңил жумуш**<br>13төн 15 жашка чейинки балдар жеңил жумуштарды аткаруулары мүмкүн, эгерде ал жумуш алардын ден-соолугуна жана коопсуздугуна, билим алуусуна, адистик багытына жана окуусуна зыян келтирбесе | | |
| **Коркунучтуу жумуш**<br>Балдардын физикалык, акылына, ыймандуулугуна, ден-соолугуна жана коопсуздугуна зыян келтирген ар кандай жумуштар 18 жаштан төмөн адамдар менен аткарылуусу мүмкүн эмес | | |

**2-таблица**

| **Балдар эмгегин жоюунун потенциалдык артыкчылыктарыБалдар үчүн** | **Коомчулук үчүн** | **Экономика үчүн** |
|---|---|---|
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## II. КЫРГЫЗСТАНДА БАЛДАР ЭМГЕГИН ЖОЮУ БОЮНЧА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ЖООП БЕРҮҮЧҮ ЧАРАЛАРЫ



### Тема 2.1. Кыргызстанда милдеттүү мектеп билимине тартылып, иштеп жаткан балдардын маселелери

**Сабактын максаттары:**

1. Кыргызстанда милдеттүү орто билим алуу системасына карата КР мыйзамдарын окуп үйрөнүү.

2. Мектеп билим берүүсүнө тартылган жана мыйзамдык укуктук актыларды окуп үйрөнүү боюнча практикалык сабактарды өткөрүү.

**Ресурстук материалдар:**

Ватман, ручкалар, карандаштар, маркерлер, Кыргызстандын нормативдик-укуктук документтеринен тексттер, КР балдар жөнүндөгү Кодекси, мектеп курагындагы балдардын жана өспүрүмдөрдүн учетун алуу тартиби жөнүндөгү Инструкция.

**Методдор**: мини-лекция, дикссия, группаларда иштөө, демонстрация, презентация.

***Интерактивдүү мини-лекция***

Сабактын башында угуучуларга бир катар суроолорду бериңиз:

- Мектеп билимин алуу үчүн балдардын алдында кандай тоскоолдуктар болуусу мүмкүн?

- Билим берүү балдар эмгегине жооп берген кандай чараларды сунуштоосу мүмкүн?

Сиз угуучулардан төмөнкүдөй жоопторду алууңуз мүмкүн:

1. Айыл-чарбасында эмгектенген балдар эгин жыйноо мезгилинде жумушта болушат. Эгерде жумуштан тышкары баланын үй жумуштарында милдети болсо, ал дагы баланын мектепке баруусуна тоскоолдук кылат.

2. Эгерде иштеп жаткан балдар эптеп сабакка барышса да, үйгө берилген тапшырманы аткарууга аларга убакыт жетпейт, жана алар мектептен артта калышат. Мындай балдар кээде мектепке чарчап, ачка же ооруп да келишет жана сабакка жакшы көңүл бура алышпайт.

3. Айрым аргасыз жумуштун эң оор түрлөрү баланын мектепке баруусуна мүмкүнчүлүк бербейт.

4. Иштеп жаткан балдар көбүнчө теңтуштары же мугалимдери тарабынан кемсинтүүгө туш болушат.

5. Мектеп балдарды кайтаруу боюнча чараларды кабыл алуусу мүмкүн, мисалы бул процесске ата-энелерди жана коомчулукту тартуу менен ж.б.

6. Иштеп жаткан балдар өздөрүнүн теңтуштарына жетишүүсү үчүн кошумча сабактарды өткөрүү.

7. Мындай балдар үчүн инклюзивдүү чөйрөнү түзүү.

8. Ата-энелер кеңешин тартуу менен мындай балдарга материалдык жардам берүү ж.б.

Жоопторду алгандан кийин мугалим, балдарга мамлекеттик окуу жайларда орто билимди акысыз алууга кепилдик берүүчү, иштеп жаткан мыйзамдык-укуктук базага кайрылат (КР Конституциясы, КР “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамы, КР балдар жөнүндөгү Кодекси ж.б.).

Бул документтердин негизинде мугалимдердин коллективдери үчүн, сабакка аз катышкан же таптакыр катышпаган, иштеп жаткан балдардын абалы чоң маселе болуп эсептелет. КР “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамында “окуудан кеткен окуучу” жана “сабакка келбей жаткан окуучу” деген түшүнүктөр так жазылган эмес, ошол себептүү аларга чара көрүүдө бир топ кыйынчылыктар жаралат. Мисалы ЮНЕСКО “окуудан кеткен окуучуну” билим алууну баштаган даражаны аяктаган эмес деп түшүнөт.

Кыргызстандын расмий статистикасында “билим алууга тартылбаган” деген түшүнүк бар, жана бул категорияга кыйын турмуштук абалдагы жана балдар эмгегинин эң оор түрлөрүндө иштеген балдар туура келишет.

Мектеп жашындагы өспүрүмдөрдү жалпы камтыган базистүү документ катары Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен бекитилген, мектеп жашындагы балдарды жана өспүрүмдөрдү учетко алуу тартиби жөнүндөгү Инструкция эсептелет. Ага ылайык, балдардын жалпы билим берүү мектептерине баруусун камсыз кылуу, мектеп бар болгон микроучасткаларда, айылдарда, шаарларда, жана башка административдик райондордо балдарды жана өспүрүмдөрдү учетко алууга негизделет.

Бул изилдөөлөрдүн жыйынтыктары боюнча, ким жашы жете электе жумушта иштеп жатканы аныкталат.

Азыркы мезгилде КР билим жана илим министирлиги менен социалдык-алсыз балдарга тиешелүү, ошондой эле, “Кыргызстандын мектептериндеги окуудан сырттагы балдар[9]” деген жетекчилик менен сабакка барбаган окуучулар менен педагогикалык

[9] Мектеп жашындагы балдарды жана өспүрүмдөрдү учетко алуу тартиби жөнүндөгү инструкция//Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №667 токтому, 14-ноябрь 1997-ж.

коллективдердин иштөөсү үчүн даярдалган жана бул инструкцияга кошумча бөлүмдөрдү киргизүү боюнча иш жүргүзүлүп жатат.

**Сабактын практикалык бөлүгү**

Сабактын бул бөлүгүн өткөрүү үчүн катышуучуларды 3 группага бөлүү керек, жана төмөнкү ресурстук материалдарды таратып берүү керек:

*1-группага* – КР “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамы (алынган маалыматтар).

*2-группага* – КР Балдар жөнүндөгү Кодекси (алынган маалыматтар).

*3-группага* – Мектеп жашындагы балдарды жана өспүрүмдөрдү учетко алуу тартиби жөнүндөгү Инструкция (алынган маалыматтар).

**Тапшырма**: окуп чыгуу жана мыйзамдык-нормативдик документтерди талкуулоо, мектеп практикасынан мисалдарды келтирүү жана перзентация жасоо.

***1-группа үчүн ресурстук материал***

*Кыргыз Республикасынын Өмөтүнүн*
*№92 Токтому менен 2003-жылы 30-апрелде*
*бекитилген*

**“Билим берүү жөнүндө”**
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ**
**(алынган маалыматтар)**

**3-берене. Билим алуу укугу**

Кыргыз Республикасынын жарандары жынысына, улутуна, тилине, социалдык жана мүлк абалына, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелгенине, ишинин түрүнө жана мүнөзүнө, дин тутуусуна, саясий жана диний ынанымдарына, жашаган жерине жана дагы башка жагдайларга карабастан билим алууга укуктуу.

Кыргыз Республикасынын аймагындагы башка мамлекеттердин жарандары жана жарандыгы жок адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык билим алышат.

*(КР 2011-жылдын 29-декабрындагы N 255 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**16-берене. Мектепте билим берүү**

Мектептик билим берүү билим берүү тутумунун негизги звеносу саналат жана 3 баскычты камтыйт:

- жалпы башталгыч - 1-4-класстарды;
- жалпы негизги - 5-9-класстарды;
- орто жалпы - 10-11-класстарды.

Жалпы башталгыч жана жалпы негизги мектепте окуу Кыргыз Республикасынын бардык жарандары үчүн милдеттүү, ал эми мамлекеттик жана муниципалдык окуу жайларында - акысыз болуп саналат. Мамлекет жарандардын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын деңгээлинде мамлекеттик жана муниципалдык окуу жайларында акысыз орто жалпы билим алууга болгон укугун жүзөгө ашырууну камсыз кылат.

Мектептеги билим берүү инсандын коомдо активдүү иштеши жетиштүү болгон, өз баскычтарына шайкеш келгидей билимин, жана практикалык ык алуусу менен өсүп-жетилүүсүн камсыз кылып, кесип жана квалификация алышына база катары кызмат кылат.

Эреже катары, мектепке кирүү курагы - 6-7 жаш, ар бир класста окуунун узактыгы - бир окуу жылынан кем эмес.

Жалпы башталгыч билим берүүнүн максаты: баланын инсандыгын калыптандыруу, анын интеллектуалдык шыгын өөрчүтүү, окуп жаткан тилинде эсеп-кысап, окуу жана жазуу ыктарына, ошондой эле мамлекеттик жана расмий тилдерде сүйлөшө билүү өнөрүнө үйрөтүү.

Жалпы башталгыч жана жалпы негизги билим берүү окутуунун күндүзгү формасы боюнча жүзөгө ашырылат. Жалпы негизги билим берүү программасы боюнча окууга башталгыч мектепти бүткөн бардык окуучулар конкурссуз кабыл алынат. Атайын башталгыч мектептин бүтүрүүчүлөрү жалпы негизги билим берүүнүн программаларын өздөштүрүүгө даярдыгынын деңгээлин текшертүү шарты менен кабыл алынат.

Жалпы негизги билимге ээ болгон адамдар кесиптик башталгыч жана кесиптик орто билим берүү программалары боюнча, окууну улантууга укуктуу.

Орто жалпы билим берүү кесиптик орто же кесиптик жогорку билим берүү программалары боюнча окууну улантууга зарыл болгон инсандын негизги теориялык даярдыгын, билим алып жаткандардын таламдары жана жөндөмдүүлүктөрү боюнча тармактык тереңдетилген жалпы маданиятын калыптандырууну камсыз кылат.

Мамлекеттик орто мектепке жалпы негизги мектепти бүтүргөн бардык каалоочулар акысыз кабыл алынат.

**27-берене. Ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) укуктары менен милдеттери**

Жаш балдардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) төмөндөгүлөргө укуктуу:

- окутуунун формасын, билим берүү уюмдарынын тибин жана түрүн тандап алууга, ошондой эле балага үй-бүлөдө билим берүүгө (өзгөчөлөнгөн, бөтөнчө жагдайларда);

- баланы окутуунун кайсы гана этабында болбосун окуусун улантуу үчүн билим берүү уюмдарына жиберүүгө;

- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын алкагында окуп жаткандардан билим алуу укугун сактоону талап кылууга.

Ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) өзгөчө учурларда үй-бүлөдө балага жалпы башталгыч, жалпы негизги жана орто жалпы билим берүүгө укуктуу. Үй-бүлөдө билим алган бала аттестациядан жакшы өткөндө окутуунун кайсы гана баскычында болбосун ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) чечими боюнча билим алуусун билим берүү уюмунда улантууга укуктуу.

Ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) төмөнкүлөргө милдеттүү:

- негизги билим алууда балдардын жашоосу, окуусу жана алардын шыгын өөрчүтүү үчүн талаптагыдай шарттарды түзүүгө, алардын дене-боюнун жана психикалык саламаттыгына дайыма кам көрүүгө;

- баланын ар намысын ызаттоого, эмгекти сүйүүгө, мээримдүүлүк жана боорукердик сезимдерин ойготууга, үй-бүлөгө, жашы боюнча улууларга, мамлекеттик жана эне тилге, элдик үрп-адаттарга, салттарга ызаттоо менен мамиле жасоого тарбиялоого;

- элдин улуттук, тарыхый, маданий баалуулуктарын урматтоого, тарыхый-маданий мурастарга жана айлана чөйрөгө аяр мамиле жасоого, Ата мекенди сүйүүгө тарбиялоого;

- жалпы билим берүү уюму менен үзгүлтүксүз кызматташууну (ата-энелер чогулуштарына катышуу, мугалимдердин баланы окутуу жана тарбиялоо боюнча педагогдордун сунуштамаларын аткаруу) колдоого;

- ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) билим берүү уюмунун аймагынан сырткары, окуудан тышкары убакта болгон балдардын саламаттыгы жана өмүрү үчүн толук жоопкерчилик тартышат.

Ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) баланын жалпы негизги билим алышы боюнча милдеттерин аткарбагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык административдик жоопкерчилик тартышат.

*(КР 2013-жылдын 30-июлундагы N 176 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**30-берене. Окуп жаткандарды социалдык жактан коргоо**

Мамлекет Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген тартипте окуп жаткандарга окуу үчүн шарт түзөт, окуй турган жайлар, жабдуу, жатакана, жөлөкпул, материалдык жардам, тамак-ашка жана транспортто жүрүүгө жеңилдиктер, медициналык жактан тейлөө жана ден соолукту чыңдоо, окуу китептери менен (республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен студенттерге, окуп жаткандарга Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган тартипте жана өлчөмдөрдө стипендиялар төлөнөт) камсыз кылат.

Социалдык жактан көмөк көрсөтүү үчүн кесиптик башталгыч, кесиптик орто жана кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын студенттерине, окуп жаткандарга социалдык билим берүү кредиттери берилиши мүмкүн.

Социалдык билим берүү кредити жөнүндө жобо Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

Жогорку кесиптик билим берүү алкагында сырттан окуу формасын, дистанциялык билим берүү технологияларын пайдаланган билим берүү уюмдарында окугандар Кыргыз Республикасынын эмгек жөнүндө мыйзамдарында белгиленген тартипте берилүүчү кошумча жеңилдиктерге укуктуу.

Олимпиадалык оюндардын, дүйнөлүк чемпионаттардын чемпиондору жана байге ээлери жана Азия оюндарынын чемпиондору дене тарбия жана спорт жаатындагы адистик жана даярдоонун багыттары боюнча (бакалавриат, магистратура) окуу үчүн мамлекеттик жана муниципалдык орто кесиптик жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарына кирүү сынагысыз (экзамендерсиз, тестирлөөсүз жана аңгемелешүүсүз) кабыл алынат.

"Кыргыз Республикасынын спорт чебери", "Кыргыз Республикасынын эл аралык класстагы спорт чебери" спорттук наамы бар спортсмендер мамлекеттик жана муниципалдык билим берүүнүн кесиптик жогорку билим берүү уюмдарына тапшырууда артыкчылык укугунан пайдаланат. "Спорттун чеберлигине талапкер"

спорттук разряды, "Кыргыз Республикасынын спорт чебери", "Кыргыз Республикасынын эл аралык класстагы спорт чебери" спорттук наамы бар спортсмендер мамлекеттик жана муниципалдык билим берүүнүн кесиптик орто билим берүү уюмдарына тапшырууда артыкчылык укугунан пайдаланышат.

Жетим балдарга жана ата-эне (мыйзамдуу өкүлдөрү) көзөмөлдүгүнөн камкордугунан өксүп калган балдарга билим берүү, алардын жашы жетилгенге чейин мамлекеттик камсыз кылуу негизинде жүзөгө ашырылат.

Окуп жаткандарды окуу сабактарынан жана окуу процессинен алагды кылууга Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мамлекеттик башкаруу борбордук органынын уруксаты менен жол берилет. Окуу процессин бузууга күнөөлүү болгон (тике же кыйыр) адамдар окуп жаткандарга келтирилген моралдык жана материалдык зыяндын ордун толтуруп беришет.

*(КР 2009-жылдын 17-июнундагы N 185, 2011-жылдын 13-июнундагы N 42, 2013-жылдын 5-ноябрындагы N 199 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

***2-группа үчүн ресурстук материал***

*КР Жогорку Кеңеши менен 2012-жылы 31-майда*
*кабыл алынып, Кыргыз Республикасынын Президентинин*
*№100 Жарлыгы менен 2012-жылы 10-июлда бекитилген*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАЛДАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИ (АЛЫНГАН МААЛЫМАТТАР)

### 1-БӨЛҮМ. Жалпы жоболор

#### 1-берене. Ушул Кодексти колдонуунун чөйрөсү

Ушул кодекс Кыргыз Республикасынын аймагында турган, ошондой эле турмуштук оор кырдаалда турган балдарды коргоону камсыз кылууну кошуп алганда, Кыргыз Республикасынын чегинен тышкаркы жерлерде жүргөн Кыргыз Республикасынын жарандарынын-балдарынын укуктарын жана таламдарын коргоо чөйрөсүндөгү мамилелерди жөнгө салат.

#### 2-берене. Балдар жөнүндө мыйзамдар

Кыргыз Республикасынын балдардын укуктарын жана таламдарын камсыз кылуу чөйрөсүндөгү мыйзамдары Кыргыз Республикасынын Конституциясынан, балдардын укуктары жөнүндө Конвенциядан, ушул Кодекстен, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынан, эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптеринен жана нормаларынан, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерден (мындан ары – эл аралык келишимдер) турат.

**3-берене. Балдардын укуктарын жана таламдарын камсыз кылуу чөйрөсүндөгү мыйзамдардын негизги максаттары жана милдеттери**

1. Ушул Кодекстин максаты балдардын жарандык, саясий, экономикалык, социалдык, маданий жана башка укуктарын, таламдарын жана эркиндиктерин коргоо, ошондой эле турмуштук оор кырдаалда турган балдарды коргоону камсыз кылуу болуп саналат.

2. Балдарды коргоо боюнча принциптерди жана чараларды белгилөө, баланын укуктарынын кепилдик негиздерин түзүү; балдарды коргоо боюнча тиешелүү органдардын жана уюмдардын иштеши; мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын балдардын укуктарын жана таламдарын камсыз кылуу жаатындагы компетенциясын жана алардын өз ара аракеттенүү тартибин аныктоо ушул Кодекстин милдети болуп саналат.

**4-берене. Балдардын укуктарын жана таламдарын коргоонун негизги принциптери**

Балдардын укуктарын жана таламдарын коргоо төмөнкү негизги принциптерге негизделет:

- баланын эң мыкты таламдарын камсыз кылуу максатында баланын укуктарынын жана таламдарынын биринчи кезектүүлүгүн таануу;
- мыйзамда каралган мамлекеттик кепилдиктердин көлөмүндө балдардын, өзгөчө турмуштук оор кырдаалда турган балдардын акысыз кызмат көрсөтүүлөргө жетимдүүлүгүн камсыз кылуу;
- балдарды расасынын, өңү-түсүнүн, жынысынын, тилинин, дининин, улуттук же социалдык тегинин белгилери боюнча, мүлктүк абалынын, ден соолугунун абалынын жана кандай гана болбосун башка белгилери боюнча басмырлоонун берилбестиги;
- анын тагдырына байланыштуу чечимдерди кабыл алууда баланыын өз пикирин билдирүү укугун камсыз кылуу;
- баланы зомбулуктун бардык формаларынан коргоону камсыз кылуу;
- экономикалык пайда табуу максатында балдардын эмгегинин анын эң жаман формасында эксплуатациялоонун жол берилбестиги;
- баланын укуктарын жана таламдарын бузуу, ага залал келтиргендик үчүн мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, алардын кызматкерлеринин , ошондой эле жеке жана юридикалык жактардын жоопкерчилиги;
- баланы тарбиялоонун жана билим берүүнүн туруктуулугун жана үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу;
- мамлекет, коомчулук, үй-бүлө тарабынан баланын укуктарын жанан таламдарын коргоонун артыкчылыктуулугу;
- баланын үй-бүлөдөн ажыроосун болтурбоо жана баланын үй-бүлөнүн курчоосунда болуу укугун камсыз кылуу;
- ар бир баланын дене-бой, акыл-эс, руханий, адеп-ахлактык жана социалдык өнүгүүсү үчүн зарыл болгон жашоо деңгээлин камсыз кылуу жоопкерчилиги;
- мамлекеттин жетим балдарды жана ата-энесинин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдарды багууну, тарбиялоону, окутууну камсыз кылуусу.

**6-берене. Балдардын укуктарын жана таламдарын камсыз кылуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясат**

1. Балдардын укуктарын жана таламдарын касыз кылуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясат төмөнкүлөргө багытталган:

1) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, балдардын укуктарын жана таламдарын коргоону толук баалуу камсыз кылууга;

2) Турмуштук оор абалда турган балдарды коргоону талаптагыдай камсыз кылууга;

3) Ата-энелерде алардын төрөлүшү үчүн жоопкерчиликтүүлүк сезимин тарбиялоо жолу менен, жарандардын дени сак, тилеген балдардын төрөлүшүнө карата аң-сезимдүү мамилелерин калыптандырууга;

4) Гендердик теңчиликтин принциптерин сактоого;

5) Балдардын укуктарын жана таламдарын камсыз кылуу чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук базаны өркүндөтүүгө;

6) Балдардын дене-тарбиялык, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүшүнө көмөк көрсөтүүгө.

2. Турмуштук оор кырдаалда турган балдардын укуктарын, таламдарын камсыз кылуу жана коргоо мамлекеттик саясаттын жана мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишиндеги артыкчылыктуу өңүттөрдүн бири болуп саналат.

3. Балдардын укуктарын жана таламдарын камсыз кылуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча иш-чараларды каржылоо республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардан жүзөгө ашырылат.

**10-берене. Баланын билим алуу укуктарынын негизги кепилдиктери**

1. Ар бир бала билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарда каралган тартипте камсыз кылынуучу билим алууга укуктуу жана ага мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарында акысыз башталгыч, негизги, орто жана акысыз башталгыч кесиптик билим алуу кепилденет.

2. Баланын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын чектеринде милдеттүү башталгыч жана негизги билим алууга укугу мыйзамдарда аныкталат. Баланы негизги билим алганга чейин мамлекеттик же муниципалдык билим берүү уюмунан чыгарып жиберүүгө жол берилбейт. Балага анын жашаган жана иш жүзүндө турган жери боюнча алуусу кепилденет.

Баланын жашаган жери өзгөргөн учурда жаңы жашаган жана иш жүзүндө жүргөн жери боюнча башка мамлекеттик же муниципалдык билим берүү уюмуна которууга жол берилет.

3. Бала билим берүү уюмуна кирген учурда мыйзамда каралбаган кандайдыр-бир чектөөлөргө жол берилбейт. Мамлекеттик же муниципалдык билим берүү уюмдардын биринчи классына кирип жаткан балдар үчүн кирүү сынагын өткөрүүгө тыюу салынат.

4. Мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарына кабыл алуунун тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан, ал эми жеке менчик

формасындагы жалчы билим берүүчү уюмдарда –ушул уюмдар тарабынан билим берүү жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын так сактоо менен аныкталат.

5. Мамлекет балдардын мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн жетимдүүлүк укуктарын камсыз кылат.

6. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, жалпы негизде билим берүү уюмдарынын билим алууга жөндөмсүз, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар үчүн, ошондой эле жетим балдар жана ата-энесинин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдар үчүн, алардын акысыз билим алуусун, кесиптик даярдыгын, коомго социалдык ыңгайлуушусун жана көнүгүшүн камсыз кылуучу атайын топторду, класстарды же мамлекеттик же муниципалдык реабилитациялоо ыңгайлаштыруу борборлорун ачууну кошуп алганда, өзгөчө шартта түзүлөт.

7. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү билим берүү жаатында ыйгарым укук берген орган жыл сайын мамлекеттик жогорку окуу жайларында ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарды акысыз негизде окутуу үчүн квота берет.

Эгерде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген абитуриенттердин саны квотага ылайк берилген орундардын санынан аз болуп калса, калган орундар жалпы шарттарда башка абитуриенттердин арасында бөлүштүрүлөт.

**14-берене. Баланын кесипке багытталуу, даярдануу жана жумуштуулук укугунун негизги кепилдиктери**

1. Ар бир бала эмгек эркиндигине, эмгекке орношууга, жаш курагына, ден соолугунун абалына, жалпы билиминин жана кесиптик даярдыгынын деңгээлине жараша иштин түрүн жана кесибин эркин тандап алуу укугуна ээ.

2. Балдар 14 жаш курагынан тартып ата-энелеринин биринин жана аларды алмаштыруучу адамдардын же балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу аймактык органдын бөлүмүнүн жазуу жүзүндөгү макулдугу менен эмгек келишимин түзүүгө жана окуудан бош убакта аны окутуу процессин бузбаган, ден соолугунун абалы жана өнүгүүсү боюнча аларга жетимдүү, алардын саламаттыгына, дене-тарбиялык, адептик жана психикалык абалына зыян келтирбеген коомдук пайдалуу эмгекке катышууга укуктуу, ошндой эле кесиптик даярдыкка укуктуу. Бул укук баштапкы эмгектик (кесиптик) даярдоо мекемелнрининин тутуму аркылуу мыйзамда белгиленген тартипте камсыз кылынат.

3. Эмгек келишимдерин түзүүнүн жана бузуунун тартиби жана 18жаш куракка толо элек кызматчылардын эмгегин жөнгө салуунун башка өзгөчөлүктөрү эмгек мыйзамдарында белгиленет.

4. Менчиктин бардык формасындагы ишканалар, мекемелер жана уюмдар калкты иш менен камсыз кылуу кызматтарынын жолдомолору боюнча квоталанган жумуш орундарына социалдык коргоого өзгөчө муктаж болгон балдарды (балдар үйлөрүнүн бүтүрүүчүлөрүн, жетимдерди жана ата-энелеринин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдарды жана башкаларды) кабыл алууга милдеттүү. Ушул беренеде көрсөтүлгөн адамдарды белгиленген квотанын эсебинен ишке кабыл алуудан баш тартууга тыюу салынат жана алар тарабынан тиешелүү мамлекеттик органдарга же сотко даттанылышы мүмкүн.

**15-берене. Балдардын эмгегин пайдалануу**

1. Баланын ден соолугуна коркунуч туудурган же анын билим алуусуна тоскоол болуучу же болбосо анын ден соолугуна, дене-тарбиялык, акыл-эс, руханий, адеп-ахлактык жана социалдык өнүгүшүнө зыян келтирген кандай болбосун жумуштарга баланы кабыл алууга же аткаруу учун тартууга тыюу салынат.

2. Балдардын эмгегин анын эң начар көрүнүштөрүнүн формаларында эксплуатациялоого, ошондой эле менчигинин формасында карабастан, ишканаларда, мекемелерде жана уюмдарда, анын ичинде кооперативдерде, дыйканчылык жана фермердик чарбаларда кандай болбосун формадагы балдардын мажбурлаган эмгегине тыюу салынат

3. Эмгек шарты зыяндуу же опурталдуу иштерде, жер астындагы иштерде, түнкү убактарда, ошондой эле аткаруу балдардын ден соолугуна жана адептик өсүшүнө зыян келтирүүсү мүмкүн болгон иштерде (оюн-зоок бизнесинде, коңүл ачуучу мекемелердеги түнкү жумуштарда, спирт ичимдектирин, тамеки буюмдаррын, баңгизаттарды жана уулуу дары-дармектерди ж.у.с. өңдүрүүдө, ташып жеткирүүдө жана сатууда) балдардын эмгегин пайдаланууга тыюу салынат.

4. Балдардын алар үчүн белгиленген нормадан ашык оор нерселерди көтөрүүлөрүнө, ташууларына жана жылдырууларына тыюу салынат.

Балдардын эмгегин колдонууга тыюу салынган жумуштардын тизмеги, ошондой эле оор нерселерди көтөрүүнүн нормаларынын чеги Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген тартипте бекитилет.

***3-группа үчүн ресурстук материал***

*Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн*
*№667 токтому менен*
*1997-жылы 14-ноябрьда бекитилген*

**Мектеп жашындагы балдарды жана өспүрүмдөрдү учетко алуу тартиби жөнүндөгү**
**ИНСТРУКЦИЯ**

**1.Жалпы жоболор**

1. Ушул Инструкция, тогус класс негизги талап көлөмүндөгү милдеттүү билим берүүнү көздөгөн, кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамына так ылайык түзүлгөн. Бардык балдарды жана өспүрүмдөрдү милдеттүү окутууга тартууну камсыздоо максатында, тизме түзүү жолу менен алардын учету алынат. Ал тизмеге 6 жаштан 16 жашка чейинки балдар киргизилет. Андан тышкары, келээрки жылы 1-класска кабыл алынуучу окуучуларды пландаштыруу үчүн, ар жылы 5 жаштагы балдардын тизмелери түзүлөт.

2. Мектеп жашындагы балдарды учетко алуу билим берүү мекемелери жана органдары, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, айыл өкмөттөрү менен биргеликте жүргүзүлөт. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин органдары, тогус класс негизги талап көлөмүндө милдеттүү окутууга

тийиштүү балдардын учетун алууда жана тизмелерди даярдоодо керектүү деңгээлде катышышат.

Ар жылы тизмеге өзгөртүүлөр киргизилип турат, тагыраак айтканда, ушул жылы жаңы окууга келгендер жана окууну бүтүрүп кеткендер жазылат. Алардын окуусу жөнүндө белгилер коюлат. Керектен чыккан тизмелер, тийиштүү деңгээлде жаңыланып турат.

3. Балдарды жана өспүрүмдөрдү учетко алуу айыл өкмөттөрдүн, шаарлардын жана башка эл жашаган пункттардын, административдик райондордун чекараларынын аймагында ишке ашырылат. Балдардын учету тийиштүү формада жүргүзүлөт. Тизмелерди түзүүнүн булактары болуп: айыл жергесинде – айыл өкмөттөрүнүн чарбалык китеби жана шаарларда убактылуу жашагандардын тизмеси – үй китептери жана тургундар башкармалыгынын тизмеси эсептелет.

4. 5 жаштан 16 жашка чейинки айыл өкмөтүнүн, шаардын же башка эл жашаган пункттарда жашаган бардык балдар жана өспүрүмдөр, бардык типтеги жана мүлк формасындагы мектептерде, ошондой эле, техникумдарда, колледждерде, профессионалдык-техникалык окуу жайларда окуган 16 жашка чейинки, милдеттүү тогус классты бүтүрө элек балдар учетто туруусу керек. Акылынан жана физикалык өнүгүүсүнөн кемчиликтери бар балдар жана өспүрүмдөргө (азис, акылынан артта калган, кулагы укпаган) атайын мектептерге тартуу үчүн өзүнчө тизме түзүлөт.

5. Балдардын жана өспүрүмдөрдүн тизмесин түзүү жана ага кийинки өзгөртүүлөрдү киргизүү, айыл жеринде айыл өкмөтүнө, шаарларда жана шаар тибиндеги айылдарда – тургундар башкармалыгына, жалпы турак-жайлардын, мекемелик үйлөрдүн комендантторына, кварталдык комитеттердин төрагаларына жүктөлөт. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, айыл өкмөттөрү тизмелерди түзүү иштерине жалпы билим берүү мектеп дирокторлорун, билим берүү кызматкерлерин, жергиликтүү мамлекеттик администрация кызматкерлерин тартышат.

6.Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамынын 16-беренесинин аткарылуусуна көзөмөл жүргүзүү үчүн, жана расмий статистикалык отчеттуулукту түзүү үчүн, мектеп жашындагы балдардын тизмелери жергиликтүү мамлекеттик администрацияларда, айыл өкмөтүндө сакталат. 5 жаштагы балдарга түзүлгөн тизме ал 16 жашка чыкканга чейинки мезгил аралыгында колдонулат.

7. Бардык типтеги жана мүлк формасындагы жалпы билим берүү мектептеринин директорлору жыл ичинде тийиштүү билим берүүнүн бөлүмүнө, акыркысы – тийиштүү жергиликтүү мамлекеттик администрацияга, айыл өкмөтүнө сабакка келбей калган балдар жөнүндө, аларды мектепке кайтаруу боюнча чараларды көрүү үчүн билдирип туруусу керек. Мындай билдирүүлөр окуучу сабакка келбей калган күндөн баштап, 5 күндөн кеч эмес мөөнөттө берилип турат.

## II. Учет жүргүзүү боюнча даярдык иштери

Өз убагында мектеп жашындагы балдардын жана өспүрүмдөрдүн тизмелерин түзүү жана текшерүү максатында жергиликтүү мамлекеттик администрациялар 1 августка чейин милдеттүү:

а) айыл өкмөттөрүнө, турак-жай башкармалыктарына, кварталдык комитеттерге, турак-жай жана мекемелик үйлөрдүн комендานттарына, милиция органдарына 5 жаштан 16 жашка чейинки балдар жөнүндө жазууларды, чарбалык жана үй китептеринде, труак-жай тизмелеринде тактап чыгууну тапшырат;

б) шаарларда жана шаар тибиндеги айылдарда, менчик үйлөрдө жашаган балдардын тизмелерин түзүү, ошондой эле, трак-жай башкармалыктары берген тизмелерди текшерүү үчүн ыйгарым укуктуу адамдарды дайындайт;

в) Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин өкүлдөрү менен биргеликте, мектеп жашындагы балдардын учетун өз убагында жана сапаттуу жүргүзүүгө жооптуу адамдарды уюштурат жана аларга түшүндүрмө берет;

г) балдардын учетун жүргүзүүчү адамдарды, учет тизмелеринин формалары менен, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларда, айыл өкмөттөрүндө "окуу жылы башталганда мектепте окубаган, 6 жаштан 16 жашка чейинки балдардын жана өспүрүмдөрдүн жана 1-сентябрьга 5 жаштагы балдардын саны боюнча маалымат" бланктары менен камсыздайт (РИК №77 формасы).

Учет тизмелерин жана жыйынтыктоо отчеттуулук формасын (РИК №77 формасы) басмадан чыгарууну Кыргыз Республикасынын Улуттук комитети жана анын жергиликтүү органдары жүргүзөт.

## III. Айыл жериндеги балдардын учетунун тартиби

9. Айыл өкмөтү милдеттүү:

а) чарбалык китептерде жана убактылуу жашагандардын тизмелеринде 5 жаштан 16 жашка чейинки балдар жана өспүрүмдөр жөнүндөгү жазууларды тактоого;

б) бул тактоолордун негизинде, айыл өкмөтүндө сакталуучу балдар жана өспүрүмдөрдүн тизмесине өзгөртүүлөрдү киргизүүгө;

в) 10-августтан кеч эмес 1-сентябрьга 6 жашка толгон (7 жашка) балдардын тизмесин, ошондой эле калган жаштагы окубаган балдардын тизмесин түзүүгө;

г) 15-августтан кеч эмес, айыл өкмөтүнүн аймагында жайгашкан ар бир мектептин дирокторуна, жайлоодо ата-энеси менен жашаган балдарды эске алуу менен, 6 жаштан 16 жашка чейинки балдар жана өспүрүмдөрдүн тизмелерин берүүгө.

10.Бардык типтеги билим берүү мектептеринин директорлору балдардын жана өспүрүмдөрдүн мектепке келүүсүн текшеришет, мектепке келбей жаткан балдардын себептерин аныктап, 5-сентябрьдан кеч эмес мектепке келбеген балдардын тизмесин, себептерин көрсөтүп жазып, айыл өкмөтүнө беришет. Анын ичинде директорлор мектепке келген бирок, айыл өкмөтүнүн тизмесине кирбей калган балдардын да тизмелерин, айыл өкмөтүнө беришет.

11.Айыл өкмөтү ушул жылы жана келээрки жылы окууга бара турган 6 жана 7 жаштагы балдардын, ошондой эле, мектептер берген, мектепке келбей калган балдардын жана өспүрүмдөрдүн тизмелеринин негизинде, 1-сентябрьга 6 жана 7 жаштагы балдардын саны боюнча учеттук формасын жана 6 жаштан 16 жашка чейинки окуу жылы башталган мөөнөттө окубаган балдардын учеттук формасын (№77 РИК формасы) түзөт жана 15-сентябрьдан кеч эмес аны статистика боюнча райондук комитетке тапшырат.

12. Жыл ичинде айыл өкмөтү окуу жылы башталгандан кийин алардын айылына, микроучасткасына келген балдардын тизмелерин мектептердин дирокторлоруна, аларды окутуу чарасын көрүү үчүн берип турууга милдеттүү.

Мындай билдирүүлөр алардын айылына мектеп жашындагы бала келгенден баштап 5 күндөн кеч эмес убакытта берилип турат.

## IV. Шаарларда жана шаар тибиндеги айылдарда мектеп жашындагы балдардын учетунун тартиби

13.Шаарларда жана шаар тибиндеги айылдарда турак-жай башкармалыктары, кварталдык комитеттер, турак-жай жана мекемелик үйлөрдүн комендanttары, милиция органдары жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын көрсөтмөлөрү менен 1-августка чейин үй китептеринде 5 жаштан 16 жашка чейинки балдар жана өспүрүмдөр жөнүндөгү жазууларды текшерип, тийиштүү оңдоолорду киргизүүлөрү керек.

14.Турак-жай башкармалыктары, турак-жай жана мекемелик үйлөрдүн коменданттары, кварталдык комитеттердин төрагалары башкармалыктардын тизмелеринин, үй китептериндеги текшерилген жазуулардын негизинде 6 жана 7 жаштагы балдардын тизмесин жана калган жаштагы окубаган балдардын тизмелерин түзүшөт жана 10-августтан кеч эмес аларды жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга беришет.

15.Шаардык (райондук) мамлекеттик администрациялар 1-сентябрьга 6(7) жашка чыккан балдардын жана калган жаштагы окубаган балдардын тизмелерин текшеришет жана системалаштырышат, билим берүү бөлүмдөрү менен биргеликте мындай балдарды жалпы билим берүү мекемелерине бөлүштүрүшөт жана 15-августтан кеч эмес тийиштүү мектептердин директорлоруна ушул мектепте милдеттүү билим алуусу керек болгон балдардын тизмелерин беришет. Балдардын негизги тизмелери жергиликтүү мамлекеттик администрацияларда сакталат.

16.Жалпы билим берүү мектептеринин директорлору балдардын мектепке келүүсүн текшеришет, келбей калуусунун себептерин аныкташат жана 5-сентябрьдан кеч эмес жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга мектепке келбей калган балдардын тизмесин, келбей калуу себебин көрсөтүү менен жазып беришет. Директорлор ошондой эле, мектепке келген бирок жергиликтүү мамлекеттик администрациянын тизмесине кирбей калган балдардын тизмелерин, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга беришет. Балдардын мектепке келүүсүн текшерүү жергиликтүү мамлекеттик администрация берген тизмелер жана өткөн жылы окуган балдардын тизмелери менен жүргүзүлөт.

17.Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар өтүп жаткан жана келээрки жылы окууга тийиш болгон 6(7) жаштагы балдардын тизмесинин, ошондой эле, мектепке келбей калган балдардын жана өспүрүмдөрдүн мектептер берген тизмелеринин негизинде, 1-сентябрьга 6(7) жаштагы балдардын саны боюнча учеттук формасын жана 6(7) жаштан 16 жашка чейинки окуу жылы башталган мөөнөттө окубаган балдардын учеттук формасын (№77 РИК формасы) түзөт жана 15-сентябрьдан кеч эмес аны статистика боюнча шаардык (райондук) комитетке тапшырат.

18.Жыл ичинде турак-жай башкармалыктары, турак-жай жана мекемелик үйлөрдүн коменданттары, кварталдык комитеттердин төрагалары жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга, ал эми жергиликтүү мамлекеттик администрациялар – билим берүүнүн тийиштүү бөлүмдөрүнө жана мектептерге ушул мектепте бул балдарды окутуу боюнча чара көрүү үчүн, мектеп жашындагы жаңы келген балдар жөнүндө маалыматтарды берип туруусу керек. Мындай билдирүүлөрдү жергиликтүү мамлекеттик администрациялар мектеп жашындагы бала келгенден баштап 5 күндөн кеч эмес убакытта берип турушат.

## V. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин жергиликтүү органдарынын милдеттери

19. Кыргыз Республикасынын Улуттук стаистикалык комитетинин органдары билим берүү органдары менен биргеликте милдеттүү окутууга тийиш болгон балдардын жана өспүрүмдөрдүн учетун өз убагында жана так жүргүзүүгө жана даярдоого керектүү деңгээлде катышышат. Ал үчүн:

а) милдеттүү окууга тийиш болгон балдардын жана өспүрүмдөрдүн учетун жүргүзүү үчүн жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, айыл өкмөттөрү менен бөлүнгөн (дайындалган) адамдардга инструкция беришет;

б) милдеттүү окутууга тийиш болгон ар бир баланын жана өспүрүмдүн төрөлгөн айын жана чарбалык жана үй китептериндеги жазуулардын толуктугун, тууралыгын тандоо же жалпы изилдөөлөр жолу менен текшеришет;

в) 1-сентябрьга 5-7 жаштагы балдардын санынын учету боюнча жыйынтыктоо отчетунун (№77 РИК формасы) жана 6 жаштан 16 жашка чейинки, окуу жылынын башталышына окубаган балдардын жана өспүрүмдөрдүн учетторунун тууралыгын текшеришет жана кемчиликтерди текшерүүдө аларды оңдоо чараларын көрүшөт;

г) №77 РИК формасы боюнча келип түшкөн отчеттуулуктун негизинде жыйынтыктоочу отчеттуулукту түзүшөт жана коюлган мөөнөттөрдө Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин системасынын жогору турган уюмуна жана тийиштүү жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга тапшырат;

д) жергиликтүү башкаруу органдарына мектеп жашындагы балдардын жана өспүрүмдөрдүн учетунун жыйынтыгы жөнүндө, милдеттүү окутууга тийиш болгон балдардын жана өспүрүмдөрдүн учетунун толуктугунун жана тууралыгынын жана отчеттук маалыматтардын негизинде баяндама берет.



**Группалардын иштерин презентациялоо**

Группалар таратып берилген ресурстук материалды талкуулап бүткөндөн кийин, презентация өткөрүлөт. Анын жүрүшүндө суроолор берилип, кошумчалар жана башка катышуучулардын пикирлери айтылат. Мугалим ар бир группанын презентациясына тыянак чыгарса болот.

**Сабактын жыйынтыгын чыгаруу**

Презентациянын натыйжасы боюнча талкуулоону аяктоону чечкениңизде, жыйынтыктоо үчүн группаны топтоңуз.

**Резюме:** окуп үйрөнгөн мыйзамдык-нормативдик актылар мектеп билим берүүсүнүн жеткиликтүүлүгү жана милдеттүүлүгү жөнүндө жалпы маалымат берет, кыйын турмуштук абалдагы балдардын сабактан калуусун кыскартуу боюнча ар түрдүү чаралар ишке ашырылат. Мындан тышкары, билим берүү системасында ата-энелердин балдарды жакын жердеги мектепке которуусуна, үйдө окутуусуна, кечки жаштардын окуусуна, сырттан окутууга, экстернат ж.б. балдар ар түрдүү жалпы орто бим алуусуна мүмкүнчүлүк берген, “коопсуздук түйүнү” аттуу чаралары каралган. Ошону менен бирге, бул чаралар жетишсиздигин белгилөө керек, социалдык алсыз категориядагы балдарды эске алуу менен иштин жаңы формаларын түзүү жана альтернативдүү жолдорун табууну иштеп чыгуу максаты практикалык керектүүлүк болууда. Аны менен, бул проблеманын чечилүүсү, ким болбосун өз турмушунда каалаган учурда. Мектепке келип базалык билим алуусун аяктоосу үчүн, ар бир балага кошумча мүмкүнчүлүк берүүчү, билим берүүнүн ыңгайлуу системасын түзүүгө жана колдоого багытталган жалпы саясаттын бөлүгү болуп эсептелээрин, эске алуу маанилүү.

## Тема 2.2. Иштеп жаткан балдар үчүн кошумча билим берүү мүмкүнчүлүктөрү

**Сабактын максаттары:**

1. Чүй областынын Москва жана Ысык-Ата райондорундагы формалдуу эмес билим берүү боюнча иш тажрыйбасы менен тааныштыруу.
2. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмунда балдарга кошумча билим берүү жөнүндөгү Жобонун долбоорун окуп үйрөнүү боюнча практикалык сабак өткөрүү.

**Ресурстук материалдар**: ватман кагазы, ручкалар, карандаштар, маркерлер, тексттер: Чүй областынын Москва жана Ысык-Ата райондорунун пилоттук метептеринде иштеп жаткан балдарга формалдуу эмес билим берүүнү киргизүүнүн тажрыйбасы боюнча текст, Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмунда балдарга кошумча билим берүү жөнүндөгү Жобонун долбоорунун тексти.

**Методдор**: интерактивдүү мини-лекция, дискуссия, группаларда иштөө, демонстрация, презентация.

**Мини-лекция**

Бул маселени чечүүнүн жолдорунун бири “формалдуу эмес билим берүү” болуусу мүмкүн, балдардын алсыз категоряларынын муктаждыгын жана мектеп билим берүү системасына кайтаруу үчүн аларга “экинчи шанс” берүү эске алуу менен, ал чет өлкөлүк практикада кенен колдонулат.

Формалдуу эмес билим берүү деген эмне? Формалдуу эмес билим берүү, окутуучу ишмердүүлүк катары, мамлекеттик (формалдуу) билим берүү системасынан тышкары уюштурулат.

**Формалдуу эмес билим берүү** – тренер же репетитор менен индивидуалдык сабактар мезгилинде, окутуу мекемелеринде же коомдук уюмдарда, клубдарда жана кружоктордо максаттары, методдору жана окутуунун жыйынтыктары так аныкталган, атайын билим берүү жайларынан сыртта өтөт. Көпчүлүк учурда максаттуу багытталган жана системалык мүнөздө болот, окутуу бүткөндө документ берилбейт, билим берүүнүн жана жумуш ишмерүүлүктүн бардык этабында сунушталып, ар кандай курстардан, тренингдерден, кыска программалардан турат.

Көпчүлүк өлкөлөрдө анык макамы бар формалдуу эмес билим берүү, биздин республикада термин катары нормативдик документтерге киргизилген эмес, ошол себептүү балдар эмгегин кошо, кыйын турмуштук абалда калган себептүү билим берүү системасынан чыгып калган, балдарды окутуу маселелерин чечүүдө кыйынчылыктар жаралат.

Мисалы, формалдуу эмес билим берүү бар өлкөлөрдө, ал өзүнө өз алдынчалык, профессионалдык жана жалпы маданият билимдерине окутууну, мектепке барбаган балдарды жана өспүрүмдөрдүн базалык билим алуусуна, билимин жогорулатууга багытталган ишмердүүлүктү кошот. Мындай окутуучу иш-чаралардын максаттары так коюлуп, узактыгы жана уюштуруу структурасы менен айырмаланышат.

Формалдуу эмес билим берүү мамлекеттик формалдуу билим берүүнү толуктоосу мүмкүн, ал мектеп билим берүү системасына кошулбаган, балдарды окутуудагы жана билим берүү системасындагы мүчүлүштүктөрдү жеңип өтүүгө жардам берет. Айрым мамилелерде формалдуу эмес билим берүү окутуунун ыңгайлуураак программаларын берет, балдардын талаптарына туура келет, мектеп жашындагы балдардын жана өспүрүмдөрдүн сабактарга катышуусун жогорулатат, тил, убакыт жана окутуучу жай мамилелеринде жеткиликтүү болуп эсептелет.

Мындан тышкары, ал формалдык эмес билим берүү деңгээлинде пландаштыруу жана билим берүү программаларын ишке ашырууга жарандык коомду, ата-энелерди тартуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү жаратат.

Мындай формалдуу эмес билим берүү жалпы билим берүү мектебинде уюштурулуусу мүмкүн, бирок окуу сабактарынан тышкары жана жумуш жана мектеп ортосунда “көпүрө түзүү” максатын коет, себеби көбүнчө иштеп жаткан балдарды тикеден мектепке өткөрүү мүмкүнчүлүгү жок болуп жатат. Бул учурда, өткөрүүчү билим берүүнүн ролу, иштеп жаткан балдарга экинчи шанс берип, аларга теңтуштарына “жетип алуусуна” жардам берүүдө болот.

Базалык программалар менен формалдуу эмес билим берүү программаларынын ортосунда бекем байланыш сакталат, себеби негизги билим берүүсүз узак мөөнөттүү келечекке окууну ийгиликтүү улантуу мүмкүн эмес.

Көбүнчө иштеп жаткан балдар билим алууну улантууга чоң кызыгуу менен карашат. Алар орто жалпы билими жөнүндө күбөлүк жана аттестат алууга умтулушат. Ал эми улуу жаштагы балдар окуу менен биргеликте профессионалдык билимдерди берүүчү, мындай программаларды кошумча окууну каалашат.

Кыргызстанда мындай формалдуу эмес билим берүүнү киргизүү боюнча Чүй областынын Москва жана Ысык-Ата райондорунун пилоттук мектептеринде эксперимент ишке ашырылган (Мугалим үчүн ресурстук материалды *караңыз*).





## Чүй областынын Москва жана Ысык-Ата райондорунун пилоттук мектептеринде формалдуу эмес билим берүүнү киргизүү тажрыйбасы

2011-2012 - жылдары эксперименталдуу режимде, иштеп жаткан балдар үчүн формалдуу эмес билим берүүнүн формасы киргизилген, "Кыргыз Республикасынын Чүй областынын Москва жана Ысык-Ата райондорунда балдар эмгегинен эркин аймактарды түзүү[10]" пилоттук долбоор ишке ашырылган.

Бул райондордо жергиликтүү башкаруу органдарынын катышуусу менен 8 жаштан 17 жашка чейинки иштеп жаткан 140 бала аныкталган, алардын ичинен 65 кыз жана 75 бала долбоордун катышуучусу болушту. Балдар ишке тартылган чөйрөлөр төмөнкүлөр болду:

- Эмгек биржасы (14 кыз, 20 бала);
- Талаа жумуштары (17 кыз, 18 бала);
- Кийим тигүү цехи (3 кыз);
- Курулуш (7 бала);
- Бөтөлкөлөрдү жууп тазалоо (2 кыз, 4 бала);
- Мал багуу (13 бала);
- Үй чарбасы (20 кыз, 17 бала);
- Кафе (2 кыз);
- Көмүр кампасы (3 бала).

Бардык эмгекке тартылган балдар мектепке дайыма барчу эмес же таптакыр барчу эмес.

[10] Токтогулова А., Бредихина В.А., Кыргыз Республикасынын Чүй областынын Москва жана Ысык-Ата райондорунда балдар эмгегинен эркин аймактарды түзүү.-Б.:2012. – 52 б.

Балдардын жана өспүрүмдөрдүн жалпы саны шарттуу түрдө категорясы жана курагы боюнча 3 группага бөлүнгөн:

- Эмгектин эң оор түрлөрүнө тартылган балдар (8 жаштан 15 жашка чейинки 40 бала);

- Эмгектин эң оор түрлөрүнө тартылуу тобокелчилигиндеги балдар (8 жаштан 16 жашка чейинки 60 бала);

- Эмгектин эң оор түрлөрүнө тартылуу тобокелчилигиндеги балдар жана өспүрүмдөр (14-15 жаштан 17 жашка чейинки 40 бала). Бул категорядагы балдар үчүн алардын ата-энелеринин макулдугу менен өз тандоосуна жараша, 3 айлык профессионалдык даярдоо курстары уюштурулган (чачтарачтар, тигүүчүлөр, компьютер менен иштөөчүлөр).

Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө 4 пилоттук мектепте балдар 9 ай аралыгында 1 сааттан жумасына 3 жолу формалдуу эмес окутуу пророграммасы боюнча окушту. Баары болуп 8 группа (ар бир мектепте экиден) түзүлгөн, аларда балдар менен кошумча алектенилип, балдар бир класста окуган өз теңтуштарына жетип алуу мүмкүнчүлүгүн алышты.

Формалдуу эмес билим берүү боюнча сабактарды, бул балдар менен иштөөнү каалашкан, 10 педагог ишке ашырышты.

Окуу программасы интерактивдүү окутуунун методдорун колдонуу менен баштапкы билим берүүнүн математикасынын жана билимдүүлүктүн негиздерин камтыган, ал үчүн улуттук контексте адаптацияланган, "Формалдуу эмес билим берүү боюнча мугалимдер үчүн методикалык пособие[11]" колдонулду.

Иштеп жаткан балдар үчүн формалдуу эмес билим берүүнү уюштуруу үчүн, атайын окуудан өтүшкөн, пилоттук мектептердин жетекчилери жана мугалимдери даярдалган. Пилоттук райондордон 50 мектеп директорлорунун жана мугалимдеринин, жергиликтүү бийлик органдарынын өкүлдөрүнүн, билим берүүнүн райондук бөлүмдөрүнүн адистеринин жана профсоюздук комиттеттердин мүчөлөрүнүн катышуусу менен эки семинар өткөрүлдү.

Катышуучулар балдар эмгегинин эң оор түрлөрүнүн кооптуулугунда калган жана ага тартылган, балдардын муктаждыктарына багытталган окуу программаларын иштеп чыгууну үйрөнүштү (БЭЭОТ).

Долбоордун колдоосунда, формалдуу эмес окутуу класстарында (группаларда) окуу сабактары үчүн ресурстар даярдалган: магниттик доскалар, флипчарттар, ватман кагаздары, боектор, плакаттар, таратылуучу дидактикалык материалдар, китептер, методикалык пособиелер ж.б.

Формалдуу эмес группаларда класстан тышкары иш-чаралар үчүн аппликациялар, конструкторлоо үчүн, стол үстүндөгү оюндар, окутуучу, кызыктуу, музыкалык видеодисктер, ошондой эле телевизорлор, видео коюлуучу ж.б. жабдыктар сатып алынган.

Формалдуу эмес билим берүү боюнча пилоттук мектептерде окуган балдар, керектүү кийим, бут кийим, окуу жана кеңселик буюмдарды алышты.

---

[11] Албана Маркья. Формалдуу эмес билим берүү боюнча мугалимдер үчүн методикалык пособие.– Б.: "Maxprint". – 2013. – 36 б. (орус жана кыргыз. т.).

Жума сайын формалдуу эмес билим берүү боюнча группаларда сабак берүүчү мугалимдер, долбоорду ишке ашырууга ата-энелерди тартуу жана аларга жардам берүү үчүн балдардын үй-бүлөлөрүнө барып турушту.

Пилоттук мектептердин жетекчилери педагогдор жана психологдор менен биргеликте, ата-энелер менен индивидуалдык жана группалык жолугушууларды өткөрүп турушту, ал жүрүшүндө биргеликте баланы окутуунун жана анын мындан аркы тагдырынын маселелери чечилип жатты.

Педагогдор бул жолугушууларда баланын эрте жумушка баруу чөйрөсүнө баруусунун кесепеттери, ден-соолугуна зыяндуулук тобокелчиликтери жөнүндө айтып, билим берүүнүн баалуулугун далилдеп жатышты.

Мындай жолугушуулардын жүрүшүндө мектеп жашындагы балдардын өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү, гигиенанын суроолору, тамактануу, ден-соолук жана үй-бүлөнү пландаштыруу маселелери көтөрүлүп жатты.

Долбоорду ишке ашыруудан кийин балдар эмгегинен чыгарылды:

***Биринчи группанын балдары*** – 40 адам. Алардын ичинен 15 адам 9 классты бүтүрүштү жана негизги билимди алышты, 23 бала окуу жылын ийгитликтүү аякташты жана мектепте окууну улантууда, 2 адам күзгү кайра экзамен берүүгө калтырылган (кийинки класска шарттуу түрдө которулган), бир бала тентүүлөрдөн жана жалданып иштөөдөн кийин өз энесин таап, үй-бүлөсүнө кошулду.

***Экинчи группада***, жумушту баштоо тобокелчилигиндеги балдар, жалпы саны 60 адамды түзүп, ушундай эле оң жыйынтыкка жетишишти. Алардын ичинен 23 адам 9 классты бүтүрүшүп, негизги билимди алышты, 33 бала окуу жылын ийгиликтүү аякташты жана мектепте окууну улантышат, бир окуучу тартип бузганы үчүн интернатка жөнөтүлдү, 1 окуучу үй-бүлөлүк шарттарына байланыштуу үй-бүлөлүк балдар үйүнө бөлүндү, ал эми 2-окуучу жөнөкөй интернатка бөлүндү, 1 окуучу ден-соолугуна байланыштуу үйдө окууга өткөрүлдү (оору оор эмгектин кесепетинен пайда болгон).

***Окуучулардын үчүнчү группасы*** – 40 бала чачтарачтар, тигүүчүлөр, компьютерде иштөөчүлөр адистиктери боюнча профессионалдык курстарды бүтүрүштү. Алардын ичинен 5 адам үйрөнгөн адистиктери боюнча дароо жумушка киришти, 15 адам профессионалдык колледждерде окууну улантышты, 6 адам мектепте окууну улантышты, 14 адам окуу жылын аяктагандан жана негизги билимди алгандан кийин жумушка барууну каалашты.

**Долбоорду ишке ашыргандан кийин алынгшан сабактар**

1. Формалдуу эмес билим берүү “экинчи сорттогу” системага айланбоосу керек, себеби бул айрым балдардын группалары үчүн билим алууда мүмкүнчүлүктөрдүн теңсиздиктерин түзөт же бекемдейт.

2. Формалдуу эмес жана негизги мектептик билим берүүнү пландаштыруу, координацияланган болуусу жана билим берүүнү пландаштыруучу структуралар, экономикалык эффективдүүлүк жана туруктуулук сыяктуу көрсөткүчтөрдү эске алуусу керек.

3. Формалдуу эмес билим берүү көпчүлүк учурда билим берүүнүн сапаттуулук стандарттарына туура келбейт. Бул окутуунун жыйынтыктарынын көзөмөлдөнбөөсү жана инспекция жүргүзүлбөөсү менен байланышкан. Формалдуу эмес билим берүүнүн аша чапкан ыңгайлуулугу талаптарды жетишсиз сактоого алып келүүсү мүмкүн, ал окуучулардын көз алдында билим берүүнүн баалуулугун төмөндөтүүсү мүмкүн.

## Долбоордун жыйынтыктары боюнча иштеп жаткан балдардын мисалдары

***Асан жан Үсөн бир туугандардын окуясы***

Ош областынын Сүлүктү шаарынан келген Асан жана Үсөн бир тууган – эгиздерди армияга чакыруулары мүмкүн, алар 18 жашка чыгышты. Бирок бул жаш адамдардын алигиче паспорттору жок. Азыр алар ата-энелери менен бирге, "Дордой" жаңы конушундагы ижарадагы квартирада турушат. Өз айылындагы мектепте алар 3-класска чейин окушкан, ал эми Бишкекте чоңдор аларды окууга бербөөнү чечишкен. Ар күнү Асан менен Үсөн биригип "Дордой" базарында, коробка топтоп, ар кандай жумуштарды аткарып, иштешти, андан кийин курулуш иштеринде иштей башташты.

Эл аралык Эмгек уюмунун долбоорунун шаңы менен, бир туугандар өткөн жылдан баштап пилоттук мектепте окушуп, алтынчы классты аякташты. "Башында бир топ эле кыйын болгон, бирок, убактысы менен жеңилдей баштады – деп эскеришет алар – материалдардын айрымдарын түшүнбөйбүз бирок абдан окугубуз жана мындан ары өнүккүбүз келет. Мектепте оор жумуштан эс алууга болот".

Бул жайда балдар Казахстанга курулушта иштегени барышат. Бирок Бишкеке жаңы окуу жылына келүүгө убада беришет: мектеп билимсиз алар эңсеген курулуш окуу жайын бүтүрүү мүмкүн эмес. Ошондо алар "көп акча таап, үй куруп, машина ала алышат".

Балдар дагы, көп балалуу болууну, өз балдарына жакшы билим берүүнү каалашат. Үсөн болочок балдарына кандай адистик берүүнү да ойлоп койгон: бири врач болот, экинчиси – юрист, ал эми үчүнчүсү – мугалим.

***Нуркыздын окуясы***

14 жаштагы Нуркыз Бишкекте төрөлгөн. Апасы, эжеси жана 6 жаштагы иниси менен алар, "Дордой" базарынан алыс эмес жайгашкан жаңы конушта, чоң эмес темир вагончикте жашашат. 42 жаштагы апасы эч жерде иштебейт, атасы каза болгон. Кыздар мурун Ош базарынын жанындагы №10 кечки мектепте окушкан. Бирок "Келечек" жаңы конушуна көчкөнгө байланыштуу алар мектепти таштап кетишкен: окууга барууга акча жок болчу. Кырсык белгилүү болгондой жалгыз келбейт – алардын апасы инсульт болуп больницага жатып калган. Кыздар кийим тигүү цехине жумушка киришкен, тамак ашка жана апасынын дарылануусуна акча таап турушкан.

Эже сиңдилер окуу мүмкүнчүлүгүнө абдан кубанышты жана сабактарды жакшы окуганга аракеттенишет, көңүл коюп угуп, суроолорду беришет. Нуркыз алтынчы класста окуйт, ал эми Жылдыз – жетинчиде. Экөө тең орус тилинде жакшы сүйлөшөт. Нуркыздын жакшы көргөн предметтери: орус, кыргыз жана англис тилдери, биология, математика, ал абдан жакшы сүрөт тартат, жана врач болгусу келет. Ал эми Жылдыз ырдаганды жакшы көрөт, анын үнү абдан жакшы. Ал ырдаганда баары угуп калышат. "Балдар эмгегине жок!" долбоорунун мезгилинде ал өз талантын көрсөтүүгө жетишти.

Эже-сиңдилердин стимулу бар: эгерде алар жакшы окушса, аларды жөнөкөй мектептеги жөнөкөй класска, Гүлзина ортагына окшоп, которушат. Мектепке кыздар жөө басып барышат, жолго бир саат убакыт кетет. Айрым учурларда гана бир аз акча болуп калганда, кыздар мектепке коомдук транспорт менен барышат, ал эми үйгө кайтканда дайыма жөө келишет. Азыр Нуркыз кийим тигүү цехинде кечки саат 5-6 дан түнкү 12 ге чейин иштейт. Үйүнө тайке

машина менен жеткирип турат, ал киши да ошол жакта иштейт. Эжеси үй иштерин аткарат, жайында ал да цехте иштейт.

Бирок Нуркыз жана Жылдыз арызданышпайт. Алардын эң чоң тилеги – алардын апасынын дайыма тирүү жана ден-соолукта болуусу. Жана алардын өздөрүнүн жылуу үйү болуусу... Үй-бүлө аларга керектүү болгон үй буюмдары, идиш-аяк, кийим, эрте бузулбаган продукталардан, кайдыгер эмес жарандардын жардамдарынан баш тартпайт.

***Сабирдин окуясы***

Апасынын алыс тууганы, ал жалгыз өзү 5 баланы багып тарбиялай албайт деп, Сабирди алып кеткен. Сабир 5 жашынан баштап алыс тууганынын үйүндө кулдардын шартында жашаган. Апасы жөнүндө ага, ал аракеч, Сабирди таштап кеткен деп айтышчу. Ал жеген тамагына иштеп бериш керек болчу. Ошондуктан Сабир үй ичинде бардык жумуштарды аткарчу, Сабирге өзүн "чоң атаң болом" деп тааныштырган алыс тууганы, ларек сатып алып, Сабир чоңойгондо аны ларекте ар кандай жумуштарды аткарууга мажбурлаган. Өзгөчө жүктөөчү жумуштарды аткаруу кыйын болчу. Бир жолу бала оор жүк көтөрөм деп, омурткасынан грыжа оорусуна чалдыкты. Долбоордун мониторлору баланы табышканда, ал ооруканада дарыланууда болчу. 14 жашка толгон Сабир, компьютер менен иштөөгө үйрөтүү курсуна жазылып, ошол эле мезгилде формалдуу эмес окутуу боюнча группага барып жатты. Оруканадан чыккандан кийин аны тууганы үйүнөн кууп жиберип, бала айылдын ар бурчунда тентип жүргөн.

Мониторлор жергиликтүү бийлик өкүлдөрү менен иш жүргүзгөндөн кийин, училищенин турак-жайына жайгаштырышкан, кийинчерээк анын апасы табылып, ал 4 баланы тарбиялап жаткан жакшы эне болуп чыккан. Ал баласын өз үйүнө алып кетти. Азыр Сабир 9 класстын экзамендерин тапшырууга даярданып жатат, андан кийин ал окууну училищеде улантат.

## Сабактын практикалык бөлүмү

Группаларда иштөө. Катышуучуларды 3 группага бөлүп, ресурстук материалдарды бөлүктөр боюнча таратып берүү керек: Жалпы билим берүү уюмунда балдарга кошумча билим берүү жөнүндөгү Жобонун долбоору.

**Тапшырма:**

1. Жалпы билим берүү уюмунда балдарга кошумча билим берүү жөнүндөгү Жобонун текстин окуп чыгуу.
2. Өзүнүн мектебинде кошумча билим берүү мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо.
3. Өзүнүн иштеп чыккандары боюнча презентация өткөрүү.

**Мугалимдин эсине:**

Чүй областынын Москва жана Ысык-Ата райондорунун пилоттук мектептеринде өткөрүлгөн формалдуу эмес билим берүү боюнча эксперименттин жыйынтыктары, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлигине, Кыргыз Республикасынын балдарга кошумча билим берүү мектептен тышкы мекемеси

жөнүндөгү Типтүү жобону кайрадан карап чыгып, анын негизинде Жалпы билим берүү уюмунда балдарга кошумча билим берүү жөнүндөгү Жобонун долбоорун иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк берди. Ага жалпы билим берүү уюмунда кошумча билим берүү чегинде, кыйын турмуштук абалдагы балдарды окутууну эске алган, формалдуу эмес билим берүүнү кошкон, негизги мазмууну кошулган.

Бул Жобо азыр талкуулоо стадисында турат, ошондуктан жалпы билим берүү мектебинин базасында аны ишке ашыруу контекстинде угуучулар менен бул долбоорду талкуулоо маанилүү.

Бул материалды группаларда окуп үйрөнүүдө “акыл салыш” методикасы эффективдүү болуусу мүмкүн, анын баяндамасы төмөндө берилген.

***«Мозговой штурм – акыл салыш»*** - *(англ. – brainstorming)* – бул методдо берилген суроого бардык жооптор кабыл алына берет.

Акыл салыш мезгилинде, айтылган пикирлерге баа берүү маанилүү эмес, манилүүсү алардын айткан жоопторун тактайга же кагазга жазып туруу. Катышуучулар алардын жоопторуна түшүндүрүү же негиздөөлөрдүн керек эместигин билүүсү керек.

“*Акыл салыш*” – бул маселени чечүү үчүн идеяларды жаратуунун жөнөкөй ыкмасы.

Акыл салыш мезгилинде катышуучулар өз идеяларын эркин айтып, пикир алмашышат, ошентип алар башкалардын идеяларын да өнүктүрүшөт.

*Акыл салыштын методикасы:*

1. Катышуучуларга талкуулоо үчүн анык тема же суроо берүү.
2. Бул боюнча өз ойлорун айтууларын сунуштоо.
3. Бардык айтылгандарды жазып туруу. Айтылгандар түшүнүксүз болсо, тактоого болот.
4. Бардык идеялар жана пикирлер айтылып бүткөндөн кийин, кандай тапшырма берилгенин кайталап коюу керек, жана бардык катышуучулар айткандарды окуп берүү керек.
5. Катышуучулардан, алардын ою боюнча бул алынган жыйынтыктардан кандай тыянак чыгарууга болот, жана бул берилген тема жана суроого кандай байланышы бар деген суроолорду берүү менен ишти аяктоо.

Акыл салышты аяктагандан кийин, бардык варианттарды талкуулап, негизги жана экинчи даражадагы жоопторду тандоо керек.

***1-группа үчүн ресурстук материал***

**Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмунда балдарга кошумча билим берүү жөнүндөгү ЖОБОСУ (долбоор)**

**Негизги терминдер:**

***Кошумча билим берүү*** **–** негизги билим берүү программаларынын чегинен сыртта ишке ашырылуучу, билим берүүнүн өзгөчө чөйрөсү. Кошумча билим берүүнүн максаты болуп, пророграммалардын жана кызматтардын мүнөзү боюнча – жалпы орто билим берүүнүн сапатын жогорулатуу эсептелет. Кошумча билим берүү программаларынын жана кызматтарынын багыттуулугу жалпы билим берүү мектептерин кошо, балдарга кошумча билим берүү ар кандай билим берүү мекемелеринде ишке ашырылуусу мүмкүн.

**Жалпы билим берүү уюмунда кошумча билим берүү** балдардын чеберчилик үйлөрүнүн, борборлоорунун максаттарын аткарат, бирок, өзүнүн спецификасы бар: негизги билим берүүнүн маңызына таянат; тарбия маселелерине өзгөчө көңүл бурулат; мектеп окуучуларынын сабактан тышкары мезгилдеги маданий кызыгуулары менен органикалык байланыш; окуудан артта калгандардын билимдерин толуктоо үчүн, окуу процессинде окуучулар дуушар болуучу, ар кандай татаалдыктарды жана жол болбоолорду компенсациялоо үчүн психотерапевтикалык функцияларды күчөтүү.

Жалпы билим берүү мектептеринде кошумча билим берүү жетишээрлик эффективдүү өнүгөт, эгерде ал өз алдынча уюмдук структура болуп түзүлүп, окуу-тарбиялык процесс менен тең укукта жана тыгыз байланышта иштесе. Анын ийгиликтүүлүгү кошумча билим берүү мугалимдери бул чөйрөгө тартылган, класс жетекчилердин, предметтик-мугалимдердин, социалдык педагогдордун, психологдордун кызматташтыгына жараша болот.

Кошумча билим берүү жалпы билим берүү мектебинде эки бириккен маселени чечет: негизги билим берүүнүн башкы баалуулуктарын позитивдүү кабыл алуу үчүн шарттарды түзөт, ошондой эле, анын кемчиликтерин компенсациялайт.

**Кошумча билим берүүнүн педагогу** - балдарга кошумча билим берүүнү ишке ашыруучу адис. Ал алардын кружоктордо, секцияларда, ар кандай багыттагы студияларда (билим берүү, көркөм, спорттук, техникалык, эколого-биологиялык, социалдык-педагогикалык ж.б.) өнүгүүсүн уюштурат.

Педагог билим берүү программасынын максаттары жана маңызына ылайыктуу балдар менен иштөөнүн формаларын жана методдорун тандоону ишке ашырат, индивидуалдык кызыкчылыктарды жана муктаждыктарды эске алат, чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрдү аныктап, алардын өнүгүүсүнө көмөк көрсөтөт. Ал ошондой эле кыйын турмуштук абалдагы балдарга колдоо көрсөтөт, аларга психологиялык, социалдык, окуу ж.б. кыйынчылыктарды жеңип өтүүгө жардам берет. Ал өзүнүн жумушунда кружоктордун, секциялардын, студиялардын ишине тартылган башка педагогдор жана адистер, ошондой эле ата-энелер менен кызматташат.

## I. Жалпы жоболор

1.1 Жалпы билим берүү уюмунда балдарга кошумча билим берүү жөнүндөгү Жобо локалдуу нормативдик акт болуп эсептелет.

1.2 Балдарга кошумча билим берүү (БКББ) ар түрдүү өнүктүрүүчү чөйрөлөрдө инсандык калыптануу процессин ишке ашыруу жана билим берүү сапатын жогорулатуу үчүн, жалпы билим берүү уюмунун бирдиктүү билим берүү аймагын түзүү максатында түзүлөт. БКББ базалык билим берүүнү өз ара толуктоочу компонент болуп эсептет.

1.3. БКББ 6 жаштан 18 жаш курагындагы балдардын педагогикалык максатка ылайыктуу, алардын бош убагында (окуудан тышкары) убакытты пайдалуу колдонуусу, ошондой эле базалык билим алууда алынбай калган билимдерди толуктоосу үчүн берилген.

1.4. БКББ табиятка ылайыктуулук, гуманизм, демократия, инсандын чыгармачыл өнүгүүсү, иш-аракеттин түрүн жана көлөмүн эркин тандоо, ар бир окуучунун мүмкүнчүлүктөрүн эке алуу менен билим берүүнүн жеткиликтүүлүгү жана

дифференциациалоо, анын ичинде кандайдыр бир себептер менен мектепке келбеген же мектепте окууну токтотууга тобокелчилиги бар, кыйын турмуштук абалдагы балдардын мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу принциптери менен уюштурулат.

1.5. БКББ бирикмелери (кружоктор, секциялар, клубдар, класстар, группалар ж.б.) мектептин педагогикалык кеңешинин сунушу боюнча жалпы билим берүү уюмдун директорунун буйругу менен түзүлүшөт, реорганизацияланат жана жоюлат.

1.6. Билим берүү программаларын жана билим берүү уюмдарын лицензиялоо жана аккредитациялоо (аттестациялоо), окуучуларды тестирлөө Кыргыз Республикасынын  бул чөйрөдөгү иштеп жаткан мыйзамдарынына ылайык ишке ашырылат.

1.7. БКББ жетекчиси болуп директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары эсептелет, ал ишти уюштурат жана анын жыйынтыктарына жоопкерчиликтүү болот.

1.8. БКББ билим берүү маңызы билим берүү программалары менен аныкталат – үлгүлүү, автордук, модификацияланган, адаптацияланган, инклюзивдик, интеграцияланган ж.б. Керетүү болгон учурда эксперимент коюлуусу жана тийиштүү прораммалардын иштелип чыгуусу, мектеп базасында экспенрриментaлдык аянттардын ачылуусу мүмкүн.

1.9. БКББ системасына окуучуларды кабыл алуу, класс жетекчинин, предметтик-мугалимдин, социалдык педагогдун сунушу, жергиликтүү башкаруу органынын социалдык маселелер боюнча Комиссиясынын жана балдар иштери боюнча  чечими боюнча, балдардын билим алуу тармагын жана билим алуу программаларын эркин тандоосунун негизинде ишке ашырылат.

Окуу чейрегинин аралыгында  мектеп сабактарын калтырган баланы БКББ жөнөтүү:

- 7 окуу күнүнө чейин класс жетекчи менен ишке ашырылат;
- 15 окуу күнүнө чейин мектептин директору жана социалдык педагогу менен ишке ашырылат;
- 30 окуу күнүнө чейин жергиликтүү бийлик органынын социалдык маселелер боюнча Комиссиясы менен ишке ашырылат;
- 30 окуу күнүнөн ашуун болсо, балдар иштери боюнча Комиссия менен ишке ашырылат.

1.10. БКББ структурасы жалпы билим берүү уюмдун максаттары жана тапшырмалары, ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларынын багытталуусу менен аныкталат жана төмөнкү бирикмелерди кошуусу мүмкүн: профилдик лабораториялар, кружоктор, студиялар, секциялар, клубдар, класстар же группалар ж.б.

1.11. БКББ штаттык курамы анын структурасына ылайык түзүлүп, өндүрүштүк керектүүлүктүн жана БКББ өнүктүрүүнүн  негизинде өзгөрүүсү мүмкүн (штаттык курамда методисттер, уюштуруучу-педагогдор, педагог-психологдор, социалдык педагогдор, кошумча билим берүү педагогдору ж.б. болуусу мүмкүн.). БКББ кызматкерлеринин ишмердүүлүгү тийиштүү кызматтык инструкциялар менен аныкталат.

1.12. БКББ бирикмелери негизинен мектеп имараттарында же келишимдин негизинде, башка кошумча билим берүү мекемелеринин имараттарында жайгашышат.

1.13. Билим берүү уюму өз ишмерүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамы, Кыргыз Республикасынын "Балдар жөнүндөгү" Кодекси, билим берүү башкармалыгынын тийиштүү органынын чечимдери, Жалпы билим берүү уюму жөнүндөгү Типтүү жобо жана башка Кыргыз Республикасынын аймагында иштеп жаткан, нормативдик укуктук документтерин жетекчиликке алып иш жүргүзөт.

1.14. Бул Жобонун негизинде ушундай эле окутуу ар түрдүү билим берүү мекелеринде: кечки, сырттан окутуу мектептеринде жана класстарында, психологиялык-педагогикалык реабилитациялоо жана коррекциялоо Борборлорунда, түзөтүү-эмгек мекемелеринин (ТЭМ) алдындагы кечки билим берүү мектептеринде жана тарбилоо-эмгек колонияларында мүлк формасына көз карандысыз, методикалык камсыздоосу, окуу процессин уюштурууга тийиштүү материалдык базасы жана кыйын турмуштук абалдагы балдарга профилактикалык жардам көрсөтүүгө мүмкүнчүлүгү бар жайларда уюштурулуусу мүмкүн.

## II. Балдарга кошумча билим берүүнүн маселелери

а. Жалпы билим берүү уюмунда балдарга кошумча билим берүүнү өнүктүрүү төмөнкү маселелерди чечүүгө багытталган:

- кошумча билим берүүдө окуп жаткандардын кызыкчылыктарын жана муктаждыктарын үйрөнүү;
- балдардын жаш курагын, мектептин түрүн, анын социалдык – маданий чөйрөсүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, кошумча билим берүүнүн маңызын, анын формаларын жана окуучулар менен иштөө методдорун аныктоо;
- бирдиктүү билим берүү аймагын түзүү үчүн шарттарды түзүү;

Кызыкчылыктар боюнча бирикмелерде алардын кызыкчылыктарын жана муктаждыктарын толугураак канааттандыруу үчүн кошумча билим берүү системасында чыгармачыл ишмердүүлүктүн түрлөрүн кеңейтүү;

- кошумча билим берүү сабактарына орто жана улуу курактагы окуучулардын көп санын тартуу үчүн шарттарды түзүү;
- окуучулардын руханий жана маданий баалуулуктарды, өзүнүн жана башка элдердин тарыхына жана маданиятына урмат көрсөтүүнү өздөштүрүүлөрү үчүн, максималдуу шарттарды түзүү;
- окуучулардын инсандык маселелерине кайрылуу, алардын ыймандуулук, чыгармачыл жана социалдык активдүүлүгүн калыптандыруу;
- кыйын турмуштук абалдагы балдарды колдоо, реабилитациясын жана адаптациясын, социалдык коргоону камсыздоо;
- мектепке келбеген же мектепке келбей калуусу мүмкүн болгон, сабакты көп калтырган, аларды милдеттүү билим берүү системасына өткөрүү керек болгон, балдар үчүн, кошумча окутууну уюштуруу (тобокелчилик группасындагы балдар: иштеп жаткан балдар, балдар-мигранттар ж.б.).

## III. Балдарга кошумча билим берүү системасында билим берүү процессинин маңызы

3.1. Кошумча билим берүүдө ар түрдүү деңгээлдеги программалар (мектепке чейинки билим берүү, баштапкы жалпы билим берүү, орто жалпы ж.б.); багыттар (билим берүү, көркөм эстетикалык, физкультура-спорттук, илимий-техникалык, социалдык-педагогикалык ж.б.) ишке ашырылат.

3.2. БКББ сабактары бир тематикалык багытталган же комплекстүү (интеграцияланган) программалар боюнча өткөрүлүүсү мүмкүн. Комплекстүү программаларды ишке ашырууга эки же андан көп педагогдор тартылуусу мүмкүн, алардын ортосундагы окуу оордугун бөлүштүрүү билим берүү программасында көрсөтүлөт.

3.3. Билим берүү программасынын мазмууну, формалары жана аны ишке методдору, бирикменин сандык жана курактык курамы, педагог менен өз алдынча, билим берүү-тарбиялык максаттарга, психологиялык-педагогикалык максатка ылайыктыгына, санитардык-гигиеналык нормаларга, материалдык-техникалык шарттарга ылайык аныкталат, ал окуу программасынын түшүндүмө бөлүгүндө көрсөтүлөт.

3.4. БКББ педагогикалык кызматкерлери үлгүлүү программаларды колдонуусу, өз алдынча программаларды жана аларга тийиштүү тиркемелерди  иштеп чыгып, же балдарга кошумча билим берүү боюнча башка мекмелердин программаларын колдонуусу мүмкүн.

## IV. Билим берүү процессин уюштуруу

4.1. Мектептин кошумча билим берүүсүндө билим берүү процессин уюштуруу, ишмердүүлүк практикасына заманбап педагогикалык технологияларды киргизүүгө мүмкүнчүлүк жаратуучу, өзгөчөлүктөрү менен мүнөздөлөт:

- окутулуп жаткан балдар негизги окуу убактысынан бош мезгилде сабакка келишет;
- окутуу бардык тараптардын ыктыяры менен уюштурулат (балдар, ата-энелер, педагогдор);
- психологиялык атмосфера формалдуу эмес, комфорттук мүнөздө болуп, станддарттар жана милдеттер менен регламенттелбейт;
- балдарга өз кызыкчылыктарын канаатандыруу мүмкүнчүлүгү берилип жана ар түрдүү багыттар жана сабактын түрлөрү сунушталат;
- балдарга бир группадан экинчи группага өтүүгө уруксат берилет (темасы, курактык курамы, интеллектуалдык өнүгүүсү боюнча).

4.2. БКББ иши мектеп директору менен бекитилген, окуу-тематикалык пландардын, билим берүү программаларынын негизинде ишке ашырылат.

4.3. БКББ окуу жылы 1-сентябрьда башталат жана өтүп жаткан жылдын 31-майында аяктайт. Сабактарды калтырган, мектепке келбеген же жакын арада мектепке келбей калуу тобокелчилигиндеги (тобокелчилик группасындагы балдар: иштеп жаткан балдар, балдар-мигранттар ж.б.), окуудан калган, кошумча класстарда

жана группаларда окуган балдар үчүн окуу мөөнөттөрү педагогдун кароосу жана мектептин педагогикалык кеңешинин чечими менен коюлат.

Жайкы эс алуу каникулдар мезгилинде окуу процесси улантылуусу мүмкүн (эгерде бул билим берүү прораммасы менен караштырылган болсо) походдор, сборлор, экспедициялар түрүндө, ар кандай лагерлерде ж.б.

4.4. Балдарга кошумча билим берүү системасында сабактардын расписаниеси, жалпы билим берүү уюмунда алар милдеттүү балдар жана өспүрүмдөр менен иштөө нагрузкасы болуп эсептелгендигин эске алуу менен түзүлөт. Ушуга байланыштуу балдарды БКББ кабыл алууда, керек учурда бала ден-соолугу тууралуу врачтан справка жана тандалган профиль боюнча кошумча билим берүү группаларында окууга мүмкүнчүлүгү жөнүндө тыянактарды берүүсү керек.

4.5. Сабактардын расписаниеси окуу жылынын башында, окуучулардын эмгек жана эс алуусунун жагымдуу режимин эске алуу менен, педагогикалык кызматкерлердин сунуштары боюнча администрация менен түзүлөт. Расписание директор менен бекитилет. Сабактарды жылдыруу же өзгөртүү жалпы билим берүү мектебинин администрациясынын макулдугу менен гана жүргүзүлүп, документтештирилет. Мектептик каникул мезгилинде сабактар атайын расписание боюнча өткөрүлүүсү мүмкүн.

4.6. Сабактардын узактыгы жана алардын жумадагы саны, педагогдун билим берүү программасы, ошондой эле, балдарга кошумча билим берүү уюмунун балдардын ишмердүүлүк режимине койгон талаптары менен аныкталат.

4.7. Программага ылайык педагог билим берүү-тарбиялык ишмердүүлүктүн ар түрдүү формаларын колдонуусу мүмкүн: аудиториядагы сабактар, лекциялар, семинарлар, практикумдар, экскурсиялар, концерттер, көргөзмөлөр, экспедициялар ж.б. Сабактар группанын толук курамы менен өткөрүлгөндөй эле, звенолордо (3-5 адам) индивидуалдык сабактар өткөрүлүүсү мүмкүн.

4.8. Педагог окуу-тарбиялык процесстин чегинде баа коюу, убакыт аралыгы жана окуучуларды аттестациялоонун системасын өз алдынча тандайт.

4.9. Мектепке келбеген балдарды БКББ кабыл алуу программаны өздөштүрүү жана базалык билим берүү системасына кайтаруу үчүн каралган мөөнөттөрдө ишке ашырылат.

4.10. Балдардын ишмердүүлүгү бир жаш куракта кандай болсо, түрдүү жаш куракта да ошондой ишке ашырылат (клуб, студия, ансамбль, театр ж.б.). Бирикменин ишинде ата-энелер, тизмеге киргизилбестен жана педагогдун макулдугу менен катыша алышат.

4.11. Ар бир окуучунун түрдүү багыттагы бирикмелерде алектенүүгө, ошондой эле окуу багытын өзгөртүүгө укугу бар.

4.12. БКББ билим берүү процессинин маңызын, анын формаларын жана окутуу методдорун жакшыртууга, ошондой эле кызматкерлердин педагогикалык устаттыгын жогорулатууга багытталган методикалык иш жүргүзүлөт.

## V. Кыйын турмуштук абалдагы балдар үчүн кошумча билим берүү

5.1. Кошумча окутуунун максаты болуп – кошумча билим берүү системасында жагымдуу окуу шарттарын түзүү шарттарында, жетишүүгө мүмкүн болгон, кыйын турмуштук абалда калып, окууга муктаждыкты сезген, балдардын мотивациясын жана активдүүлүгүн жогорулатуу.

5.2. Кошумча билим берүү, милдеттүү базалык билим берүү программалары боюнча окуган өздөрүнүн теңтуштарынан өнүгүүдөн артта калбоосуна, кыйын турмуштук абалда калган балдарга мүмкүнчүлүк берүүчү окутуунун формасы болуп эсептелет.

5.3. Сабакты калтырган, мектепке келбеген же мектепке келбей калуу тобокелчилигиндеги (тобокелчилик группасындагы балдар: иштеп жаткан балдар, балдар-мигранттар ж.б.), окуудан калган балдар, класс жетекчилерге, предметтик-мугалимдерге, социалдык педагогдорго жергиликтүү бийлик органынын социалдык маселелер боюнча Комиссиясынын жана Балдар иштери боюнча Комиссиянын чечими менен кошумча окууга жөтүлүүлөрү мүмкүн.

5.4. Кыйын турмуштук абалдагы балдар үчүн кошумча билим берүүдө, алардын инсандыгына багытталган мамиле аркылуу индивидуалдуулугун эске алуу менен окутууну камсыздоо жана балдардын ортосундагы айырмачылыктарды танууну билдирген, инклюзивдик мамиле керек. Көпчүлүк учурда бул балдар кыйын турмуштук абалда калгандыктан сабакты калтырышат, мектепке келишпейт же мектепке келбей калуу тобокелчилигинде болушат. Аларга балдар эмгегинин эң оор түрлөрүндө иштеген балдар, мигрант-балдар, социалдык жетимдер ж.б., сабакты көп калтыргандар жана базалык билим берүү системасына кайрылып келүүгө мүмкүнчүлүк алууга мүмкүндүгү бар балдар кирет.

5.5. Кыйын турмуштук абалда калган балдар үчүн кошумча билим берүүнү уюштурууда, жаш курактагы, жөндөмдүүлүктөрдөгү, маданиятта, динге ишенүүдөгү, жашаган жеринин, ден-соолугунун, социалдык жана этникалык таандыгынын айырмачылыктарын эске алуу керек.

5.6. Кыйын турмуштук абалда калган балдар үчүн кошумча окутуунун окуу программасы төмөнкүлөрдү камтуусу керек:

- аларга керек болгон билимдерди, өнөрлөрдү жана баалуулуктарды кошо, бардык балдар үчүн түзүлгөн максаттардын жана маселелердин кенен топтомун;
- күндөлүк турмушта алар дайыма кабылуучу маселелердин түрдүүлүгүнө туура келүүчү, ыңгайлуу программанын структурасын;
- окутуунун мазмууну, балдардын реалдуу социалдык маселелери, актуалдуу суроолору менен байланышкан билимдерге, өнөрлөргө жана баалуулуктарга туура келүүсүн;
- кыйын турмуштук кырдаал, жана мектепке келбөөнүн себептери ж.б. балдар өздөрү кабылган кырдаалга байланыштуу талкуулоолорду жана тематика боюнча тапшырмалардын түрлөрүн.

5.7. Кошумча окутуу программасы боюнча өткөрүлүүчү сабактардын макамы:

- педагог өз алдынча иш-чараларды пландаштырат, темасын, группада аткарыла турган иштердин түрлөрүн жана максаттарын тандайт. Ага группаларда окутуунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн жаңы формаларды жана методдорду издөө жана аппробация мүмкүнчүлүгү берилет;

- балдарга жашына карабастан бардык татаал тапшырмаларды бирдей аткарууга мүмкүнчүлүк берүүгө иштеп чыгылган тапшырмалар, окутуунун деңгээлин аныктоо менен байланышкан эмес;

- тапшырмаларды аткаруу мөөнөтү бир сабактан узак болуусу жана материалды жакшы түшүнүүгө көмөк көрсөтүүсү мүмкүн, ошондой эле баллдар менен бааланбайт;

- кыйын турмуштук абалда калган балдарды кошумча окутууда окуу программасынын тапшырмаларын колдонуу, балдардын азыркы маселелеринин контексинде окуу предметтерине жакындатуу мүмкүнчүлүгү катары каралат. Мугалим балдарга татаал окуу предметтерин күндөлүк турмушунда кабылып жаткан турмуштук проблемаларды окуу билимине жана социалдык маселелерге интеграциалоо катары, жеткире билүүсү керек.

5.8. Педагогдор ошондой эле, базалык окутууда балдар окушкан, предметтин окуу программасынын мазмууну менен байланышкан тапшырмаларды эске алуусу жана пландаштыруусу керек. Окуу программасынын мазмуунун интерпретациялоо, бул предметтин регламенттелген чегинен тышкары, балдарды жана өспүрүмдөрдү активдүү тартуучу, чыгармачыл тапшырмалар аркылуу жүргүзүлүүсү керектигине көңүл буруу керек.

5.9. Окууга мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн окуу-тарбия процессин уюштуруу үчүн билим берүү мекемесинде жетекчинин буйругу менен эксперттик совет түзүлүүсү мүмкүн, анын курамына окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары, психолог, социалдык педагог, мугалимдер, жергиликтүү башкаруу органынын өкүлдөрү, ата-энелер жана аларды алмаштыруучу адамдар киришет.

5.10 Кыйын турмуштук абалда калган балдар үчүн кошумча окутуучу класстар (группалар), ата-энелелердин же аларды алмаштыруучу адамдардын катышуусунда, эксперттик совет менен берилүүчү, ар бир бала үчүн багыттама-баракчасынын негизинде, тийиштүү социалдык суроо жана керектүү шарттар бар болгон учурда, билим берүү башкармалыгынын аймактык органдарынын буйругу менен ачылат.

5.11. Класстар (группалар) массалык жалпы билим берүү уюмунун шарттарында медициналык каршы көрсөтүүлөрү жок, 8 жаштан тартып даярдоо деңгээлинде түзүлөт.

5.12. Класстардын (группалардын) толукталуусу муктаждыктарга жараша куралат, бирок 15 адамдан ашпоосу керек.

5.13. Адекваттуу окуу-тарбиялык шарттарды түзүү максатында, адаптацияланган өлчөгүчтөрдү иштеп чыгуу, салыштырма ийгиликтүүлүк принциби боюнча баалоо менен, окутууда индивидуалдык жана дифференциацияланган мамилени уюштуруу керек.

5.14. Окуучуларды аттестациялоо керектүүлүгү боюнча өткөрүлөт.

## VI. Мектепте балдарга кошумча билим берүүнү каржылоо жана материалдык – техникалык жабдуу

6.1. Балдарга кошумча билим берүү системасынын мүлкүн жана финансылык ресурстарын түзүүнүн булактары болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- билим берүү уюмунун өздүк каражаттары;
- бюджеттик жана бюджеттик эмес каражаттар;
- менчик ээси менен жалпы билим берүү мектебине өткөрүлүп берилген мүлк (ал ыйгарым укук берген орган);
- ата-энелер каражаттары (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн);
- жеке жана юридикалык жаактардын өз эрки менен берген каражаттары;
- кошумча билим берүү кызматынан түшкөн каражаттар;
- кызматтарды жана продукцияларды өткөрүүдөн алынган, ошондой эле, өз алдынча ишмердүүлүккө уруксат берилген кызматтын башка түрлөрүнөн түшкөн киреше;
- банктардын жана башка кредиторлордун кредиттери;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка булактар;
- билим берүү уюму колунда бар каражаттарды өз алдынча чыгымдайт.

## VII. Кызыкдаар уюмдар менен өз ара аракеттенүү

7.1. БКББнүн жогорку жыйынтыктуулугуна жетишүү, ошондой эле кыйын турмуштук абалда калган балдардын социалдык адаптацияланууcуна жетишүү үчүн, билим берүү уюмдары төмөнкүлөр менен өз ара аракеттенишет:

- Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлиги;
- жергиликтүү мамлекеттик администрациялар;
- билим берүүнүн аймактык органдары;
- жергиликтүү башкаруу органдары;
- жашы жетелектердин иштери боюнча инспекциялар;
- балдар менен иштеген уюмдар;
- жергиликтүү башкаруу органдарынын социалдык маселелер боюнча Комиссиясы;
- балдар иштери боюнча Комиссиялар;
- балдарды жана үй-бүлөлөрдү колдоо боюнча Бөлүмдөр;
- Өкмөттүк эмес уюмдар.

**Сабактын жыйынтыктарын чыгаруу**

**Тапшырма:** төмөнкү суроолор боюнча талкуулоо жана дискуссия:

1. Балдар эмгегине тартылган балдардын муктаждыктарын канаатандыруу максатында кошумча билим берүүнү кантип жакшыраак уюштуруу мүмкүн? Сиздердин сунуштарыңыздарды маанисине карап коюп чыгыңыз.
2. Мектепте кошумча билим берүүнү ишке ашырууда ким катышуусу мүмкүн?

3. Группаларга төтмөндө берилген таблицаны колдонууну сунуштаңыз, ал жерде биринчи эки мисал үлгү боло алат. Кыска белгилер БББ (базалык билим берүү), БКББ (балдарга кошумча билим берүү).

4. Ар бир группа өз аудиториясынын алдында презентация жасайт.

**1-Таблица 1**.[12]

| **Прио-ритет** | **Тармак** | **Чөйрө** | **Рекомендациялар** | **Аткаруучулар** |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Мугалимдерди даярдоо | БББ | Мугалимдердин квалификациясын жагорулатууну жана кайрадан даярдоону балдар эмгегине жана билим берүүгө тиешелүү темаларды кошуу максатында кайрадан карап чыгуу, тийиштүү материалдарды иштеп чыгуу. | Кыргыз билим берүү академиясы, райондук жана мектептик методикалык бирикмелер |
| 2. | Кыйын турмуштук абалда калган балдарды окутуу | БКББ | Кыйын турмуштук абалда калган балдар үчүн кошумча билим берүү программаларын иштеп чыгуу. | Директор, мектеп завучтары, кошумча билим берүү педагогдору, предметтик мугалимдер. |
| 3. | | | | |

[12]Руководство по интеграции вопросов детского труда и планы в сектор образования. – Б.: 2012. С.32.

## III. ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕБИНИН ШАРТТАРЫНДА БАЛДАРГА КОШУМЧА БИЛИМ БЕРҮҮ

### Тема 3.1. Кошумча билим берүү класстарында (группаларда) сабак өткөрүүнүн жана окуу программаларынын өзгөчөлүктөрү

**Сабактын максаттары:**

1. Кошумча билим берүү класстарында (группаларында) окуу процесстерин уюштуруу менен тааныштыруу.

2. Кошумча билим берүү класстарында (группаларында) география, эне тили жана коомтануу боюнча сабактын фрагменттерин иштеп чыгуу боюнча практикалык сабак өткөрүү.

***Ресурстук материалдар***: ватман кагазы, ручкалар, карандаштар, маркерлер, “Формалдуу эмес билим берүү боюнча мугалимдер үчүн методикалык пособие”, география, эне тили жана коомтануу боюнча сабактын фрагменттерин иштеп чыгуунун үлгүлөрү.

***Колдонулуучу методдор***: мини-лекция, дискуссия, группаларда иштөө, демонстрация, презентация.

**Мини-лекция**

***Мугалим үчүн ресурстук материал***



### Формалдуу эмес класста окуу процессин уюштуруу

Кошумча билим берүү классында (группасында) окутуу, окуу программасын өздөштүрүүдө калтыруулары бар бардык балдарга, окуу процессинде активдүү катышууга жана окууга мүмкүнчүлүк берүүчү процесс болуп эсептелет. Ушул себептүү мектеп балдардын бардык муктаждыктарына ылайык келүү үчүн, керектүү шарттарды түзүүсү керек.

Кошумча билим берүү класстарына (группаларына) барган окуучулар ар кандай, ошондуктан алар менен иштөө методикасы да башкача болуусу керек. Бул учурда

алардын айырмачылыктары курагына, материалдык абалына, жөндөмдүүлүгүнө, динге ишенүүсүнө, жашаган жерине, ден-соолугуна, социалдык жана этникалык таандыгына негизделет. Ушуга карап, биз балдардын арасындагы айырмачылыктарды таанууну жана билим берүү процессинде бул факторду колдонууну билдирген "айырмачылыктар" жөнүндө сүйлөй алабыз. Биздин учурубузда, мындай мамиле, окуу материалын өздөштүрүүдө кыйналган жана окуу процессинде активдүү катыша албаган балдар менен иштөө методдорун аныктоого жардам берет.

Кошумча билим берүүнүн максаты, кыйын турмуштук абалда калгандарды, аларга кошо иштеп жаткандарды, жана жакында иштей тургандарды (тобокелчилик группасындагы балдар), сезимтал жана өз алдынча калуучу окуучуларга көңүл буруу жана бардык балдарды окутуу керектигинде.

*Кошумча билим берүү ишке ашырылуучу окуу чөйрөсү төмөнкүлөргө жооп берүүсү керек:*

- Балдардын окуу муктаждыктарына;
- Балдардын айырмачылыктарына ылайык окутуучу материалдарды өзгөртүүгө жана трансформациялоого;
- Балдарга жана педагогго айырмачылыктарды кабыл алып, аларды оң элемент катары кароого.

Ошентип, кошумча билим берүү окуучулардын активдүүлүгүн жогорулатууга шарт түзөт, ал эми окуу материалын өздөштүрүүнүн эффективдүүлүгүнө жетишилет, эгерде алар окутууга катышууга мотивациялоо үчүн мектеп баарын жасайт жана аларга кубанат деп ойлой башташса. Бул, тапшырмалардын мазмууну кошумча эмес, балдарды күнүмдүк тынчсыздандырган маселелрди камтуусу керектүүлүгүн түшүнүүгө жардам берет.

***Кошумча билим берүүнүн окуу программасынын маңызынын өзгөчөлүктөрү***

Кошумча билим берүү класстарында (группаларында) окутуу төмөнкү маселелерди чечүү керектигин жаратат:

- окуучулардын категорияларынын спецификалык өзгөчөлүктөрүн (жынысы, курагы, социалдык деңгээли, даярдык даражасы ж.б.) эске алуучу, эффективдүү жана ыңгайлуу программаларды иштеп чыгуу;

- колдоо жана мотивация үчүн колдонууга мүмкүн болгон, окуп жаткан баланын ийгиликтерине негизделген. Көрсөткүчтөрдү талдоо;

Балдарга кошумча билим берүү класстары (группалары) үчүн, туура келүүчү болуп, окуу программасынын өзгөчөлүктөрү эсептелет, бул:

- Аларга керектүү болгон, билимдерди, өнөрлөрдү жана баалуулуктарды кошо, бардык окуучуларга түзүлгөн максаттар жана тапшырмалардын кенен топтому;

- күнүмдүк турмушунда алар дайыма кабылуучу, маселелерге жана проблемаларга, окутулуп жаткан балдардын айырмачылыктарына туура келген ыңгайлуу структура;

- окутуунун мазмууну, окуучулардын реалдуу социалдык проблемалары, актуалдуу маселелер менен байланышкан билимдерге, өнөрлөргө жана баалуулуктарга туура келүүсү керек;

- талкуулоолор жана билимдердин түрлөрү, мектептен жана класстык комнатанын чегинен чыгуу мүмкүнчүлүгүн түзүүчү, балдардын ишине байланышкан, тематика боюнча болуусу керек;

Балдарга кошумча билим берүү педагогдору, тапшырмаларды иштеп чыгууну, базалык окуу программасынын мазмууну менен байланыштырып түзүүсү керек. Бирок, окуу программасынын мазмуунун интерпретациялоо, бул предметтин регламенттелген чегинен тышкары, балдарды жана өспүрүмдөрдү активдүү тартуучу, чыгармачыл тапшырмалар аркылуу жүргүзүлүүсү керектигине көңүл буруу керек.

Мисалы, ар түрдүү контекстеги тапшырмалар, окуучуларга бизди курчап турган дүйнөнүн кубулуштарын түшүнүүгө, аларга ой жүгүртүүгө мүмкүнчүлүк берет. Балдардын сабак мезгилде активдүү катышып, жаңы билимдерди күнүмдүк турмушундагы проблемаларга байланытыруусу абдан маанилүү. Сабактарда ушундай эле турмуштук мисалдарды колдонуу керек.

Татаал түшүнүктөрдү өтүүдө педагог кошумча материалдарды колдонуу менен, мисалдарды берүүсү керек. Балдардын көңүлүн сактоо үчүн, негизги концепцияларды түшүндүрүүдө, педагог аларга тааныш болгон предметтерди колдонуусу керек.

***Кошумча билим берүүдө окутуунун методдору жана ыкмалары***

Кошумча билим берүүдө балдарды окутуу интерактивдүү болуусу керек. Мындай окутуунун негизги максаты – материалды ийгиликтүү өздөштүрүү. Төмөндө берилген таблица, окуучуга концентрацияланган шартта, тапшырмалар менен иштөө методдорунун колдонулуусун көрсөтөт:

| **Группалык иштөө методдору** | **Изилдөө иштер методдору** |
|---|---|
| – талкуулоо<br>– кичи группаларда иштөө<br>– эксперттик группалар<br>– ролдук оюндар жана моделдештирүү | – проблеманы чечүү<br>– изденүү<br>– долбоор<br>– проблеманы талдоо<br>– байкоо жүргүзүү<br>– тарыхка экскурс<br>– эксперимент |

## Классты уюштуруу, окутууну пландаштыруу жана окуучуларды мотивациялоо боюнча методикалык сунуштар

*Кошумча билим берүү классын (группасын) уюштуруу* сабак мезгилинде эске алынышы керек болгон, физикалык жана социалдык факторлорго негизделген.

Класстын (группанын) ийгиликтүү уюштурулуусунун айрым факторлорун көрсөтөлү:

- жакшы пландаштырылган жана кызыктуу сабактар;
- оң мамилелерди түзүү;
- окууга окуучуларды мотивациялоо;
- жүрүш-туруш эрежелери;
- позитивдүү дисциплина;
- педагогдун жана балдардын коммуникациялык билимдери ж.б.

Төмөнкү учурларда *мотивацияны* өнүктүрүүгө болот:

- окутуунун максаттарын жана тапшырмаларын так түшүнгөндө;
- бар билимдерин жана өнөрлөрүн өнүктөрүүдө;
- окууга жооптуулук жана тандоо бар болгондо;

- окулган материал боюнча талдоого жана тыянактарды чыгарууга убакыт бар болгондо.

*Сабактарды пландаштыруу* кошумча билим берүү педагогунун ишинин негизги бөлүгү болуп эсептелет. Планды даярдоодо педагог сабактын ар бир түрү үчүн, анын максаты жана тапшырмалары кандай болуусун чечүүсү керек, сабактын түрүнө кайсы материал туура келет, максатка жетүү үчүн кандай методиканы жана методдорду колдонуу керек, окуучунун ийгилигин кантип баалоо керектигин чечүүсү керек. Бул чечим кабыл алуу процесси өтө татаал болуп эсептелет, себеби окутуунун канча стратегиясы болсо, ошончо педагог бар.

Кошумча билим берүү классында (группасында) сабакты пландаштырууда керектүү болуп эсептелген, эки элемент:

- педагог эмнеге жетишүүнү калоосун чечүү;
- аны кандай жасоо керек.

Педагог (мүмкүн окуучулар да) өздөрүнө төмөнкү суроолорду берүүсү керек:

- мен эмнеге жетишүүнү каалайм?
- мен кантип буга жетишем?
- качан жана кандай иретте тапшырмалар жасалат?
- бул тапшырмалар үчүн кандай маалымат булактары туура келет?
- кандай материалдар жана каражаттар керек?
- бул процессти мен кандай баштоом керек?
- аны кантип улантууга болот?
- максаттарга жетишилгендигин кантип билем?

Тыянак иретинде айтууга болот, кошумча билим берүү процессин эффективдүү башкаруу үчүн педагог, балдардын жана өспүрүмдөрдүн психологиялык, физиологиялык, социалдык жөндөмдүүлүктөрүн, пландаштырууну, уюштурууну, мотивациялоону жана окуу процессин көзөмөлдөөнү билүүсү керек.

**Сабактын практикалык бөлүгү**

Угуучулардын группасын 3-группага бөлүп, ар бир группага сабактардын фрагменттеринин үлгүлөрүн, Чүй областынын Москва жана Ысык-Ата райондорунун пилоттук мектептеринде иштелип чыккан материалдарга сүрөттөрдү, ошондой эле, “Формалдуу эмес билим берүү боюнча мугалимдер үчүн методикалык пособиени” таратып берүү керек.

Тапшырма:

1. Сабактардын үлгүлөрүн жана методикалык пособиедеги кошумча окутуу боюнча сабактарды иштеп чыгууга негизги аракеттерди окуп үйрөнүү.
2. Сабактардын фрагменттерин иштеп чыгуу:

1-группа – география боюнча;

2-группа – эне тили боюнча;

3-группа – коомтануу боюнча.

3. Иштеп чыккан материалдарды комментарийлер менен презентация жасоо.



## География боюнча сабактын фрагменти

### *Тема: Кыргызстандын рельефи жана географиялык абал менен жалпы таанышуу*

| | |
|---|---|
| **Максаты:** | Кыргызстандын рельефи жана географиялык абалы менен окуучуларды тааныштыруу. |
| **Күтүлүүчү жыйынтык:** | Бул иштин аягында окуучулар:<br>- Картада жана глобуста биздин мамлекеттин жайгашуусун аныктайт;<br>- Кыргызстандын рельефинин негизги мүнөздөрүн аташат;<br>- Кыргызстандын жана бир тууган аймактын азыркы экологиялык айрым проблемаларын айтышат. |
| **Керектүү материалдар:** | Класс үчүн Кыргыз Республикасынын физикалык картасы, ар бир окуучу үчүн Кыргызстандын физикалык жана саясий картасы, ар бир группа үчүн административдик областтардын чекара линияларынан кыркылган Кыргызстандын саясий картасы, А4 форматындагы кагаз ар бир окуучуга, ар бир группага плакат. |
| **Убакыт:** | 45 мүнөт |

**Иштөө этаптары**

1.*Киришүү бөлүгү*. Окуучуларга, алар “Кыргызстандын кайсы жеринде болгусу келсе”, бир барак кагазга чоң тамгалар менен жазууга 3 мүнөт берилет. Андан кийин ар бир окуучу, кагазын колуна алып, класташтары менен, алар эмне жөнүндө жазагандыгы жөнүндө сүйлөшөт. Коюлган убакытта бири бири менен пикир алмашуу колдоого алынат.

2.Окуучуларды группаларга бөлүшөт. Ар бир группага административдик областтардын чекара линияларынан кыркылган Кыргызстандын саясий картасы берилет, аны окуучулар бир барак кагазга чапташат. Андан кийин ар бир группанын окуучулары областтардын аталышын, област борборун аныкташат, картада өзү жашаган жерди белгилешет. Группалар бул ишти класста болгон атлас, карталарга салыштырып аныктоосу мүмкүн. Коюлган убакыттын аягында, жыйынтыкты группанын баяндамачысы айтып берет. Мугалим керектүү эскертүүлөрдү берет.

3. Мугалим окуучуларга Кыргызстандын рельефинин өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтып берет, ал окуучулар менен алар тоо чокулары жана тоолор аралык өрөөндөр жөнүндө эмне билишеерин сурап дискуссия баштайт. Эмне үчүн Кыргызстанда бат-бат жер титирөө болуп турат? Алар биздин өлкөнүн коруктары жөнүндө эмне билишет? Алар эмне үчүн керек? ж.б.

**Эскертүү:** Киришүү бөлүгү окуучуларга, алар эмне билишсе, ошолор менен бөлүшүүгө, пикир алмашууга, өз кызыкчылыктарын билдирүүгө мүмкүнчүлүк берет. Аларга эмне жакса, ошону жаздырып, классташтары менен каалаган темасында сүйлөшүүгө мүмкүнчүлүк берип, мугалим алардын өзүнө ишенүүсүн өнүктүрүүгө жардам берет. Аналогиясы боюнча, мугалим башка географиялык объекттер жана алардын рельефтери жөнүндө айтып берүү менен иштин бул түрүн колдонсо болот.

***2-группа үчүн ресурстук материал***



**Эне тили боюнча сабактын фрагменти**

***Тема: Тике жана кыйыр сөз***

| | |
|---|---|
| **Максаты:** | Тике жана кыйыр сөз түшүнүгүн берүү |
| **Күтүлүүчү жыйынтык:** | Бул ишти аяктаганда окуучулар:<br>– Тике жана кыйыр сөздөрүндө колдонулуучу пунктуациянын белгилерин өздөштүрүшөт;<br>– Башкаларды түшүнүү менен сүйлөшүшөт;<br>– Пунктуациянын белгилерин туура колдонушат. |
| **Керектүү материалдар:** | Мугалим менен даярдалган жазуу түрүндөгү тапшырма, кагаз, ручка. |
| **Убакыт:** | 45 мүнөт |

**Иштин этаптары:**

1. Мугалим күн мурунтан окуучулар үчүн карточкалардагы жазуу түрүндөгү тапшырмаларды даярдайт (мисалы):

| **Тике сөз** | **Кыйыр сөз** |
|---|---|
| «Сен менин Туулган күнүмө келесиңби?» - Алмаз Сабинадан сурады | |
| Андрей ойгонду жана кыйкырды: «Ой! Мен мектепти уктап койдум го!». | |
| **Тике сөз** | **Кыйыр сөз** |
| | Мадина Айбекке эртең анын экзамени жана ошондуктан ал толкунданып жаткандагы жөнүндө айтты. |
| | Усмон Еленага Жаштар үйү борбордук бактын жанында жайгашканын түшүндүрдү |

1.Ар бир окуучу өзүнүн карточкасы менен иштеп, тике сүйлөмдү кыйыр сүйлөмгө өзгөртөт, анан тескерисинче, кыйыр сүйлөмдү тике сүйлөмгө өзгөртөт.

2.Өзүнүн тапшырмасын аяктагандан кийин окуучу, жанындагы окуучунун жумушу менен салыштырат, анда башка карточка болот. Алар бири-бири менен талкуулап, пунктуация белгилерин оңдошот, өз жумушунун акыркы вариантына чыкканча, биргеликте иштешет.

3.Көнүгүүнүн аягында ар бир жуп окуучулар, өз иштерин класстын алдына алып чыгып, туура аткарылгандыгын текшеришет. Ката табылган учурда, мугалим пунктуациянын кайсы белгилерин колдонуу керектигин түшүндүрүп берет.

Предметтин окуу программасы, аларга бир эле предметке тиешелүү эмес, көп жактуу тапшырма коюлса, окуучулар үчүн ал эффективдүүрөөк жана кызыктуураак болот. Окуучулардын турмушуна таасирин берүүчү, социалдык кубулуштар менен байланышкан суроолор жана темалар менен иштеп, программаны аткарса абдан пайдалуу болор эле.



**Коом тануу боюнча сабактын фрагменти**

***Тема: Абанын кирдөө факторлору***

| | |
|---|---|
| **Максаты:** | Абанын кирдөөсүнө кандай факторлор таасир берээрин аныктоо. |
| **Күтүлүүчү жыйынтык:** | Бул иштин аягында окуучулар:<br>– Айлана-чөйрөгө таасир берүүчү факторлорду билишет;<br>– Экологияга терс таасир берүүчү кубулуштарды минималдаштырууну үйрөнүшөт;<br>– Ден-соолук сактоочу технологияларды колдонушат. |
| **Керектүү материалдар:** | Төрт-беш этикеткасыз 2 литрлик түссүз бөтөлкө, 4 боек пигменти, жыгач кашык, таза стакан. |
| **Убакыт:** | Тапшырмаларды аткаруу мөөнөтү бир сабактан көбүрөөк убакыт талап кылуусу мүмкүн. |

**Иштөө этаптары:**

1. 2 литрлик бөтөлкөлөрдү суу менен толтургула. Окуучулар бөтөлкөлөрдөгү суу – алар жашаган аймактагы аба деп ойлошсун.

2. Таза стаканга суу куюп өзүнчө коюп койгула. 4-5 бөтөлкөнү столдун үстүнө коюп, ар бир бөтөлкөнүн жанына бирден окуучу туруусун сурагыла.

3. Түстүү пигмент салынга кутучаларды ачкыла. Пигментти салаардан мурун сууну кашык менен арлаштыргыла. Андан кийин пигментти ар бир бөтөлкөгө тамчылатып, бир нече мүнөт ал сууга аралашуусуна убакыт бергиле. Мугалим ар бир

бөтөлкөгө пигмент тамчылатып басып жүрөт. Ал бул процессти үч жолу кезеги менен кайталап, боек эригенче 5 мүнөт күтөт.

4. Ар бир түстөгү пигментти сууга тамчылатканда мугалим кайсы түс кандай кирдетүүнүн булагы экендигин түшүндүрөт.

Мисалы:

- Кызыл – транспорт жана машиналар;
- Жашыл – бензин жана мунайзат;
- Көгүлтүр – таштандыларды жагуу ж.б.

5. Боектор сууда жакшы эригенден кийин, мугалим окуучулардан стакандагы таза суу менен бөтөлкөлөрдөгү сууларды салыштырууну сурап, төмөнкү суроолорду берет:

- силер кайсы сууну ичээр элеңер?
- эгерде бул аба болсо, түстүү аба  мене дем алаар белеңер же таза аба мененби?
- адам үчүн таза аба манилүү деп ойлойсуңарбы?
- абанын кандай кирдөөлөрүн билесиңер?
- абанын кирдөөсүн азайтуу үчүн силер эмне жасай аласыңар, ойлоп көргүлөчү?

Презентациялардан кийин угуучуларга төмөнкүдөй тыянак берүүгө болот:

1. Базалык билим берүүнүн программасынан жеткиликтүү фрагменттерди колдонуу, окуучулардын билиминдеги артта калууларды жеңип өтүүнүн чечүү жолдорунун бири болуп эсептелет.

2. Окутуунун интеграцияланган максаттарын жана тапшырмаларын түзүү, кошумча билим берүү классында иштеген педагог (предметтик-мугалим) үчүн актуалдуу маселелердин бири болуп эсептелет.

3. Интерактивдүү методдорду колдонуунун маанилүүлүгү, окуучуга группадагы өзүнүн мамилелерин түзүүгө, коммуникативдик билимдерди алууга мүмкүнчүлүк берет.

**Сабактын жыйынтыгын чыгаруу**

Сабактын жыйынтыгын чыгарууда угуучуларга айрым белгилөөлөр жазылган барактар таратылат. Көнүгүүнүн максаты – баары белгилөөлөр менен макулбу, жана алардын кандай комментарийлери бар, ошону билүү:

- Кошумча билим берүү боюнча сабактын тапшырмалары жана пландаштырылуучу иш-чаралар милдеттүү болуп эсептелбейт. Бул, педагогдун бул иш-чараларды өз кароосу боюнча пландаштыруу мүмкүндүгүн билдирет. Ал балдардын материалды өздөштүрүүсүн жеңилдетүүнү жана жакшыртууну так аныктоосу керек.

- Тапшырмалар убакыттан чектелбейт. Бул тапшырмаларды аткаруу сабактын узактыгынан, узагыраак болуусу мүмкүн. Бул материалды жакшы өздөштүрүүгө шарт түзөт.

- Кошумча билим берүүдө стандарттык билимдерди колдонуу таптакыр колдоого алынбайт. Бул педагогго класста (группада) окутуунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн жаңы методдорду колдонууга мүмкүнчүлүк берет.

- Бул контексте окуу планы боюнча тапшырмалар педагогдун академиялык эркин аракеттеринин жыйынтыгы болуп эсептелет. Ал өз алдынча пландаштырат,

темаларды, тапшырмаларды жана иштин түрлөрүн, класста (группада) иштелип чыгуучу мисалдарды тандайт.

- Иштелип чыккан тапшырмалар, анык окуу деңгээли менен байланышкан эмес. Көпчүлүк учурда окуучулар жаш курагына көз карандысыз бирдей татаалдыктагы тапшырмаларды аткарышат.

- Тапшырмаларды аткаруу баллдар менен бааланбайт. Бул учурда окуучу баа коюу басымынан эркин иштей алат. Бул сабакты эркинирээк өткөрүүгө, окуучунун инсандыгын ачууга мүмкүнчүлүк берет.

- Кошумча сабактарда окуу программасынын тапшырмаларын колдонуу, балдарды тынчсыздандырган, окуу билимдерин жана социалдык проблемаларды интеграциялоо катары, окуучулар үчүн окууга татаал предметтердин темаларын окуп үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк берет.

## Тема 3.2. "SCREAM: балдар эмгегине стоп-сигнал" жетекчилиги боюнча формалдуу эмес группаларда сабак өткөрүүнүн методикасы

***Сабактын максаттары:***


1. "SCREAM: балдар эмгегине стоп-сигнал" жетекчилиги жөнүндө жалпы түшүнүк берүү.
2. "Көркөм чеберчилик конкурсу", Ролдук оюн". "Чыгармачыл жазуу" модулдары боюнча жетекчиликтин методикасы боюнча практикалык сабак өткөрүү.

***Ресурстук материалдар:*** ватман, ручкалар, карандаштар, маркерлер, "SCREAM: балдар эмгегине стоп-сигнал" жетекчилиги.

***Методдор***: мини-лекция, дискуссия, группаларда иштөө, модулдардын тексттери, демонстрация, презентация.

**Мини-лекция**

***Мугалим үчүн ресурстук материал***



## “SCREAM: балдар эмгегине стоп-сигнал” жетекчилиги жөнүндө

«SCREAM» жетекчилигинин мазмуунунда аталышындагы аббревиатура англис тилинен которгондо “Билим берүү, чеберчилик жана массалык маалымат каражаттары аркылуу балдар укуктарына колдоо көрсөтүү” деген маанини билдирет.

> ***«SCREAM:*** балдар эмгегине “стоп-сигнал” – бул 2002-жылдан бери ишке ашырылып келе жаткан “Билим берүү, чеберчилик жана массалык маалымат каражаттары аркылуу балдар укуктарына колдоо көрсөтүү” *боюнча программа.*
>
> Ал билим берүү жана социалдык мобилизация тармагында демилгени түзүп, өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө, мектептерди, искусство кызматкерлерин жана жаштар группаларын тартуу менен, ИПЕКтин салттуу эмес өнөктөштөрүнүн курамын кеңейтти. Бул программанын чегинде окуу материалдарынын топтому иштелип чыккан.

«*SCREAM: балдар эмгегине стоп-сигнал»* окуу материалдарынын топтому бир катар балдар эмгегин жоюу боюнча глобалдык кампанияга балдарды активдүү тартуу үчүн багытталган, билим берүүчү модулдардан турат.

Модулдар түрдүү географиялык же маданий контекстке жана түрдүү формалдык жана формалдык эмес шартта ыңгайлаштырууну болжолдойт. Алар өзгөчө өмүр жолунун бул баскычында, өспүрүм мезгилинде өнүгүү өзгөчөлүктөрүнөн пайда болгон, эмоционалдык чыңалуу жана энергиянын чоң бөлүгүн позитивдүү жана конструктивдүү сыртка чыгарууга, кээ бир учурда кыжырданууга чейин, муктаж болгон окуучуларга багытталган. ИПЕК СКРИМ долбоору мезгили менен баштапкы окутуудан тартып, чоңдорду окутууга чейин, жана дегеле адамдын бүт өмүрүнүн аралыгында колдонулуусуна үмүт артат.

Бул билим берүүчү модулдар, өздөрү жашаган чөйрөдө жаш адамдардын билимин кеңейтүүгө, ошондой эле, алардын жашоосуна социалдык жана экономикалык өнүгүүнүн улуттук эле эмес, регионалдык жана глобалдык деңгээлде жардам беришет. Алар өздөрүн дүйнөнүн жараны экенин билүүсү, ушул дүйнө жөнүндө толугураак маалымат алуусу, өздөрүнүн укуктарын жана болуп жаткан адилетсиздиктерди билүүсү керек. Алар “жоопкерчилик”, “урматтоо” жана “милдеттүүлүк” деген сөздөрдүн чыныгы маанисин түшүнүүсү керек. Алар балдардын эмгегин жоюу боюнча глобалдык кампанидагы өзүнүн ролун табуусу керек.

Бул программадагы модулдар чеберчиликтин – көрүүчүлүк, адабий жана театрдык, ошондой эле кампанияны жүргүзүү жана өздүк мүмкүнчүлүктөрдү бириктирүү ыкмаларын колдонууга негизделген. Алар өз максаты катары, социалдык мобилизация жана өзгөртүү үчүн ортомчулук ролун кабыл алууга жаш адамдарды үйрөтүүнү жана билим менен камсыз кылууну, коомдун интеграциялык процессине көмөктөшүүнү коюшат.

SCREAM топтому мугалимге канча убакыт керек болсо, ошончо убакытка созууга мүмкүн болгон, ар тараптуу билим берүү программасын ишке ашырууну сунуштайт.

*SCREAM топтому 14 модулдан турат:*

1. **Балдар эмгеги жөнүндө негизги маалымат** – балдар эмгегинин негиздеринен турат. Жаш адамдарды балдар эмгегинин чоң жана татаал темасы менен жеткиликтүү түрдө тааныштырат. Негизги фактыларды жана статистикалык маалыматтарды берет.

2. **Коллаж** – эки коллажды түзүү боюнча жумуш, алардын бири маркетингдин классикалык темасына арналса, экинчиси – балдар эмгегине. Көрүнүктүү жана адабий чыгарылышты стимулдаштырат жана балдар эмгегине окшогон ушундай чоң проблемага массалык маалымат каражаттары канчалык аз көңүл бөлүп жаткандыгын көрсөтөт.

3. **Көркөм чеберчилик конкурсу** – балдар эмгеги темасында көркөм чеберчилик конкурсун уюштуруу же ага катышуу. Көркөм чыгарылышты стимулдаштырат, коомчулукту тартууну күчөтөт жана толук маалымат алуунун деңгээлин жогорулатат.

4. **Образ** – Бир же бир нече сүрөттөрдүн негизинде иштеп жаткан балдардын образын жаратат. Балдар эмгегин көтөрүп чыгат жана балдар эмгегинин эмне экенин, анын эмоционалдык кабыл алынуусун күчөтөт. Образдарды пайдалануунун негизинде балдар үчүн жоопкерчилик сезимин киргизет. Коомдо өзгөрүү кандайча болуусу жөнүндөгү маселе менен тааныштырат.

5. **Ролдук оюн** – иштеп жаткан балдардын жана алар менен өз ара аракеттенип жаткан адамдардын ролдорун ойнотот (ата-энелер, ишберүүчүлөр, кызматтагы адамдар). Жаш адамдарды билим берүүдө театрдык чеберчиликтин ыкмаларын колдонуу менен тааныштырат. Жаш адамдардын аң-сезимин өзгөртүүнү баштоо үчүн театрдык чеберчиликтин ыкмаларын пайдаланат жана иштеп жаткан бала болуу эмне экендигин сезүүгө жардам берет.

6. **Чыгармачыл жазуу** – жөнөкөй темага аңгеме жазуу. Балдар эмгеги жөнүндө аңгеме түзүү үчүн ошол эле ыкманы пайдаланат. Сөздүк чыгарылышты стимулдаштырат жана балдар эмгеги жөнүндө ички сезимдерди берүүчү каражат катары кызмат кылат. Адабий жана коммуникативдик жөндөмдөрдү өнүктүрөт. “Сахналык коюу” сыяктуу, сценарийин иштеп чыгуу керек болгон, башка модулдардын иштерин колдойт.

7. **Сахналык коюу** – балдар эмгеги темасына театрлаштырылган фрагментти иштеп чыгуу жана аткаруу. Театрдык чеберчилик аркылуу чыгарылышты стимулдаштырат жана жаш адамдардын өзүн алып чыгуу жөндөмүн камсыз кылат. Коомчулуктун күч-аракеттерин бириктирүү жана толук маалымат алууну жогорулатуу үчүн бекем платформа түзөт.

8. **Изилдөө жана маалымат** – балдар эмгегине тийиштүү эл аралык конвенциялар менен кошо, балдар эмгеги жөнүндө көп маалымат берет жана бул проблеманы тереңирээк изилдейт.

9. **Интервью жана сурамжылоо** – кызыкдаар жаактардын арасында балдар эмгеги жөнүндө интервью же сурамжылоо жүргүзөт. Жарандардын интеграциялык аспектин колдойт жана кененирээк кызыкчылыкты стимулдаштырат. Интервью алуу ыкмалары менен тааныштырат жана балдар эмгеги проблемасы боюнча коомдун жана экономиканын түрдүү тармактарында эмне жасалып жаткандыгын изилдөөгө түрткү берет.

10. **Дебаттар** – балдар эмгегинин суроолору боюнча коомдук дебаттарды өткөрүүнү жана даярдоону изилдейт. Башка модулдарда, тагыраак айтканда, "Изилдөө жана маалымат", "Чыгармачыл жазуу" жана "Ролдук оюн" модулдарынын жыйынтыгында алынган тажрыйбаны пайдаланат. Оратордук жөндөмдөрдү, дебаттарды өткөрүү жөндөмдөрүн жана коммуникативдик билимдерди өнүктүрөт. Коомдо толук маалымат алуу деңгээлин жогорулатат.

11. **Массалык маалымат каражаттары: басмасөз** – массалык маалымат каражаттар дүйнөсүн түшүнүүнү берет. Балдар эмгеги маселесине коомчулуктун көңүлүн буруу үчүн массалык маалымат каражаттары менен байланыштарды өнүктүрөт.

12. **Массалык маалымат каражаттары: радио жана телевидение -** Пресс-релиз жазууга жана аны жарыкка чыгарууга окутат. Радио же телевизиондук интервью даярдоону жана өткөрүүнү жүргүзөт. Коомчулукту тартуу потенциалын жана толук маалымат алуу деңгээлин жогорулатууну бекемдейт.

13. **Жумуш дүйнөсү** – жумуш дүйнөсүн үйрөнүү. Социалдык өнүгүүгө үчтараптуу кызматташтыктын таасир берүүсүнө көмөктөшөт жана белгилейт. Коомдун түрдүү тармактарынын ролун жана коомдун жыргалчылыгы үчүн алардын өз ара аракеттенүүсүн талкуулайт.

14. **Коомчулукту тартуу** – балдар эмгеги жөнүндөгү долбоорго коомчулукту тартууну жана кызыгууну стимулдаштырууну көздөгөн негизги максатка көңүл бурат. Социалдык мобилизациянын жана өзгөрүүнүн ортомчулары катары жаш адамдардын ролун бекемдейт.

***«SCREAM: балдар эмгегине стоп-сигнал» методикасын кандай пайдаланууга болот***

***Модулду аткаруу схемасы***

1. **Модулдун аталышы** – модулдун кыскача түшүндүрмөсү, максаты, жыйынтыктары жана болжолдуу мөөнөттөрү, ага кошо талап болгон окутуу сабактарынын саны.

2. **Мотивация** (тартуу себеби) – модулдун максатынын түшүндүрмөсү, коомдук процесске ал кандай кошулат, жаш адамдар жана долбоор жалпысынан кандай үстөмдүктөрдү алышат.

3. **Даярдоо** – мугалимге күн мурунтан "класстык бөлмөдө" сабактарга даярданууга жардам берет. Баштапкы темалардан кийин "Тышкы колдоо", "Алгачкы байланыштар" ж.б. кошулат. Алар ар бир модулга жараша алмашып турат. Бул бөлүм, ошондой эле, "Сизге эмне керек" деген аталыш менен керектүү материалдардын тизмегин кошот.

4. **Иштин башталышы** – жалпы маалымат берүүчү, киришүү окутуу сабагы, конокторудун бул боюнча өз ойлорун айтуусу ж.б. Баштапкы темадан кийинки аталыштар группаны уюштуруу, жана ага керектүү шарттарды түзүү ж.б. боюнча кеңештерден турат.

5. **Иш-аракеттин түрлөрү** – иш-аракеттин ар бир түрүнө кезеги менен мамиле жасоо тартибинде толук түшүндүрмө берилген.

6. **Эмне жасоого болот жана болбойт** – бул тизме сизге, модулдардын ичинен эң жакшы нерселерди тандап алууга жана кээ бир тузактарды (ыңгайсыздыктарды) айланып өтүүгө жардам берет.

7. **Финалдык талкуулоо** (аяктоочу) – иш аяктагандан кийинки жалпы талкуулоо, мугалим иштин жыйынтыктарын чыгаруу менен группага өз ойлорун айтууга жол берип, эки тараптуу байланышты алуусу, катышуучулардын өз пикирин ортого салуусу.

8. **“Баалоо жана андан кийинки аракеттер”** – группанын өсүшүн, ийгиликтерин жана кемчиликтерин баалоого жардам берүүчү, көрсөткүчтөрдү/индикаторлорду кароо, ошондой эле, андан сабак алуу, кийинки аракеттер катары эмне жасоо керек жана мындан кийин кайсы модулдарга өтүү керектигин аныктоо.

**Сабактын практикалык бөлүгү**

Угуучуларды 3 группага бөлүү керек, алар окуучулардын ролунда сүйлөшөт. Төмөндө ар бир группа үчүн, бул сабакка адаптацияланып берилген ресурстук материалдарды бөлүп берүү керек. Ресурстук материалдарда берилген сүрөттөр Чүй областында формалдуу эмес билим берүү боюнча пилоттук райондордон алынды.

***Тапшырма:***

1. Төмөнкү группалар үчүн ресурстук материалдарды окуп чыгуу:

1-группа – “Көркөм чеберчилик конкурсу” модулу;

2-группа - “Ролдук оюн” модулу;

3-группа – “Чыгармачыл жазуу” модулу.

2. Тапшырманы модулдун методикасынын талаптарына ылайык аткаруу.
3. Иштин аягында презентация өткөрүү.

**Мугалимдин эсине:**

1. Берилген үч модул балдар үчүн болсо да, угуучулардын курстук даярдыгы үчүн адаптацияланган. Ар бир катышуучунун, буларды балдар кандай аткараарын, балдар эмгегине тартылган балдардын абалына бул сабак кандай таасир берүүсүн билүүсү маанилүү.

2. Ар бир сабак ресурстарды даярдап коюуну талап кылат: кагаздар, боектор, карандаштар, ватман, костюмдар, алардын баарын күн мурунтан даядоо керек.

3. Мындай сабактарды өткөрүү кошумча убакытты талап кылат, мүмкүн дагы эки саат убакытты караштыруу керек боло.



## 1-Модуль. Көркөм чеберчилик конкурсу

**Максаты:** Балдар эмгеги темасына көркөм чеберчилик конкурсун уюштуруу жана катышуу.

**Жыйынтыгы:** Коомдо толук маалымат алуунун жана билим берүүнүн деңгээлин жогорулатуу, көркөм чыгармачылыкты стимулдаштыруу.

**Мотивациялоо**

Көрсөтүп берүү чеберчилиги, балдар эмгеги темасын, сиздин аудиторияңыз жана коомчулуктун кенен катмарлары үчүн, мындан да көрүнүктүү сүрөттөп берүүчү кубаттуу каражат болуп эсептелет. Көркөм чеберчилик конкурсу, балдарга өздөрүнүн балдар эмгегин кандай көрүүсүн кагазга, ылайдын жардамы, же ар кандай башка каражат менен, сүрөттөп берүүгө, андан кийин аларды эл алдында көрсөтүүгө жол ачып берет. Бул, группага чеберчилик аркылуу өзүн көрсөтүүгө, жана коомго өз идеясын өткөрүп берүүнүн кубаттуу каражатын өзү үчүн ачууга мүмкүндүк берүүчү ыкма.

Берилген модул инсандык өнүгүү процессин тереңдетет жана группада мындан да тыгыз өз-ара мамилелерди түзүүгө жардам берет. Бул иш-аракетти аткаруу сизге, карамагыңызда иштетип жаткан балдарыңыздын потенциалын жана мүнөзүн баалоого жардам берет.

Модул, жетекчилик, коммуникабелдүүлүк жана тактык сыяктуу сапаттарды чыгарууга жардам берет, өзгөчө, балдар башынан аягына чейин иш-чараны уюштуруп жана өткөрүп жаткан мезгилде. Бул көнүгүүдөн чоң ырахат алууга болот, себеби өздүк көркөм чыгармачылык ар кандай кызыктуу жыйынтыктарга алып келүүсү мүмкүн.

**Даярдоо**

Бул модулду даярдоого эки ыкма менен киришүүгө болот:

- Конкурсту группанын ичинде гана уюштурууга болот. Эгерде кырдаал жана шарттар көп сандуу адамдарды кошуу үчүн конкурсту кеңейтүүгө жол бербесе, мисалы, алыскы же айылдык райондордо формалдуу эмес окутуучу кырдаалда бул эң эле туура келүүчү ыкма.

- Конкурс кенен коомчулук үчүн ачык болуусу мүмкүн, эгерде ал жердин шарттары муну жасоого жол берсе, мисалы, мектепте, институтта же шаар жеринде.

Андан тышкары, бул модулду даярдоодо төмөнкүлөрдү эске алуу керек:

- Конкурс үчүн тандалган чеберчиликтин формаларына карата, эсиңизде болсун, мурдагы модулдарда коллаж буга чейин колдонулган, ошондуктан, мүмкүн болушунча, аны кайрадан колдонбоңуз.
- Башка ар кандай мелдештердей эле, конкурстун темасын жана максатын тандап алуу керек. Конкурс эмне үчүн өткөрүлөт? Катышуучулардан жөн эле балдар эмгеги жөнүндө сүрөт тартып берүүнү суранышабы? Бул канчалык пайдалуу болот? Келечекке үмүт темасын берүү жакшы эмеспи? Катышуучулардан сиздин долбоорду жылдыруу үчүн плакат иштеп чыгууну суранышабы? Бул суроолорду тыкан ойлоп чыгыңыз, алар кийинчерээк кенен талкууга алынат.

Бул модулда биринчи же экинчи иш-аракеттин түрүн аткаруу сунушталат, бирок, алардын экөөн тең аткаруу милдетүү эмес. Ошентсе да, эгерде сиз көркөм чеберчилик конкурсун, иш-аракеттин биринчи түрүндө жазылгандай, группанын ичинде өткөрүп, ал ийгиликтүү өтсө, жана группа анын чектерин кеңейтүүнү чечсе, сиз экинчи конкурсту уюштуруу мүмкүнчүлүгүн карап, ага көбүрөөк катышуучу чакырсаңыз болот.

**Конкурс**

Эгерде сиз конкурс өткөрүп жатсаңыз, сизге бул процесске, жеңүүчүлөрдү тандоо үчүн, үчүнчү жакты тартуу керек болот. Бул, балдар эмгеги жөнүндөгү долбоорго райондун өкүлдөрүн же коомчулуктун мындан да кенен катмарларын тартуунун эң жакшы мүмкүнчүлүгү. Эгерде сиз билим берүү процесссинде, кимдир-бирөөнүн тышкы колдоосуна ээ болсоңуз, мүмкүн, бул адам жюри мүчөлөрүнүн бири боло алат. Сиз ошондой эле, байгелерди сатып алууда спонсордук жардам көрсөткөн адамдарды да жюри мүчөлүгүнө кошо аласыз. Бул, балдардын иштери, балдар эмгеги проблемасы, ошондой эле, коомдо эмне болуп жаткандыгы жөнүндө билүүгө, жергиликтүү ишкерлерди тартууга жардам берет.

Эгерде сиз конкурсту мындан да кененирээк аудиторияга өткөрүп жатсаңыз, жюри мүчөлүгүнө, алар өздөрү катышып жатса да, өзүңүздүн группадагы балдарды кошууну ойлоп көрүңүз. Акыркы эсепте, алар өз долбоору үчүн жоопкерчилик сезимин өнүктүрүүсү керек, ошондой эле, алар өзүнүн курагындагы группанын көз карашы менен иштерди сындашат жана баалашат. Ар кандай учурда да, алар жеңүүчү катары эң жакшы иштерди тандашат. Жюри курамына башка балдарды кошууга да болот. Мисалы, эгерде конкурс мектепте өтүп жатса, башка класстардагы балдарды жюри мүчөлүгүнө кошуңуз.

**Иштин башталышы**

Бул модулдарды өткөрүүнүн себептери ар кандай болуусу мүмкүн, бирок негизги максаты, балдардын толук маалымат алуу денгээлин жогорулатуу, аларды коомчулукка бул маалыматты жеткирүүгө көңүлдөндүрүү жана тийиштүү аракеттерди жасоо болуп эсептелет. Ошондуктан, балдар эмгеги жөнүндө, ал эмнени билдирет жана аны жоготуу керектиги боюнча башкаларга билим берүү, көркөм чеберчилик конкурсунун жалпы темасы болуусу керек.

Ошентсе да, сизге мындан да конкреттүү теманы бөлүү жана катышуучуларга өз иштеринде эмнени чагылдыруусу керектигин түшүнүүсү үчүн, конкурс жөнүндө айтып

берүү керек болот. Идеяларды чыгаруунун эң жакшы ыкмасы – өз группаңызда “акыл салыш” өткөрүү. Балдардан, алардын көз карашында, конкурстун темасы кандай болуусу керектигин сураңыз. Долбоордун демин чагылдырган, конкурстун темасын, аталышын же девизин тандаңыз.

Сиз теманы тандагандан кийин, катышуучулар үчүн кыскача эрежелерди түзүүңүз керек болот. Мындай эрежелер, албетте, эгерде конкурс группанын ичинде өткөрүлүп жатса, керек болбойт. Ал эми кенен аудитория үчүн, конкурс өткөрүүдө, катышуучуларга конкурс жана анын эрежелери жөнүндө түшүндүрмө берүүңүз керек болот. Группадагы балдардан, А4 форматындагы көлөмдө, кыскача конкурска түшүндүрмө түзүп берүүнү сураныңыз. Анын ичинде, балдар эмгеги жөнүндө статистикалык маалыматтар, анын оор формалары, анын балдардын өнүгүүсүнө, билим алуусуна, ден-соолугуна жана башкага тийгизген таасири жөнүндө маалыматтар болуусу керек. Андан ары, ал жерде конкурстун темасы жана аны өткөрүү эрежелери жөнүндө маалымат берилет.

Иш-чаранын кыскача баяндамасында, аны өткөрүү жана иштерди тапшыруу мөөнөттөрү берилет. Иштерди тапшыруу мөөнөтү өтө улантылуучу болбоосу керек, балдардагы конкурска болгон кызыгуу жоголуусу мүмкүн. Узартылган мөөнөттөр иш-чарага болгон жалпы кызыгууну төмөндөтүүсү да мүмкүн, ал өз кезегинде, модулда терс чагылуусу мүмкүн. Конкурстун баяндамасында жакшы иштер үчүн, кандай байгелер коюлгандыгы жазылуусу керек.

Кыскача баяндаманын үлгүсү берилген модулга, сиздин катышуучуларга керектүү болгон маалыматтын деңгээли жана түрү жөнүндө билүүңүз үчүн тиркелген. Бул жерде, ошондой эле, көркөм чеберчилик конкурсунун негизги жактары көрсөтүлгөн. Берилген үлгү мисал катары гана тиркелген. Сиз өзүңүздүн группаңыз менен, жергиликтүү шарттарда, маданият жана салттарды эске алып, ошол жерге туура келген баяндама түзүүңүз керек.

**Группаны уюштуруу**

Бул иште балдарды жалпы эмес, жеке аракетте өзүн көрсөтүүсүнө көңүлдөндүрүү идеясы каралган. Ар бир катышуучу өз ишин аткаруусу керек, аны таптакыр аткарууга мүмкүн эмес болгон учурду эске албаганда, мисалы, материал жок болсо.

Мүмкүн, эки бала биргеликте ойлоп табылган идея боюнча иштөөнү каалашат – мындай учурда, идея алардан чыккан кезде, аларга бирге иштөөгө уруксат берип, андан эмне чыгаарын байкаган жакшы. Бирок, мындай биргелешкен иштерди жакшыраак байкап, анын катышуучулары чынында эле жакшы иштеп жатканын билүү керек. Эгерде алар модулдун чегине чыгуунун себебин издеп жатышса, аларды бөлүп коюңуз. Балдар берилген багыттан чыгып кетпес үчүн, аракет жасоосу керек.

**Көркөм чеберчилик конкурсу группада**

Эгерде сиз конкурсту группада гана өткөрүүнү чечсеңиз, аны баштоодон мурун, 10 мүнөт убакыт бөлүп, ушул күнгө чейин балдар эмгеги жөнүндө өткөн материалдардан группадагы балдар эмнени билишкенин кайталап чыгууңуз керек. Андан кийин, балдар иштей турган, көркөм конкурстун темасын талкуулаңыз. Чеберчиликтин кайсы формалары колдонулуусу мүмкүн жана конкурстун акыркы мөмөсү кандай болуусу керектигин талкуулаңыз. Мисалы, группа, алардын долбоорун жарнамалаган, плакат түзүүнү каалайбы? Же алардын максаты, коомчулуктун толук маалымат алуусун жогорулатуу үчүн, класстын дубалдарына илүүгө же атайын

көргөзмө уюштурууга мүмкүн болгон, ачык жана кооз чыгармаларды түзүү болуп эсептелеби?

Конкурстун максаттарын жана көркөм формаларын макулдашкандан кийин, балдардан ишке киришүүнү сурап, бул ишке канча убакыт бөлүүнү чечиңиз. Сиз аларга өз алдынча иштөөгө эки жума убакыт берсеңиз, же сиздин жетекчилигиңиздин алдында группалар иштерин улантуусу үчүн, кошумча сабактарды киргизсеңиз болот.

Бардык иштер бүткөндөн кийин, аларды өзүңүз иштеген жердеги бөлмөнүн дубалдарына жайгаштырып, мурунтан сиз тандаган жюри мүчөлөрүн топтоңуз. Группадан ар бир ишти терең кароону жана талдап чыгууну сураныңыз. Группада дискуссия чакыруу үчүн, алардан өз пикирлерин жана иштерди өзүнүн түшүнүүсүн айтып берүүнү сураныңыз. Сиздин группаңызда чынында ачылбаган көркөм таланттардын бар экенин байкооңуз мүмкүн.

**Финалдык (жыйынтыктоочу) талкуулоо**

Көркөм чеберчилик конкурсу – бул  кызыктыруучу модул. Балдар иштен ырахат алышат, жана, албетте, башка балдардын иштерин кубануу менен карашат, эгерде аларды кошуу чечилген болсо, жюри мүчөлөрү болушат. Ошентсе да, конкурс аяктагандан кийин, группа менен биргеликте, тынч абалда, бөлмөнүн дубалдарына илинген, мурда көрүлгөн иштерди дагы бир жолу талкуулаңыз.

Болуусу мүмкүн, айрым иштер өтө жогорку деңгээлде жасалган жана өзүнө ар кимдин көңүлүн тартат. Ошентсе да, ар бир иш өзүнө жараша көрүлүп, баалануусу маанилүү. Иштер балдардын көрүүсүн, алардын балдар эмгегин анык түшүнүүсүн жана кабыл алуусун чагылдырат. Алардын ичинде айрымдары, көңүл кош мамиледе жасалган болуусу да мүмкүн, бул алардын ички басымынын кесепетинен, өздөрүн эркин чыгара албагандыгынан. Балдардын айрымдары жөн эле, балдар эмгегинин ташбоор аныктыгы менен макул боло алышпайт жана кабыл алышпайт, ошентип өздөрүнүн чыныгы сезимдерин чыгара албай, кайдыгер же көңүл кош мамиледе болушат.

Группа менен кандай сүрөттөр алардын баарына көп жакканын, жана кандай сүрөттөр көпчүлүктүн көңүлүн бурганын талкуулаңыз. Эмне үчүн бул конкреттүү иш алардын көңүлүн бурду? Ал эмне жөнүндө баяндайт? Ал иштерде үмүт образы байкалабы? Балдар эмгеги проблемасын түшүнбөө бул иштерде чагылдырылабы? Эмне үчүн группа ушундай деп эсептейт? Алар өзү теңдүүлөрдүн каралып жаткан маселелер жөнүндө эч нерсе билбегенин түшүнүшөбү?  Эгерде ушундай болсо, алар өздөрүнүн теңтуштары балдар эмгеги жөнүндө билүүсү керек деп эсептешеби? Биз буга кантип жетише алабыз? Биз адамдарга балдар эмгеги анын балдарга тийгизген таасири жөнүндө көп билүүгө кантип жардам берип жатабыз?

Биз эмне жасай алабыз? Сабактын аягында биз кайрадан төмөнкүгө келебиз: адамдар көбүрөөк даражада толук маалымат алуусу, муктаждарга жардам берүүсү, жана бир-нерсе жасоону каалоосу үчүн, арабыздагы ар бирибиз эмне жасай алабыз? Эсиңизде болсун, биз, социалдык мобилизациянын жана коомду өзгөртүүнүн ортомчулары катары, бул балдардын колдоосуна ээ болууну каалайбыз. Биз аларга бул ролду аткарууда, толук маалымат алууну жогорулатуу жана аракеттерди кабыл алуу үчүн, керектүү каражаттар менен камсыздап,  жардам берүүбүз керек.




## 2-Модуль. Ролдук оюн

**Максаты:**Иштеп жаткан балдардын жана алар менен жакын байланыштагы адамдардын ролдорун ойноо (ата-энелер, ишберүүчүлөр, расмий жаактар).

**Жыйытыгы:** Окутуу процессинде балдарга сахналык коюуларды колдонууну үйрөтөт. Балдарга толугу менен ачылууга мүмкүнчүлүк бербеген тоскоолдуктарды жеңип өтүү үчүн, сахналык коюу элементтери менен көнүгүүлөр колдонулат.

> “Ролдук оюн”, “айрым ролдорду ойнотуу” катары аныкталат. Эгерде мындан да тагыраак айтсак, “ролдук оюн” (берилген модулда колдонулуучу термин) – бул, актерлор ойлоп табылган адамдарды аткаруучу оюн. Бул ыкма, бүгүнкү жашоонун түрдүү жактарында колдонулат, негизинен, тренингдерде жана окутууда. Бул – окутуунун белгилүү жана эффективдүү ыкмасы.

Ролдук оюн, иштеп жаткан балдар эмне менен жашашарын жана алар эмнени сезишерин, жаш адамдар сезе баштоочу чөйрөнү түзөт. Берилген модулда, группага мындан мурунку сабактарда алар көргөн фотосүрөттөрдөгү балдардын образдарын жаратуу керек болот. Алар өздөрүн, ошол баланын ордуна кюп, ал эмнени сезип жатканын түшүүсү керек: жакындарын жоготууну, окуу үчүн мүмкүнчүлүктүн жоктугун, ойноого жана эс алууга болбостугун, ооруну, коркунучту, чарчоону жана үмүтсүздүктү.

**Мотивациялоо**

Ролдук оюн жана сахналык коюунун максаты – балдар эмгеги проблемасын жаш адамдардын түшүнүүсүн жаңы, мындан да тереңирээк, деңгээлге алып чыгуу. Иштеп жаткан балдардын көрүнүштөрүн ойнотуу менен, жаш адамдар алардын сезимдерин чыгарууну, кыймыл аркеттерин аткарууну билүүсү, жана аларды түшүнүүсү, алардын

образдарына кирүүсү керек болот. Бул, жаш адамдарга маанилүү таасир берүүчү, кубаттуу окутуучу ыкма.

Берилген учурга, сахналык коюдан тышкары, ролдук оюн – балдар эмгеги эмне, жана айрым бир шарттарда ал балдарды эмне кылуусу мүмкүндүгүн, түшүндүрүүчү жана сездирүүчү, эң эффективдүү ыкма. Андан тышкары, ролдук оюн балдарга өзгөчө күч берүү процессин тездетет. Ар бир модул сайын аларда бул проблемага тийиштүүлүк сезими өнүгөт, ал эми бул баскычта, алар балдар эмгеги проблемасына дүйнөдөгү ар бир адамдын тиешеси бар жана бул проблеманы чечүүдө ар кимдин өзүнүн ролу бар экенин түшүнө башташат. Алар коомго ой-пикирлерди жеткирүүдө сахналык чеберчиликтин күчүн да түшүнүүсү керек.

**Даярдоо**

Мүмкүн, сиздин карамагыңыздагылардын көпчүлүгүнүн эч кандай сахналык коюуларда катышуу тажрыйбасы жоктур. Эгерде жолуңуз болсо, айрымдарынын же баарынын мындай тажрыйбасы бар болот. Ошондуктан, эң башынан эле, өспүрүмдөргө ролдук оюнга катышуу үчүн, алардын курагына тиешелүү болгон алардын тартынчаактыгын жана күмөн саноосун жеңип өтүүсү үчүн, даярдоо ишинин абдан пайдалуугун түшүнүүңүз керек болот. Тиркемелерде сахналык чеберчиликтин ыкмаларына окутуунун мисалдары келтирилген. Сиз, ошондой эле, өз алдыңызча башка мисалдарды ойлоп табууңуз мүмкүн. Миңдеген мындай көнүгүүлөр бар. Бул жөнүндө маалыматты Интернеттен же жергиликтүү китепканадагы театрдык чеберчилик боюнча китептерден издеп көрүңүз.

**Иштин башталышы**

Ролдук оюн үчүн алар тандаган, балдардын окуяларын жана образдарын алар менен бирге эстеңиз жана балдарды кырдаалга даярдаңыз. Балдар менен бирге, иштеп жаткан балдардын трагедиясына тийиштүүлүк сезимин жана алардын тагдыры үчүн жоопкерчилик сезимин кайра эстеңиз. Сиздин группаңызда бул аткарылат. Мунун ичинде, жумуш абалы, мүмкүн болушунча тынч бойдон калуусу керек. Бир группадан экинчи группага өтүп, алар менен сүйлөшүңүз, аларды жоошутуңуз, алардын көзүнчө, аларга өз абройун кармоого жардам бериңиз.

**Группаны уюштуруу**

Бул мезгилге келип, группаларда командалык сезим, жана өздөрүнүн структурасы түзүлгөн, сиз аны менен пайдаланууңуз калды.

Ар кандай учурда, балдарды төрт же беш, андан ашык эмес, адамдан турган группаларга бөлүү жакшы жыйынтык алуу үчүн жакшыраак. Чоң курамдан турган группаларды түзүү керек эмес, ал жерде айрым балдар “бекинип” калуусу мүмкүн. Өспүрүмдөр группаларда иштөөдөн сыртта калуу жолдорун издөөгө аракет жасашат. Группаларды аз сандарга бөлүү менен, сиз эч кимдин сыртта калуусуна жол бербейсиз.

Теманы тандоо үчүн балдарга тааныш түшүнүктөрдү сунуштаңыз же “акыл салыш” жолу менен мындай түшүнүктөрдү балдардын жардамы менен табыңыз. Сиз эмнени тандасаңыз да, ал тема балдарга жакын болуусу керек, болбосо алар көнүгүүнү толугу менен сезе алышпайт. Алардын катышуусу өтө маанилүү. Башка тема – балдар эмгеги проблемасы же балдар үстүнөн кордук темасы болуусу керек. Мисалы, балдар өндүрүш устаканаларында, балдар айыл-чарбасында, балдар сойкулукта, үй-бүлөдө балдар кордукта.

Акыркы теманы этияттык менен колдонуңуз. Алар мурун иштеген, сүрөттөрдү карап чыгып, баарына бир жалпы теманы тандаңыз. Группа жөнүндө ойлоп көрүңүз: алар кимдер, алардын өткөндөгү жашоосу кандай. Балдар эмгеги жөнүндө толук маалымат алууну жогорулатууда чеберчиликти колдонуу, күчтүү эмоционалдык реакцияларга алып келет. Мүмкүн, группадагы балдардын ичинен айрымдары, мындан мурун өздөрү кордукка дуушар болушкан, же сахналык көрсөтүү процессин ыңгайсыздык менен кабыл алышат. Алардын ичинен айрымдары, мүмкүн, балалыгында өздөрү эзип иштетүүгө мажбур болушкан, же дагы деле алардын курагына туура келбеген шарттарда иштөөсү мүмкүн. Сиз мындай кырдаалдар жөнүндө билүүгө аракет жасап, сабак мезгилинде аларга этияттык менен мамиле жасооңуз керек.

**Ролдук оюн**

Балдарды, жогоруда жазылгандай, группаларга бөлүштүрүп, аларды ролдук оюндун концепциясы менен тааныштырыңыз. Балдар, иштеп жаткан бала өзүнүн эмгек жолунда кандай кырдаалга туш келип калуусу мүмкүндүгүн, ойноп берүүсү керек болот. Көрсөтүү жаш балдардын айласыздыгын жана алсыздыгын чагылдыруусу керек. Көрсөтүүдө, ошондой эле, баланын бир күндүк жумушунда аны менен кездешүүчү каармандар берилүүсү керек, мисалы, ишберүүчү, ата-энеси, башка жумушчулар, милиция, кардар (балдар сойкулугу учурунда) жана башкалар.

Бул – балдар эмгегинин түрдүү жактарын көрсөтүүнүн жакшы мүмкүнчүлүгү. Мисалы, кыз бала жөнүндө айтылып жатса, ал аткарууга мажбур болгон иш-аракеттердин түрлөрүн жана анын билим алууга болгон мүмкүнчүлүгүнө кандай кесепеттерди берээрин ойлоп көрүүгө болот.

Ролдук оюндар иштеп жаткан балдардын күнүмдүк жашоосундагы жакшы жана жаман жактарды көрсөтө алат. Ролдук оюндарга даярданууда, балдар буларды эсинде тутуусу керек:

- Алар аудиториянын алдында чыгып жатышат;
- Алар үндөрүн бийик, түшүнүктүү жана акырын чыгарып сүйлөөсү керек;
- Алар сахналык устаттыктын негиздерин унутпоосу керек, мисалы, көрүүчүгө желкеси менен турбоосу керек;
- Алар бардык кыймыл аракеттерди белгилөөсү/күчөтүүсү керек;
- Алар ролго кирип, өздөрүнүн каармандарын мүмкүн болушунча, жакшы аткарууга аракет жасоосу керек;
- Ролдорду ойноого, бири калбастан, балдардын баары катышуусу керек.

Айрым группалар, мүмкүн, эң жөнөкөй сценарийди өздөрү иштеп чыгууну каалап чыгышат. Көрсөтүлүүчү кырдаалдын түшүнүктүү болуусу маанилүү, тагыраак, анда окуянын башы жана аягы болуусу керек, ал тургай, аягы көрүүчүнүн өзүнө калтырылса да. Аны менен бирге, сценарийлер чыгармачылыкты чектейт деген пикир бар. Группалардын өздөрү тандоосуна жол бериңиз.

Группалар бөлмөгө же бөлмөлөргө тарашы менен, эгерде бөлмөлөр көп болсо, группадан группага өтүп, аларга жардам берип туруңуз. Эгерде сизден башка, дагы кимдир-бирөө сизге жардам берип жатса, андан группалардын жанына барууну сураныңыз. Группа менен бирге болуп, алар ойноо үчүн, чынында керек болгон

кырдаалды тандап алаарын карап туруңуз. Бул баскычта алар ашыкча амбициялуу болбоосу керек. Аларга керектүү нерсени табып, аны андан ары өнүктүрүүгө жардам бериңиз. Алар жакшы же жаман тажрыйбаны чагылдырышабы? Алар көрүүчүгө эмнени көрсөтүүгө аракет жасап жатышат?

Эгер керек болсо, аларга ролдорду бөлүштүрүүдө жана сценарийди иштеп чыгууда жардам бериңиз. Бул баскычта алар тексттерди даярдоодо да ашыкча амбициялуу болбоосу керек. Тигил же бул каарманда кандай сезимдер топтолот? Ким баланын ролун ойнойт, ким аны иштетүүчүнүн ролун ойнойт, эгерде ошондой бар болсо? Аларга өздөрүнүн ролдорун курчутууга, кандай көрсөтүүгө жана дененин тилин кандай берүүгө жардамдашыңыз. Балдарга өздөрүнүн ролдоруна тереңирээк кирүүгө жардам бериңиз.

Группалар аткарууга даяр болгондон кийин, баарын бир бөлмөгө чогултуп, үстөлдөрдү бөлмөнүн бир четине, театрдагыдай жайгаштырыңыз, же балдарды бөлмөнүн бир тарабына жерге олтургузуңуз. Кимдин качан аткаруусун, алардын өздөрүнө коюп бериңиз. Кээ бир группалардын биринчи болуп аткарууну каалаарын байкайсыз. Аткаруу кезегин жарыялап, көрүүгө киришиңиз. Аткаруунун жүрүүсүндө группадагы тартипти көзөмөлдөңүз. Башкалар аткарып жатканда тынчтыкты жана тартипти сактап, группалардын бири бирин сыйлоосуна чакырыңыз.

***Мугалим үчүн сунуш***

Аягында аткарууларга, сиздин баа берүүңүз үчүн, аткаруулар жүрүп жатканда өзүңүзгө жазууларды жасоону кеңеш брүүгө болот. Аны менен бирге, аягында тыянактоочу талкуулоо боюнча, балдардын өздөрүнө да айрым группалардын аткаруусу боюнча, ар бир аткаруудан кийин өз пикирлерин айтууга, бир нече мүнөттөн убакыт бериңиз. Бул көнүгүү көрсөтүп, үйрөтүүчү мүнөздө жана группалардын бири биринен үйрөнүүсүнө жардам берүү, сиздин да кызыкчылыгыңызда болот. Аткаруунун өзү жана анын маңызы жөнүндө суроолорду бериңиз. Башкалардан аткарууга кандайдыр – бир нерсени кошуу же аны өзгөртүү керек болуп көрүнгөн жокпу деп сураңыз. Группанын баарынан, алар аткаруучулардын актердук чеберчилигине кандай баа берүүсүн сураңыз. Ал эми аткаруучуларга мындан кийин керек болгон кеңештерди бериңиз. Балдардын бири бирин колдоосун жана тилектештигин белгилөө менен, сиз алардын өз иштери үчүн жоопкерчилик сезимин бекемдейсиз жана алардын мындан да ынтымактуу болуусуна, аны менен, биринчи кезекте, алардын өздөрүнө болгон ишенүүсүнүн жогорулоосуна жетишесиз. Эгерде сизге дагы кимдир-бирөө жардам берип жатса, жаш адамдар үчүн, алардын пикирлери жана кеңештери абдан манилүү болот.

**Финалдык (жыйынтыктоочу) талкуулоо**

Берилген модул үчүн баалоочу сабак абдан маанилүү. Эгерде бул мүмкүн болсо, ал дароо аткаруудан кийин өткөрүлүүсү керек. Балдарды өз орундарына олтургузуп, өзүңүздүн жазууларыңызды карап чыгыңыз. Эгерде бар болсо, талкуулоого өзүңүздүн жардамчыңызды чакырыңыз.

Балдардан, ролдук оюнга катышууга байланышкан, тажрыйбалары жана сезимдери жөнүндө айтып берүүнү сураныңыз. Алардан, инсан катары, аудиториянын алдына чыгып аткаруу эмнени билдиргенин сураңыз. Алар толкунданыштыбы? Аларга

коркунучтуу болдубу? Алар сүрдөштүбү? Эмне стимул болду? Аларга бул көнүгүүдө катышуу, иштеп жаткан баланын абалын жакшыраак түшүнүүгө жардам бере алдыбы? Алар бул балдарга жардам берүүнү каалаштыбы? Балдардан башка группалардын аткаруулары боюнча конструктивдүү ой-пикирлерин айтууну сураныңыз. Алардын көргөндөрү жана уккандары боюнча суроолорду бериңиз.

Балдар эмгегин жоготуу үчүн, адамдардын бул проблемага болгон мамилелерин жана алардын жүрүш-турушун өзгөртүү керек. Биз буга билим берүү аркылуу жетишүүдөбүз, жана жаш адамдар, өздөрү устат болуу менен – жөн эле өзү тендүүлөрдүн устаты эмес, бүт өздөрүн курчап турган чөйрөнүн устаты катары, балдар эмгегин жоготууда жардам бере алышат.

***3-группа үчүн ресурстук материал***

**3-Модуль. Чыгармачыл жазуу**




**Максаты:** Жөнөкөй темага окуя ойлоп табуу, андан кийин аны иштеп чыгуу. Балдар эмгеги жөнүндө аңгеме жазуу үчүн, ошого окшогон ыкманы колдонуу.

**Жыйынтыгы:** Адабий жөндөмдүүлүктөрдү жана коммуникативдик билимдерди өнүктүрүү. Балдар эмгеги жөнүндө ички рухий сезимдерди чыгаруу каражаттарын колдонуу, сценарийлерди түзүү боюнча иш жүрүүчү, "Сахналык коюу" сыяктуу башка модулдардын ишине колдоо көрсөтүү.

Ресурстар: кагаз, ручкалар же карандаштар, кара/ак тактай же флипчарт.

**Мотивациялоо**

Биздин мезгилде адабий ой билдирүү, маалыматтык технологиялардын басымы алдында өтө тездик менен жоголуп баратат. Компьютердик программалар тексттердин орфографиялык жана грамматикалык каталарын текшерүүнү ишке ашырып жатат, ушундай жол менен, балдарды сөз илими жөнүндө билимдерин жакшыртуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратууда. Айрым программалар колдонуучу үчүн, зат атооч, этиш, сын атооч, чакчылдар жана ат атоочтордун – тизмегин сунуштап,

практикада аңгеме түзүүдө. Бир жагынан бул убакытты үнөмдөйт, ал эми башка жагынан - балдардын эркин ой жүгүртүүсү жана изденүү мүмкүнчүлүгү жоголууда.

Бул тизмектеги айрым модулдар көрсөтүүчүлүк чеберчилигине бурулган. Бирок, адабий чыгаруу баланын өнүгүүсү үчүн, өтө маанилүү. Балдарга өзүн чыгарууга, алар үчүн ишти аткаруучу  каражаттар эмес, алардын тубаса жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүчү каражаттар керек. Балдар, ылайыктуу шарттарда жана керектүү колдоо алдында, бүт дүйнө жүзүндөгү алардын теңтуштарна түшүнүктүү жана жакын болгон формада, балдар эмгеги жана аны менен байланышкан бардык жаман нерселер жөнүндө окуя айтып берүүсү мүмкүн. Алар окуяларды ойлоп табуусу, жардам сурап кайрылуусу жана аракетке чакыруусу мүмкүн – жана мунун баары жазылган сөз аркылуу ишке ашат.

Жазууну билүү жана ой жүгүртүүнү толук ачууга жол берген, чыгармачыл эркиндикке ээ болуу, балдар үчүн өзүн чыгаруунун эркин каражаттары болуп эсептелет. Бул тизмектеги башка модулдар балдарды ролдук оюндарды жазууга, спектакльдердин сценарийлерин түзүүгө, ырларды, каттарды, тилектештикке чакырууларды жана пресс-релиздерди жазууга үйрөтөт. Берилген модул балдардын терең потенциалын чыгармачыл жазууда ачуу үчүн, атайын иштелип чыккан. Биз, алардын ички рухий сезимдерин жана эмоцияларын кагазга чыгаруусун каалайбыз. Бул үчүн балдарга эң жакшы ыкма, өзгөчө, тартынчаактыгы себептүү өз сезимдерин жашырган балдар үчүн, үчүнчү жактын атынан окуя жазуу, сюжетти айтып берүү жана каармандарды ойлоп табуу, алар чынында эмнени сезип жатканын чыгаруу болуп эсептелет.

Көпчүлүк балдардын жазуучулук таланты бар, бирок алар ал жөнүндө билишпейт. Бул таланттын өнүгүүсүн жана бекемделүүсүн байкоо – таң калаарлык тажрыйба. Балдарды өзүн эркин сезүүгө үйрөтүү менен, биз иштеген балдарды, көз карандылыктагы, ачарчылыктагы жана коркунучтарга дуушар балдарды бошотуу жолу боюнча жылып барабыз.

Маанилүү маселелерде жоопкерчиликти алууга балдарды жетишээрлик сейрек чакырышат. Коомдогу өзгөртүүлөрдүн ортомчуларынын ролундагы алардын потенциалын эске алуу менен, бул, тилекке каршы, дээрлик кемчилик. Берилген модул балдарга эки жактан мүмкүмкүнчүлүк берет. Биринчиден, алар чыгармачыл жана образдуу өзүн чыгарууну издөөгө чакырылат. Экинчиден, алар өздөрүнүн адабий жөндөмдүүлүктөрү аркылуу глобалдык маанидеги маселени коомчулуктун өкүлдөрүнө жана өздөрүнүн теңтуштарына түшүндүрүүгө жоопкерчилик алышат.

Берилген модул инсандык өнүгүүнү тереңдетет жана группада ынтымактуу өз-ара мамилелерди түзүүгө жардам берет. Берилген модулду өткөрүү сизге карамагыңыздагы балдардын потенциалын жана мүнөзүн баалоого жардам берет. Ал, лидерлик, сүйлөшүү жөндөмү жана тактык сыяктуу сапапттарды табууга жардам берет. Бул модул балдардын сезимдеринин тереңдигин үйрөнгөн сайын жашоодогу кызыктуу тажрыйба болуп калат.


**Группаны уюштуруу**

Негизги идея, балдарга коллективдүү эмес, жеке өзүнчө ички сезимдерин чыгарууга жардам берет.

**Төрт төртбурчтук ыкмасы**

Мурдараак айтылгандай, сочинение (ойлоп табуу) жазууга окутуунун көптөгөн ыкмалары жана теориялары бар. Алардын бири “төрт төртбурчтук ыкмасы” болуп эсептелет. Бул ыкма эң жөнөкөй жана балдарды жазучулук чеберчилигине окутууда жакшы башталышты берет, анын негизинде алар татаалыраак аңгемелерди жазууга өтө алышат.

Төрт төртбурчтук ыкмасы төмөнкү схемада (чиймеде) түзүлгөн:




Мунун идеясы, ар бир төртбурчтукта аңгеменин айрым бир бөлүгү берилет. 1-төртбурчтук - бул аракеттин башталышы, 2 жана 3 - төртбурчтуктар – сюжеттин негизги бөлүгү, ал эми 4 – төртбурчтук – аягы. Аңгеме – бул 1-төртбурчтуктан 4-төртбурчтукка өстүрүү. Дагы эле группадагы маанай эркин, кызыктуу жана шамдагай болуусу керек. Аларга өздөрүнүн аңгемесин түзүүгө тапшырма берээрден мурун, сиз балдар менен бирге, тактайга жазуу жана бул ыкманы колдонуу менен, аңгеме ойлоп табууңуз керек.

Мисал катары жөнөкөй чиймеге карап, 1-төртбурчтукта каарман (аты), анда бул каармандын сүрөттөмөсү жана кандайдыр-бир абалы болуусу керек. Бул үч нерсе бир сөз менен берилүүсү керек жана бул көнүгүүнү жакшыраак аткаруу үчүн “көңүлсүз” абалынан баштоо жакшыраак.  Ошондуктан тактайга 1-төртбурчтукка мындай деп жазыңыз: Окуя “Балтек” (каармандын аты) тууралуу. Ал “ит”(сүрөттөмөсү). Ал “көңүлсүз” (абалы). Бул сиздин окуяңыздын башталышы.

Кийинки баскычта 4-төртбурчтукка окуянын аягын жазып чыгуу керек. Бул көнүгүүдө 4-төртбурчтукта ушундай эле сүрөттөөдөгү, ошол эле каарман, бирок бул жолу, каарман карама каршы сезимде болуусу керек. Баяндоону жөнөкөй жана салыштырмалуу кызыктуу сактоо менен, сиз 4-төртбурчтукка мындай деп жазыңыз: Окуя дагы эле “Балтек” тууралуу (каармандын аты). Ал дагы эле “ит” (сүрөттөө). Бирок ал азыр “көңүлдүү” (карама каршы абалда). Ушундай жол менен, бул сиздин аңгемеңиздин аягы болот.

Өзүңүз көрүп тургандай, эми 2жана 3-төртбурчтуктарга керектүү сөздөрдү жазуу керек, алар баяндоону 1-төрбурчтуктан 4-төрбурчтукка логикалык алып келишет.

2-төртбурчтукта эки нерсе болуусу керек, алар, эмне үчүн Балтек  аттуу ит көңүлсүздүгүн түшүндүрүүсү керек. Группадан, алардын оюнча, ал эмнеге көңүлсүздүгүн сурап, сиз үч себеп жазууңуз керек. Мисалы, алар айтуусу мүмкүн, Балтек көңүлсүз, себеби: Анын достору жок. Ал жаман жыттанат. Ал ач карын.

Логика боюнча, кийинки баскычта, бул көңүлсүздүктүн үч себебин түшүндүрүү керек, алар Балтек аттуу итти “көңүлдүү” абалга алып келишет. Ошентип, 3-төртбурчтукта Балтек аттуу ит “көңүлдүү” болуп калгандыгынын үч себеби көрсөтүлөт. Группадан анын абалынын себептерин сураңыз. Балдар, ал досторун тапты, андан эми жаман жыттанбайт жана ал эми ач карын эмес, деп жооп берүүсү мүмкүн. Бул, 2-төртбурчтукта көрсөтүлгөн анын сезимдерине карама – каршы үч абал.

Ушундай жол менен, Балтек аттуу ит көңүлдүү болуп калды. Ошентип, сиздер "скелет" иштеп чыктыңыздар, эми ага образдуу айтканда, "эт" өстүрүп чыгуу керек.

Керектүү бөлүктөрдү кошуу менен, сиздер толук кандуу жана жакшыраак аяктаган окуяны түзөсүздөр. Муну суроолор ыкмасы аркылуу жасоого болот: Ким? Эмне? Качан? Кайсы жерде? Эмне үчүн? (беш суроо принциби) жана Кантип? Ар бир төртбурчтукта ушул алты суроону берип жатып, жазуучу көбүрөөк керектүү бөлүктөрдү түзөт, алар андан кийин адабий тилдин жардамы менен бириктирилет. Ушундай жол менен биз өзүбүздүн окуябызды жазабыз. Мисалы, Балтек аттуу ит кантип досторун тапты? Алар кимдер? Ал кайсы жерден өзүнө тамак тапты? Эмне үчүн андан жаман жыттанат? Ал кантип жаман жытты жоготту? Жана башкалар. Ар бир жолу биз кандайдыр-бир жыйынтыкка келебиз, жана ушундай суроолорду берип, окуяны кеңейтүүгө болот. Ошентсе да, берилген көнүгүү үчүн, баары жөнөкөй жана кыска болуусуна аракеттениңиз.

Группаңыз менен төрт төртбурчтук ыкмасын өткөндөн кийин, группаны подгруппаларга бөлүп, аларга жаңы тапшырма бериңиз, аны алар белгиленген убакытта өздөрү даярдоосу керек. Сиз аларга 1 жана 4-төртбурчтукту жазып бериңиз. Мисалды сиз өзүңүз бериңиз же балдар менен "акыл салыш" өткөрүп, алар ойлоп тапса болот. 1-төртбурчтукта "Мурка" аттуу мышык болуусу мүмкүн жана ал "көңүлсүз". 4-төртбурчтукта "Мурка" аттуу мышык, эми ал "көңүлдүү". Ар бир группа өз алдынча 2 жана 3-төртбурчтуктарды толтуруусу керек, жана сиз алардан Беш суроо принциби жана Кантип? деген суроолорду колдонуп, окуяны толуктоону сураныңыз.

Группаларга 5-10 мүнөттөн ашык эмес убакыт бериңиз. Эгерде балдарды бир аз шаштырса, жыйынтыгы жакшыраак болот, бирок бул көнүгүү эркин жана кызыктуу маанайда аткарылуусу керек. Убакыт бүткөндөн кийин ар бир группадан өз окуясын окуп берүүнү сураныңыз.

**Иштеп жаткан бала жөнүндө аңгеме**

Модулдун көңүлдүү бөлүгүн аткарып, балдарда кызыгуу жаратып, аларга окуя түзүү канчалык "жеңилдигин" көрсөткөндөн кийин, балдарды долбоордун негизги темасына – балдар эмгегине, кайтарууга убакыт келди. Модулдун бул бөлүгүн аткаруу үчүн, балдарды эркин олтургузуңуз жана аларга жазууга ыңгайлуу болсун. Эгерде балдар бул сабакта, группага караганда, жеке өзүнчө иштесе жакшыраак болот, бирок сиздин оюңузча алар группада иштесе жакшы болсо, анда аларды группаларга бөлүңүз. Мисалы, эгерде группада бул сабакты окутууда кыйналып жаткан балдар бар, дислексия же сабатсыз балдар болсо, мындай учурда аларды анча чоң эмес группаларга бөлүштүрүп, бул көңүгүүнү оозеки аткаруу менен иштеген жакшыраак болот.

Сиз балдарга бул көнүгүүдөгү 1 жана 4-төртбурчтуктардагы абал түз эле карама-каршы болуусу мидеттүү түрдө эместигин айтууңуз керек. Мисалы, кимдир-бирөө көңүлсүз окуяны башынан аягына чейин жаза баштайт. Бирок берилген модулдардын маңызы бүт дүйнө жүзү, өзгөчө, иштеп жаткан балдар үчүн үмүттөнүү идеясын өнүктүрүү болуп эсептелээрин унутпоо керек. Ушундай жол менен, эгерде иштеп жаткан баланын окуясы көңүлсүз башталса, анда анын аягы кайсы-бир себептер менен үмүт чырагы кошулуп бүтсө, жакшыраак болот.

***Алинанын окуясы***

Бул окуя төрт төртбурчтук ыкмасын колдонуу менен ойлоп табылган.

1-төртбурчтук: Алина 8 жаштагы кыз. Ал иштеп жаткан бөбөк. Ал көңүлсүз.

2-төртбурчтук: Ал көңүлсүз, себеби аны үй-бүлөсүнөн ажыратып алып кетишти. Ал оорулуу, ошого капа болуп, ал көңүлсүз.

3-төртбурчтук: Алина куткарылды жана ал жөнүндө камкордук көрүп жатышат.

4-төртбурчтук: Алина өз үй-бүлөсүнө кайтып келди. Ал бактылуу.

Окуя, Алинаны үй-бүлөсүнөн ажыратып иштөөгө мажбурлагандан баштап, ал куткарылып, үй-бүлөсүнө кайтып келгенге чейин өнүгөт. Алты суроо ыкмасын колдонуу менен, биз өлкөдөгү жакырчылыкты ойлоп табабыз, Алинаны анын үй-бүлөсү жашаган айылынан алыс жерде шаарга кафеге иштөөгө жөнөтүшкөн. Кожоюндун жана анын үй-бүлөсүнүн ташбоор жана жаман мамилелеринин кесепетинен Алина ооруп калат, бир жолу эси ооп жыгылып, жаракат алат. Алина бир нече жолу качууга аракет жасайт, ал тургай, бир жолу өз жакындары жашаган айылына жетип барат, бирок кожоюн анын артынан өз адамдарын жөнөтөт. Бул адамдар анын ата-энесин токмоктоп, өзүн кайра алып кетишет. Аны кожоюн катуу жазалайт жана ал өзүн коргой албайт.

Мезгил өтүп жатат, ал эми кыз дагы эле идиш-аяк жууп, кыйналып жүрөт. Акыр аягында, алыс эмес жерде иштеген адам укугун коргоочулар группасы бул жөнүндө билишет. Группа кафенин кожоюнун сотко берет. Алина үй-бүлөсүнө кайтат.

Кафенин кожоюнун соттошуп, жазалашат. Адам укугун коргоо группасы Алинанын атасына жемиштерди өстүрүү боюнча өз ишин баштоого жардам берет, эми ал өз үй-бүлөсүн бага алат. Алина толугу менен айыгат. Албетте, ал эми бактылуу.

**Эмне жасоого болот жана болбойт**

- Бул көнүгүүнүн ар бир бөлүгүндө балдардын баары катышып жатканын текшерип туруңуз.
- Бул сабакта катуу сөздөрдү же сындоону айтууга же башка балдарга аңгеменин үстүнөн күлүүгө жол берүүгө болбойт.
- Балдарды өз аңгемелерин бүт группанын алдында үн чыгарып окуп берүүгө көңүлдөндүрүү керек.

**Финалдык (жыйынтыктоочу) талкуулоо**

Балдар эмгеги жөнүндө группанын аңгеме жазган, бул модулдун акыркы бөлүгү, кыйынырак жана эмоционалдуу болуп эсептелет.

Ошондуктан, ишти бүткөндөн кийин талкулоо жүгүзгөндө, тынч жана ынтымактуу абалды түзгөнгө аракет жасаңыз. Балдарга өз сезимдерин чыгарууга, эмнени үйрөнгөнүн айтып берүүгө жол бериңиз. Эгерде балдар өз аңгемелерин үн чыгарып окуп берүүнү кааласа, уруксат бериңиз. Бирок, алар өз ордунда туруп окуп берүүсү керек, себеби тактайга чыкканда уялуусу мүмкүн. Группа менен үн чыгарылып окулган аңгемелердин маанилүү бөлүктөрүн талкууланыз. Талкулоодо бардык балдар катышуусу керек жана аларды бири-бирине суроо берүүгө үйрөтүңүз. Ким жана эмнеге айрым бир каармандарды ойлоп тапты жана бул каармандар эмне жасап жатканын билүү абдан кызыктуу. Бул сизге аңгеменин автору жөнүндө көп нерсени айтып берүүсү мүмкүн. Дискуссия бүткөнгө чейин ар бир окулган аңгемени талкууланыз.

Айрым аңгемелер ушунчалык жакшы болуп, бардык балдардын көңүлүн буруусу мүмкүн. Ошентсе да, ар бир аңгемени талкуулап, аларды татыктуу баалоо керек.

# ЖАНДЫРМА

***Балдар эмгеги –*** акы төлөнүүчү, төлөнбөөчү жумуш жана ишмердүүлүк, ал психикалык, физикалык, социалдык же моралдык мамиледе балдарга коркунуч же зыян келтирүү менен байланышкан. Бул жумуш балдарды мектепте окуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат, алар мектепке баруу мүмкүнчүлүгү жок болгондуктан, мезгилсиз окууну аяктоого же иштеп жатып окууга мажбур болушат. Балдар эмгеги деп, бала үчүн аны аткаруу коркунучтуу жана ага эл аралык жана укуктук мыйзамдар менен тыюу салынган жумуш түшүнүлөт. Балдар эмгеги – бул 1) 12 жашка чейинки иштеп жаткан балдар; 2) жумасына 14 сааттан көп иштеген 12-14 жаштагы балдар; 3) жумасына 43 саатан көп иштеген 15-17 жаштагы балдар; 4) зыян жумуштарда алектенген 18 жашка чейинки балдар.

***Кыйын турмуштук кырдаалдагы балдар*** – ата-энесинин кароосу жок калган балдар, ден-соолук мүмкүнчүлүгү чектелген балдар, мыйзам менен конфликттеги балдар, кылмыштан же зомбулуктан жапа чеккен балдар, аз камсыздалган үй-бүлөдө жашаган балдар, иштеп жаткан балдар, каросуз балдар, көчөдө калган балдар, өткөөл кырдаалдар жана конфликттер аймагында түзүлгөн шарттарга байланыштуу турмуштук оор абалда калган балдар, ошондой эле, мындай кырдаалдарды өз алдынча же үй-бүлө жардамы менен жеңип өтө албаган балдар.

***Мектепке барбаган балдар*** – баштапкы жалпы жана жалпы негизги мектепте окуусу керек болгон балдар, алар: бир да жалпы билим берүүчү уюмда (мектепте) жазылган эмес; жалпы билим берүү уюмунда жазылган бирок 30 күндөн ашуун убакыттан бери жүйөлүү себепсиз уюмга кебегендер; мектепти расмий таштаган жана ар кандай себептер менен бир да уюмга жазылышкан эмес балдар.

***Кошумча билим берүү*** – негизги билим берүү программаларынын чегинен тышкары ишке ашырылуучу, билим берүүнүн өзгөчө чөйрөсү. Программаларынын жана кызматтарынын мүнөзү боюнча кошумча билим берүүнүн максаты болуп – жалпы орто билим берүүнү жогорулатуу, эсептелет. Кошумча билим берүү программаларынын жана кызматтарынын багыттуулугу, жалпы билим берүү мектептерин кошо, ар түдүү балдарга кошумча билим берүү мекмелеринде ишке ашырылуусу мүмкүн.

**Дискриминация (кемсинтүү)** – бул адам укугун бузуу жана ага таандык өзгөчөлүктөрдүн негизинде, ден-соолук абалы, жүрүш-турушу же ой жүгүртүүсү боюнча анын мүмкүнчүлүктөрүн чектөө. Кемсинтүү анын билим алууга, саламаттыкты сактоого, турак-жайга жана жумушка орношууга, башка коомдун мүчөлөрүнө салыштырмалуу жеткилигин чектөөгө алып келүүсү мүмкүн.

***Окшоштук (идентичность***) – бул адамдын түшүнүүсү жана инсандык мүнөзү (жеке мүнөздөмөлөрүнүн окшоштуктары) жана адамдын башка адамдар менен сүйлөшүүсүнүн өзгөчөлүктөрү.

***Инклюзивдик билим берүү*** – бул калктын алсыз категорияларына билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн кошуу процесси, анын ичинде балдарды жана ар кандай муктаждыктагы балдар үчүн жалпы билим берүү мектептерин аккомодациялоо. Бул мектептерде бардык окуучуларды өстүрүү процесси. Бул мектептерде маданий баалуулуктарды, саясатты жана практиканы, алар окуучулардын ар кандай муктаждыктарына жана жашаган жерине жооп бергидей кылып кайрадан карап чыгуу процесси.

***Информалдык билим берүү (ЮНЕСКО)*** – күнүмдүк турмуштагы жана максаттуу мүнөздү милдеттүү алып жүрбөгөн, индивидуалдуу көз карштагы ишмердүүлүк; индивиддердин өздөрүнүн активдүүлүгүнүн эсебинен тыгыз маданий-билим берүү чөйрөсүндө ишке ашырылуучу, ар тараптуу билим берүү; сүйлөшүү, окуу, маданий мекемелерде болуу, саякатка чыгуу, массалык маалымат каражаттары ж.б., чоң адам коомдун билим берүү потенциялын өзүнүн өнүгүүсүнүн факторуна айландырганда, күнүмдүк жумуш, үй-бүлө жана эс алуусунун анык структурасы болбойт.

***ИПЕК*** – Балдар эмгегин жоюу боюнча эл аралык программа (ИПЕК) Эл аралык Эмгек уюмунун (ЭЭУ) техникалык кызматташтык программасы болуп эсептелет. ИПЕК программасы

негизги программалык тармактарда балдар эмгегинин маселелерин биринчи планга чыгаруу жана мыйзамдарды колдонуу жана балдар эмгеги менен күрөшүү мамилелеринде үчтараптуу катышуучуларга колдоо көрсөтөт. ИПЕКтин негизги максаты дүйнөдө балдар эмгегинин эксплуатациясын жоюуга акырындык менен жетишүү. Өзгөчө көңүл, балдар эмгегинин эң оор түрлөрүн жоюуга бөлүнөт, алардын ичинде: кулчулук, мажбурланган эмгек, балдарды сатуу, карыз көз карандылыгы, крепостнойлук, сойкулук, порнография жана коркунучтуу жумуш.

***Эл аралык Эмгек уюму (ЭЭУ)*** – адам укуктарын жана эмгек укуктарын эл аралык таанууга жана социалдык адилеттүүлүккө жетишүүгө шарт түзүүчү, Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУ) атайын агенттиги болуп эсептелет. ЭЭУ, бирикмелер эркиндиги, уюмга жана коллективдүү сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө укук, мажбурлоочу эмгекти алып салуу, мүмкүнчүлүктөрдүн теңдиги жана билим алуудагы теңдик, балдарды эксплутациялоону жоюу жана эмгек мамилелери менен байланышкан, шарттарды жөнгө салуучу стандарттарды жоюу сыяктуу негизги эмгек укуктарынын минималдык стандарттарын коюу менен, конвенция жана рекомендация түрүндө эл аралык эмгек стандарттарын иштеп чыгат.

***Мониторинг*** – тынымсыз байкоо жүргүзүү процесси жана берилген критериялар менен салыштырып объекттин параметрлерин каттоо.

***Балдар эмгегинин эң оор түрлөрү*** – а)кулчулуктун бардык түрлөрү же кулчулукка окшогон практика, мисалы, балдарды сатуу, карыз милдеттери, ошондой эле, мажбурлоочу же милдеттүү эмгек, ага кошо, мажбурлоочу же милдеттүү балдарды согуш конфликттерине катыштыруу; б) баланы сойкулукка көндүрүү, порнографиялык продукция өндүрүүгө мажбурлоо; в) мыйзамсыз ишмердүүлүккө мажбурлоо, наркотиктерди өндүрүүгө жана сатууга мажбурлоо, аларга тыюу салуу эл аралык келишимдерде аныкталган; г) балдардын ден-соолугуна, коопсуздугуна жана ыймандуулугуна зыян келтирүүсү мүмкүн болгон жумуштар (ЭЭУ №182 Конвециясына ылайык).

***Формалдуу эмес билим берүү (ЮНЕСКО)*** – тренер же репетитор менен индивидуалдык сабактар мезгилинде, окутуу мекемелеринде же коомдук уюмдарда, клубдарда жана кружоктордо максаттары, методдору жана окутуунун жыйынтыктары так аныкталган, атайын билим берүү жайларынан сыртта өтөт. Көпчүлүк учурда максаттуу багытталган жана системалык мүнөздө болот, окутуу бүткөндө документ берилбейт, билим берүүнүн жана жумуш ишмерүүлүктүн бардык этабында сунушталып, ар кандай курстардан, тренингдерден, кыска программалардан турат.

***Коркунучтуу эмгек шарттары*** – иштеп жаткан адамдын организмине жагымсыз таасир берүүчү жана гигиеналык нормативдерден жогорулоочу, өндүрүштөк зыяндуу факторлордун бар болуусун мүнөздөөчү эмгек шарттары.

***Баланын муктаждыктарына кайдыгерлик*** – Баланын тамакка, кийимге, турак-жайга, тарбияга, билим алууга, медициналык жардамга болгон негизги муктаждыктарын, ата-энелер жана аларды алмаштыруучу адамдар тарабынан жетиштүү деңгээлде камсыздоонун жоктугу.

***SCREAM. Балдар эмгегине “стоп-сигнал!”. Билим берүү, чеберчилик жана массалык маалымат каражаттары аркылуу балдар укуктарын колдоо программасы*** – бул долбоор 2002 – жылдан баштап ишке ашырылып жатат. Ал, өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө мектептерди, искусство кызматкерлерин жана жаштарды тартып, ИПЕКтин салттуу эмес өнөктөштөрүнүн санын ашырган, коомчулуктардын базасында өткөрүлүүчү, билим берүү тармагында жана социалдык мобилизацияда демилгени түзөт. Бул долбоордун чегинде окуу материалдарынын топтому иштелип чыккан.

***Аймактык мамлекеттик органдар*** – ички иштер, билим берүү, саламаттыкты сактоо, жумушка орноштуруу, миграция жана жаштар саясаты, калкты каттоо, эмгекти коргоо чөрөсүндө көзөмөл боюнча, кылмыш-аткаруу системасынын органдары, алар өз компетенциясынын чегинде, кыйын турмуштук кырдаалда калган балдар жана үй-бүлөлөр менен иш жүргүзүүдө балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмдөрү менен өз ара аракеттенишет.

***Тренинг –*** конкреттүү билимдердин жана өнөрлөрдүн өнүгүүсү, билимдердин толукталуусу болгон, активдүү окутуунун формасы. Тренингдер, эреже катары, ролдук оюндарды, командаларда иштөөнү, практикалык тапшырмаларды аткарууну, акыл салыштарды, суроолорду жана жоопторду коюуну, талкуулоонун элеементтерин колдонууну кошуп өткөрүлөт.

***Кыйын турмуштук кырдаал*** – жарандын же үй-бүлөнүн турмуш тиричилигин объективдүү бузуучу кырдаал (мунжулук, карылык, жетимдик, кароосуздук, жакырчылык, жумушсуздук, турак-жайдын жоктугу, конфликттер жана ырайымсыз мамиле, жалгыздык ж.б.), өз алдынча жеңе албаган кырдаал.

***Социалдык коркунучтуу абалдагы бала –*** ата-энеси (аларды алмаштыруучу адамдар) балдарды тарбиялоо, окутуу, камсыздоо боюнча милдеттерин аткарышпай, ырайымсыз мамиле жасаган, коомго терс турмуш тиричилик жүргүзгөн үй–бүлөдөгү балдар.

***Фасилитатор*** – алардын эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында иштин группалык формаларын уюштуруу жана өткөрүү менен алектенген адам. Фасилитатордун маселеси – комфорттук чөйрөнү түзүүгө шарт түзүү, регламентти көзөмөлдөө, группаны ынтымакка келтирүү жана проблеманы жемиштүү талкуулатуу.

***Формалдуу билим берүү (ЮНЕСКО) –*** уюштурулган жана иерархиялык структураланган контексте жүрөт, жалпы таанылган диплом же аттестат берүү менен аяктайт, мамлекеттик окуу программасына негизделет жана убакыт боюнча так узактыктары коюлган, үстөмдүктүү катталган формалдуу уюмдардар менен уюштурулган.

# СУНУШТАЛУУЧУ АДАБИЯТ


1. Албана Маркья**.** Формалдуу эмес билим берүү боюнча мугалимдер үчүн методикалык пособие.– Б.: “Maxprint”. – 2013. – 36 б.

2. Алымбаева Б.Б., Сабыров Р.С. Балдар эмгеги Кыргызстанда: проблемалар жана чечүү жолдору// Кыргыз билим берүү акдемиясынын Известиясы, №1(33). – Б.: 2015. – б. 115-119.

3. “Билим берүү баары үчүн” программасына байкоо жүргүзүү боюнча Бүткүл дүйнөлүк баяндама»: ЮНЕСКО, 2012.

4. КР айыл-чарбасынын пахта, тамеки жана күрүч өндүрүү тармактарында иштеп жаткан балдардын ден-соолук абалын жана эмгек шарттарын баалоо. Саламаттыкты саактоо министирлиги жана ӨЭУ «Позитив хелп». – Б.: 2007.

5. Джумагулова Ч. Борбордук Азияда инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү. – Б.: 2003. – 150 б.

6. Кыргызстандын мектептеринен сырттагы балдар. Мектепке барбаган балдар менен иштөө боюнча жетекчилик/авт.-түз. М. Иманкулова, Л. Антонович. – Б.: 2015. – 112 б.

7. 7-11 жаштагы мектепке барбаган балдар (Нарын ш.)/ Коомдук пикирлерди үйрөнүү жана прогноздоо борборунун изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары. – Б.: 2001. – 30 б.

8. Мектепке барбаган балдар/Коомдук пикирлерди үйрөнүү жана прогноздоо борбору. – Б.: 2003. – 43 б.

9. Кыргызстанда мектепке барбаган балдар/КР БжИМ, ЮНИСЕФ. – Б.: 2008. – 110 б.

10. КР соода жана айыл-чарбасында балдар эмгеги. Экспресс баалоо. «Сиар-Бишкек» Изилдөө жана консалтинг компаниясы. – Б.: 2006.

11. Кыргыз республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамы, 2003.

12. Иманкулова М.Т. Бүткүл жалпы билим берүү менен камтуу: проблеманын абалы жана чечүү жолдору/Кыргыз билим берүү академиясынын Известиясы, №1(33). – Б.: 2015. – б. 31-36.

13. “Мектеп жашындагы балдарды жана өспүрүмдөрдү учетко алуу тартиби жөнүндөгү” Инструкция// Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому, 14-ноябрь 1997-ж., №667.

14. Балдар эмгегинин эң оор түрлөрүн жоюу: ЭЭУнун №182 Конвенциясын колдонуу боюнча практикалык жетекчилик. Парламентарийлер үчүн пособие №3/202. – Москва, Эл аралык эмгек бюросу, 2003. – 171 б.

15. Ишберүүчүлөр кантип балдар эмгегин жое алышат? Кыскача жетекчилик. ЭЭУ-ИПЕК. – Казахстан. – 12 б.

16. Кыргыз Республикасынын балдар жөнүндө Кодекси, 2012.

17. БУУнун балдар жөнүндө Конвенциясы, 1989.

18. Жумушка кабыл алуу үчүн минималдуу курак жөнүндөгү ЭЭУнун №138 Конвенциясы, 1973.

19. Балдар эмгегинин эң оор түрлөрүн жоюу боюнча тез чаралар жана тыюу салуу жөнүндөгү ЭЭУнун №182 Конвенциясы, 1999.

20. Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 20010.

21. Кудайбергенова Д. Борбордук Азияда балдар эмгегинин эң оор түрлөрү/гез. “Кутбилим”, 17-декабрь 2010.

22. Кыргызстанда ЭЭУнун 182 жана 138 конвенцияларына ылайыктуулугуна, балдар эмгегинин эң оор түрлөрүнө крата улуттук мыйзамдарды жана укук колдонуу механизмдеринин обзору. – Б.: 2008.

23. “Кыргыз химико-металлургиялык заводунун өнөр-жай таштандыларында иштеп жаткан балдардын ден-соолук абалы жана физикалык өнүгүүсүн гигиеналык баалоо” Отчету. Саламаттыкты сактоо министирлиги, ӨЭУ «Позитив хелл». – Б.: 2007.

24. Кыйын турмуштук кырдаалдагы балдарды жана үй-бүлөлөрдү аныктоо тартиби жөнүндөгү” Жобо.// Кыргыз республикасынын Өкмөтүнүн токтому, 22-июнь 2015-ж., №391.

25. Кыргызстанда иштеп жаткан балдар: 2007-жылы балдар эмгегин изилдөөлөрдүн жыйынтыктары. – Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети, ЭЭУ, 2007-2008.

26. Билим берүү сектору үчүн пландарга балдар эмгегинин маселелерин интеграциялоо боюнча жетекчилик. ЭЭУ-ИПЕК. – Б.: 2012. – 49 б.

27. Балдар эмгеги боюнча социалдык кызматкерлерге жетекчилик, Социалдык кызматкерлер ассоциациясы. - Б.: 2009.

28. Семенова С.Ф. Кыргызстанда балдар эмгегинин эң оор түрлөрүн жоюу: Профсоюздук активисттер үчүн ЭЭУнун №182 (1999) конвенциясын колдонуу боюнча практикалык жетекчилик. – Б.: 2012. – 37 б.

29. SCREAM: балдар эмгегине стоп-сигнал. Билим берүү, чеберчилик жана массалык маалымат каражаттары аркылуу балдар укуктарын колдоо программасы. –ЭЭУ-ИПЕК. – Б.: 2014. – 219 б.

30. Балдар эмгеги боюнча негизги түшүнүктөр жана терминдер сөздүгү. ЭЭУ-ИПЕК. – Бишкек, 2012. – 120 б.

31. Токтогулов А., Бредихина В.А. Кыргыз Республикасынын Чүй областынын Москва жана Ысык-ата райондорунда балдар эмгегинен эркин аймактарды түзүү. Кыргызстанда ЭЭУ-ИПЕК менен колдоого алыынган, пилоттук долбоорду ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим кызматкерлеринин профсоюзунун Борбордук комитетинин тажрыйбаларынын топтому. – Б.: 2012. – 52 б.

32. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси, 2004.

33. Балдар эмгегин жоюу боюнча күч аракеттерди тездетүү. ЭЭУдун Глобалдык отчету, 2010.

# ТИРКЕМЕЛЕР

**1-Тиркеме**

## 1973-жылдагы №138 Конвенция (алынган маалыматтар)

*Жумушка кабыл алуу үчүн минималдык курак жөнүндөгү Конвенция (Күчүнө кирген күнү: 19-июнь 1976-жыл)*

**1-берене**

Ал үчүн ушул Конвенция күчүндө турган, Уюмдун ар бир Мүчөсү, өспүрүмдөрдүн эң эле толук денетүзүлүштүк жана аң-сезимдик өнүгүүсүнө ылайыктуу деңгээлге чейин, ишке алуу үчүн, минималдык куракты акырындык менен жогорулатууну жана балдар эмгегин эффективдүү жоюуну камсыздоо максатындагы улуттук саясатты ишке ашырууга милдеттенет.

**2-берене**

6. Ушул Конвенцияны ратификациялоочу, Уюмдун ар бир Мүчөсү, ратикациялоо жөнүндөгү документке тиркелүүчү, арызда, анын аймагында катталган транспорттук каражаттарда жана өз аймагынын чегинде жумушка кабыл алуу үчүн минималдык куракты көрсөтөт; ушул Конвенциянын 4-8-беренелеринин жоболорун сактоо шарттарында, бул курактан жаш бир дагы өспүрүм ишке алууга киргизилбейт же ар кандай адистик боюнча башка ишке алынбайт.

7. Ушул Конвенцияны ратификациялоочу, Уюмдун ар бир Мүчөсү, кийинчерээк, кошумча арыздардын жардамы менен, Эл аралык Эмгек Бюросунун Генералдык Директоруна, мурда коюлганга караганда, ал, андан да жогорураак минималдуу курак коюп жаткандыгы жөнүндө билдире алат.

8. Ушул берененин 1-пунктунун негизинде аныкталуучу, минималдык курак, милдеттүү мектеп билимин алууну аяктоо курагынан төмөн болбоосу керек, кандай болгон учурда да, ал он беш жаштан төмөн болбоосу керек.

9. Ушул берененин 3-параграфынын жоболоруна көзкарандысыз, экономикасы жана билим берүү системасы жетишээрлик эмес өнүккөн, Уюмдун Мүчөсү, мүмкүн, кызыкдаар ишберүүчүлөрдүн жана жумушчулардын уюмдары менен консультациялардан кийин, мындайлар бар жерде, минималдуу куракты биринчи баштапкы иретте он төрт жашты минималдык курак деп орнотуусу мүмкүн.

10. Мындан мурунку пункттун жоболоруна ылайыктуу минималдык курак катары он төрт жашты орноткон, Уюмдун ар бир Мүчөсү, Эл аралык Эмгек Уюмунун Уставынын 22-беренесине ылайык берилүүчү, ушул Конвенцияны аткаруу жөнүндөгү өзүнүн отчетторуна, төмөнкүлөр жөнүндөгү - арызды кошот:

а) мындай чечимди кабыл алуунун себептери өзгөрбөгөндүгү; же

б) айрым бир күндөн баштап, ал өзүнүн төмөндөгү жоболор менен пайдалануу укугунан баш тарткандыгы.

**3-берене**

4. Ишке жалдоо боюнча жумуштун бардык түрлөрүндө, же өзүнүн мүнөзү жана кырдаалдарга байланыштуу, өспүрүмдүн ден-соолугуна, коопсуздугуна же ыймандуулугуна зыян келтирүүсү мүмкүн болгон, башка жумуштарда, минималдык курак, он сегиз жаштан төмөн болбоосу керек.

5. Ушул берененин 1-пункту колдонулган, ишке жалдоонун же башка жумуштардын түрлөрү, улуттук мыйзамдар  же эрежелер, же бийликтин компетенттүү орандары менен, ылайыктуу ишберүүчүлөр жана жумушчулар уюмдары менен консультациялардан кийин аныкталат, мындайлар бар жерде.

6. Ушул берененин 1-пунктунун жоболоруна карабастан, улуттук мыйзамдар же эрежелер же бийликтин компетенттүү органдары, кызыкдаар ишберүүчүлөрдүн жана

жумушчулардын уюмдары менен консультациялардан кийин, бул өспүрүмдөрдүн ден-соолугу, коопсуздугу жана ыймандуулугу толугу менен корголгон жана бул өспүрүмдөр атайын билим алуусунун жана иш-аракеттин ылайыктуу тармагы боюнча адистик даярдоо өтүүсүнүн шарттарында, он алты жаштан төмөн эмес курактан ишке жалдоого уруксат берүүсү мүмкүн.

**4-берене**

4. Керектүүлүк деңгээли боюнча, бийликтин компетенттүү органы, ылайыктуу ишберүүчүлөрдүн жана жумушчулардын уюмдары менен консультациялардан кийин, ушул Конвенцияны колдонуу чөйрөсүнөн, аларга байланыштуу өзгөчө проблемалар келип чыкса же бар болсо, ишке жалдоо же башка жумуш боюнча чектелген категорияларды алып салуусу мүмкүн.

5. Ушул Конвенцияны ратификациялоочу, Уюмдун ар бир Мүчөсү, Эларалык Эмгек Уюмунун Уставынын 22-беренесине ылайыктуу берилүүчү, Конвенцияны колдонуу жөнүндөгү өздөрүнүн биринчи докладында, мындай алып салуунун себептерин көрсөтүү менен, ушул берененин 1-пунктуна ылайыктуу алып салууга мүмкүн болгон, бардык категорияларды жазып беришет, жана кийинки докладдарда,  өздөрүнүн мыйзамдарынын абалы жана мындай категорияларды алып салуу практикасы, жана мындай категорияларга байланыштуу Конвенциянын жоболору кандай деңгээлде колдонулуп жаткандыгы, же колдонуу болжолдонуусу жөнүндө билдиришет.

6. Ушул Конвенциянын 3-беренесинде каралуучу, ишке жалдоо боюнча жумуш же башка жумуш, ушул беренеге ылайык, Конвенцияны колдонуу чөйрөсүнөн алып салынбайт.

**5-берене**

5. Экономикасы жана административдик аппараты жетишээрлик  өнүкпөгөн, Уюмдун Мүчөсү, ылайыктуу ишберүүчүлөрдүн жана жумушчулардын уюмдары менен консультациялардан кийин, мындайлар бар жерде, башында Конвенцияны колдонуу чөйрөсүн чектөөсү мүмкүн.

6. Ушул берененин 1-пунктунун жоболорун колдонуучу, Уюмдун ар бир Мүчөсү, ратификациялоо жөнүндөгү документке тиркелүүчү арызга, ушул Конвенциянын жоболорун ал колдонуучу, экономикалык иш-аракеттин тармактарын же ишканалардын типтерин кошуп жазат.

7. Конвенциянын жоболору минимум катары төмөнкү иштерге колдонулат: шахталарда жана карьерлерде, кайра иштетүүчү өнөр-жайда, курулушта, электр, газ жана суу камсыздоо кызматтарында, санитардык-техникалык кызматта, транспортто, кампаларда жана байланыш кызматтарында, ошондой эле, плантацияларда жана негизги мүнөздө коммерциялык максаттарда өндүрүүчү, башка айыл-чарба ишканаларында,  бирок жергиликтүү керектөөлөргө өндүрүүчү, жана дайыма жалданма жумушчуларды колдонбоочу, үй-бүлөлүк жана кичи чарбаларды кошпостон.

8. Ушул берененин жоболоруна ылайыктуу, Конвенцияны колдонуу чөйрөсүн чектеген Уюмдун ар бир Мүчөсү:

а) Эл аралык Эмгек Уюмунун Уставынын 22-беренесине ылайыктуу берилүүчү өзүнүн докладдарында, ушул Конвенцияны колдонуу чөйрөсүнөн алып салынган, иш-аракеттин тармактарындагы өспүрүмдөрдү жана балдарды ишке жалдоо же башка жумушка алууга байланыштуу жалпы абал жөнүндө жана ушул Конвенциянын жоболорун кененирээк колдонуу жолунда ишке ашырылган ар бир прогресс жөнүндө билдирет;

б) бул жөнүндө, Эл аралык Эмгек Уюмунун Генералдык Директоруна жөнөтүлгөн, арыз аркылуу, Конвенцияны колдонуу чөйрөсүн каалаган мезгилде расмий кеңейте алат;

**6-берене**

Ушул Конвенция, жалпы, профессионалдык же техникалык окутуу мектептериндеги же башка окуу жайларындагы окуучулар жана өспүрүмдөр менен аткарылуучу жумушка, же ишканаларда он төрт жаштагы курактагы адамдар менен аткарылуучу жумушка колдонулбайт, эгерде мындай жумуш, ылайыктуу ишберүүчүлөрдүн жана жумушчулардын уюмдары менен консультациялардан кийин, бийликтин компетенттүү органдары менен коюлган, шарттарга ылайыктуу аткарылып жатса, мындайлар бар жерде, жана төмөндөгүлөр анын ажырагыс бөлүгү болуп эсептелсе:

а) адистик даярдоо мекемеси же мектеп, негизги жоопкерчилик тартуучу, даярдоо же окутуу курсунун болуусу;

б) бийликтин компетенттүү органы менен жактырылган, ишканадагы негизинен же толугу менен ишке ашырылуучу, адистик даярдоо программасынын болуусу;

в) адистикти же адистик даярдоонун тибин тандоону жеңилдетүүгө багытталган, адистик ориентациялык программасынын болуусу.

**7-берене**

Улуттук мыйзамдар жана эрежелер менен, ишке жалдоо боюнча жумушка же башка жумушка адамдарды кабыл алууга, он үч жаштан он беш жашка чейинки куракта жеңил жумушка уруксат берилүүсү мүмкүн, ал:

а) алардын ден-соолугу же өнүгүүсү үчүн, зыян келтирүүчү эмес болсо; жана

б) мектепке барууга, бийликтин компетенттүү органдары менен бекитилген адистик ориентациялык программаларда же даярдоого алардын катышуусуна же алардын алган билимдери менен пайдалануусуна зыян келтирбесе.

2. Улуттук мыйзамдар жана эрежелер менен, ошондой эле, ишке жалдоо боюнча жумушка же башка жумушка адамдарды кабыл алууга, бирок мектеп билим алуусун бүтө электерге, ушул берененин а) жана б) пункттарынын талаптарын сактоо шарттарында, он беш жаштагы куракта уруксат берилүүсү мүмкүн.

3. Бийликтин компетенттүү органы ушул берененин 1 жана 2-пункттарына ылайыктуу ишке жалдоо боюнча жумушка же башка жумушка кабыл алууга уруксат берилүүчү тармактарды аныктайт жана жалдоо боюнча же башка жумуш аткарылуучу жерде, жумуш күнүнүн узактыгын жана шарттарын орнотот.

4. Ушул берененин 1 жана 2 –пункттарынын жоболоруна көзкарандысыз, 2-берененин 4-пунктун колдонуучу, Уюмдун Мүчөсү, ага керектүү мөөнөткө, 1-пункттагы он эки жана он төрт жаш курактарды, он үч жана он беш жаш курактарга алмаштыруусу мүмкүн, ал эми ушул берененин 2-пунктунда – он төрт жаш куракты, он беш жаш куракка.

**8-берене**

3. Бийликтин компетенттүү органы, ылайыктуу ишберүүчүлөрдүн жана жумушчулардын уюмдары менен консультациялардан кийин, мындайлар бар жерде, уруксат берүү жолу менен, көркөм чыгармачылыкка катышуу сыяктуу максаттар үчүн, ушул Конвенциянын 2-беренесинде каралган, ишке жалдоо боюнча жумушка же башка жумуштарга кабыл алууга коюлган чектөөлөрдү, айрым учурларда алып коюуга жол берүүсү мүмкүн.

4. Мындай жол менен берилүүчү уруксаттар, жумуш күнүнүн узактыгын чектешет жана ишке жалдоо боюнча же башка жумуш аткарылуусу мүмкүн болгон шарттарды орнотушат.

**9-берене**

4. Компетенттүү орган менен, бардык керектүү чаралар кабыл алынат, анын ичинде, ушул Конвенциянын жоболорун эффективдүү турмушка ашырууну камсыздоо үчүн, ылайыктуу жазалоолорду аныктоо да.

5. Улуттук мыйзамдар же эрежелер же бийликтин компетенттүү органдары менен, Конвенцияны аткарууну камсыздоочу жоболорду сактоого жоопкерчиликтүү адамдар аныкталышат.

6. Улуттук мыйзамдар же эрежелер же бийликтин компетенттүү органы аркылуу, ишберүүчү менен берилүүчү жана жүргүзүлүүчү, реестрлер жана башка документтер аныкталат; мындай реестрлер жана документтер, жумушчунун фамилиясын жана курагын же туулган жылын катташат, эгерде мүмкүн болсо, ишберүүчү менен жалданган же ага иштеген, он сегиз жаштан төмөн жаштагылардын.

**2-Тиркеме**

# 1999-жылдагы № 182 - балдар эмгегинин эң оор формалары жөнүндөгү Конвенция (алынган маалыматтар)

*Балдар эмгегинин эң оор формаларын жоюу боюнча кескин чаралар жана тыюу салуу жөнүндөгү Конвенция (Күчүнө кирген күнү: 19-нобрь 2000-жыл)*

**1-берене**

Ушул Конвенцияны ратификациялаган, ар бир мүчө-мамлекет, тездик менен, балдар эмгегинин эң оор формаларын жоюуну жана тез арадагы иретте тыюу салууну камсыздоочу, эффективдүү чараларды кабыл алат.

**2-берене**

Ушул Конвенциянын максаттары үчүн, "бала" термини 18 жашка чейинки бардык адамдарга колдонулат.

**3-берене**

Ушул Ковенциянын максаттары үчүн, "балдар эмгегинин эң оор формалары" төмөнкүлөрдү кошот:

а) кулчулуктун бардык формаларын же кулчулукка окшогон практиканы, мисалы, балдарды сатуу жана алар менен соода жүргүзүү, карызга батыруу жана чептик көзкарандылык, ошондой эле, мажбурланган же милдеттүү эмгек, анын ичинде, куралдуу конфликттерде аларды колдонуу үчүн, мажбурлоого же милдеттендирүүгө тартуу сыяктуу;

б) сойкулук менен алектенүү, порнографиялык продукцияны өндүрүү же порнографиялык көрсөтүүлөрдү өндүрүү үчүн, баланы колдонуу, барымтага алуу же көндүрүү;

в) мыйзамсыз иш-аракеттер менен алектенүү, негизинен, алар ылайыктуу эл аралык келишимдерде аныкталгандай, наркотиктерди өндүрүү жана сатуу үчүн, баланы колдонуу, барымтага алуу же көндүрүү;

г) аны аткаруунун шарттары жана мүнөзү боюнча, балдардын ден-соолугуна, коопсуздугуна же ыймандуулугуна, зыян келтирүүчү жумушту.

**4-берене**

4. Улуттук мыйзамдар же компетенттүү орган, кызыкдаар ишберүүчүлөрдүн жана жумушчулардын уюмдары менен консультациялардан кийин, ылайыктуу эл аралык нормаларды, негизинен, 1999-жылдагы балдар эмгегинин эң оор формалары жөнүндөгү Конвенциянын 3 жана 4 – беренелеринин жоболорун эске алуу менен, 3-берененин д) пунктунда көрсөтүлгөн жумуштун түрлөрүн аныкташат.

5. Компетенттүү орган кызыкдаар ишберүүчүлөрдүн жана жумушчулардын уюмдары менен консультациялардан кийин, мындай жол менен аныкталган жумуштун түрлөрүн ишке ашыруу жайларын табат.

6. Ушул берененин 1-пунктуна ылайык аныкталган жумуштун түрлөрүнүн тизмеси, мезгили менен талданып турат жана керек болгон учурда, кызыкдаар ишберүүчүлөрдүн жана жумушчулардын уюмдары менен консултьтациялардан кийин, кайрадан каралып чыгат.

**6-берене**

3. Ар бир мүчө-мамлекет балдар эмгегинин эң оор формаларын приоритеттүү иретте жоюу боюнча, аракеттердин программаларын иштеп чыгат жана ишке ашырат.

4. Мындай аракеттердин программалары ылайыктуу өкмөттүк мекемелер жана ишберүүчүлөрдүн жана жумушчулардын уюмдары менен консультациялардан кийин, керек учурда, башка кызыкдаар группалардын пикирлерин эске алуу менен, иштелип чыгат жана ишке ашырылат.

**7-берене**

3. Ар бир мүчө-мамлекет ушул Конвенцияны турмушка ашыруучу жоболорду сактоону жана эффективдүү колдонууну камсыздоо үчүн, анын ичинде, кылмыш жана кырдаалдарга

байланыштуу башка санкцияларды киргизүү жана колдонуу аркылуу, бардык керектүү чараларды кабыл алат.

4. Ар бир мүчө-мамлекет, балдар эмгегин жоюу ишинде билим берүүнүн маанилүүлүгүн эске алуу менен, коюлган мөөнөттөрдө эффективдүү чараларды кабыл алат, алар төмөндөгүлөргө багытталат:

а) балдар эмгегинин эң оор формаларына балдарды тартууга жол бербөөгө;

б) балдар эмгегинин эң оор формаларында балдардын иштөөсүн токтотуу, ошондой эле, аларды реабилитациялоо жана социалдык интеграциялоо үчүн, тийиштүү жана керектүү түз көмөк көрсөтүүгө;

в) балдардын эмгегинин эң оор формаларынан бошотулган балдарга, акысыз базалык билим алууга, ошондой эле, мүмкүн болушунча жана керек учурда, профессионалдык-техникалык даярдоого жеткилик берүүгө;

г) өзгөчө алсыз абалдагы балдарды табууга жана көмөк көрсөтүүгө;

д) кыздардын абалынын өзгөчөлүгүн эске алууга.

3. Ар бир мүчө-мамлекет, ушул Конвенцияны турмушка ашыруучу, жоболорду колдонууга жооптуу, компетенттүү органдарды дайындайт.

**3-Тиркеме**

Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнүн
2015-жылдын 22-июнундагы
№ 391 токтому менен
бекитилген

## Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табуу тартиби жөнүндө ЖОБО

### 1. Жалпы жоболор

1. Ушул Жобо турмуштук оор кырдаалды жеңүү багытында балдары бар үй-бүлөлөрдү колдоо боюнча тиешелүү кызматтарды көрсөтүү максатында турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табуу тартибин жөнгө салат.

2. Ушул Жободо төмөнкү түшүнүктөр колдонулат:

**социалдык кооптуу абалда турган бала** - ата-энелери (аларды алмаштыруучу адамдар) балдарын тарбиялоо, аларды окутуу жана/же багуу боюнча өз милдеттерин аткарбаган жана/же алардын жүрүм-турумуна терс таасирин тийгизген же болбосо аларга ырайымсыз мамиле кылган жана коомго жат турмушта жашаган үй-бүлөдөгү бала;

**баланын муктаждыктарын көңүлгө албоо** - ата-энелери же аларды алмаштыруучу адамдар тарабынан баланын тамак-ашка, кийим-кечеге, турак жайга, тарбиялоого, билим алууга, медициналык жардамга негизги муктаждыктарынын жана керектөөсүнүн тиешелүү түрдө камсыз болбогондугу;

**аймактык мамлекеттик органдар** - турмуштук оор кырдаалда турган балдар жана үй-бүлөлөр менен иштерди жүргүзүүдө балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөрү менен өз компетенциясынын чегинде өз ара иштешкен ички иштер, билим берүү, саламаттык сактоо, жумуштуулук, миграция жана жаштар саясаты, калкты каттоо, эмгекти коргоо, жаза-аткаруу системасы чөйрөсүндөгү көзөмөл жана контролдоо боюнча органдар.

3. Турмуштук оор кырдаалда турган балдар жана үй-бүлөлөр менен иштөө төмөнкү принциптерге негизделет:

- жекече мамиле - балдардын жана үй-бүлөнүн жеке керектөөлөрүн эске алып, калыбына келтирүү процессин жүзөгө ашыруу жолу менен ишке ашырылат;

- мыйзамдуулук - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын сактоону карайт;

- комплекстүүлүк - балдарды коргоо боюнча бардык аймактык мамлекеттик органдардын, ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмдөрүнүн, турмуштук оор кырдаалда турган балдарга жана үй-бүлөлөргө социалдык кызматтарды көрсөткөн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары жана коммерциялык эмес уюмдардын өз ара аракетин билдирет;

- жоопкерчилик - балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмдөрүнүн, аймактык мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын кызматкерлеринин коюлган милдеттерди аткарууга жеке жоопкерчилигин билдирет;

- купуялуулук - турмуштук оор кырдаалда турган балдар жана үй-бүлө жөнүндө алынган маалыматты ачыкка чыгарбоону карайт.

4. Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү, аймактык мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары өз ишинде балдардын жана үй-бүлөлөрдүн укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп эсептелген, мыйзам тарабынан белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерди жетекчиликке алышат.

**2. Турмуштук оор кырдаалга жол бербөө боюнча алдын алуу иштерин өткөрүү**

5. Турмуштук оор кырдаалга жол бербөө боюнча алдын алуу иштери турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү колдоо боюнча чаралардын жана өз убагында кызмат көрсөтүүлөрдүн системасын камтыйт.

6. Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмдөрү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары менен бирге турмуштук оор кырдаалга жол бербөө боюнча алдын алуу иштерин өткөрүү үчүн турмуштук оор кырдаалды эрте табуу максатында балдары бар үй-бүлөлөргө мониторинг өткөрөт.

7. Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмдөрү, аймактык мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары төмөнкүлөрдү жүзөгө ашырат:

- балдардын педагогикалык, медициналык, социалдык, укуктук кызматтарды алууга укуктарын коргоону камсыздоону;

- балдарды жана үй-бүлөнү коргоо маселелери боюнча маалыматтык-консультативдик кызматтарды көрсөтүүнү;

- балдарды жана үй-бүлөнү коргоо маселелери боюнча жарандардын арыздарын жана каттарын өз убагында карап чыгууну;

- ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдары бар үй-бүлөлөрдү, балдарды үй-бүлөлүк тарбиялоо шартында максималдуу өнүгүү мүмкүнчүлүгүн камсыздоону, аларды социалдаштырууну, өз алдынча жашоого даярдоону жана коомго интеграциялоону камсыздоо үчүн ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдары бар үй-бүлөлөрдү социалдык колдоону;

- баланын төрөлгөндүгүн өз убагында мамлекеттик каттоону;

- саламаттык сактоо уюмдарында ата-эненин (ата-энелердин) балдардан баш тартуусун жана/же калтыруусун болтурбоо боюнча чараларды;

- жашы жете электер арасында укук бузууларды болтурбоо боюнча иш-чараларды өткөрүүнү;

- үй-бүлөлүк баалуулуктарды жана балдарды адеп-ахлактык - руханий тарбиялоону пропагандалоо боюнча иш-чараларды өткөрүүнү;

- жалпыга маалымдоо каражаттарында балдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыздоо жөнүндө, турмуштук оор кырдаалда турган үй-бүлөлөрдү жана балдарды коргоону камсыздоо боюнча чаралар жөнүндө, балдардын тарбиясы жана багылышына ата-энелердин (аларды алмаштыруучу адамдардын) жоопкерчилиги жөнүндө маселелерди дайыма чагылдырууну;

- коомдо балдарга карата зомбулуктун жана ырайымсыз мамиленин ар түрдүү көрүнүштөрүнө келишпестикти калыптандыруу;

- турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү коргоо маселелери боюнча эл аралык жана коммерциялык эмес уюмдар менен өз ара иштешүү жана кызматташууну.

**3. Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табуу тартиби**

8. Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табуу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары менен бирге балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү тарабынан жүргүзүлөт.

9. Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табууга төмөнкүлөр көмөк көрсөтөт:

- аймактык мамлекеттик органдар;
- Кыргыз Республикасынын жарандары;
- турмуштук оор кырдаалда турган балдарга жана үй-бүлөлөргө социалдык кызматтарды көрсөткөн коммерциялык эмес уюмдар.

Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табууда аталган органдар, уюмдар жана адамдар балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнө эки күндүк мөөнөттө маалымат берүүгө милдеттүү.

10. Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүнүштөрү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары менен бирге турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү төмөнкү жолдор менен табат:

- аймактык мамлекеттик органдардын, уюмдардын жана жарандардын оозеки жана жазуу жүзүндөгү кайрылуусун алуу;
- жалпыга маалымдоо каражаттарынан маалымат алуу;
- пландуу иш-чараларды (үймө-үй кыдыруу (анкеталоо), ведомстволор аралык рейддерди, акцияларды, жыйындарды, калк менен жолугушууну) өткөрүү.

11. Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн кызматкери жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын кызматкери менен бирге баланын (балдардын) жана үй-бүлөнүн көйгөйлөрү жөнүндө маалыматты алууда 3 иш күндүн ичинде баланын жана үй-бүлөнүн жашаган (жайгашкан) жерине баруу менен баланын (балдардын), үй-бүлөнүн, бала жайгашкан мекеменин проблемаларына текшерүүнү жүргүзөт.

12. Үй-бүлөлөргө (бала жайгашкан мекемеге) текшерүү өткөрүүдө балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн кызматкери бала жайгашкан үй-бүлөнүн же мекеменин турак жай-тиричилик шарттарын текшерүү актысын (мындан ары - акт) толтурат жана баланын проблемалары жана баланы жана үй-бүлөнү социалдык колдоо чаралары жөнүндө корутунду түзөт.

Актыга үй-бүлөнүн (бала жайгашкан мекеменин) турак жай-тиричилик шарттарын текшерүүгө катышкан адамдар кол коёт, актынын көчүрмөсү керек болгон учурда өз компетенциясынын чегинде тиешелүү чараларды көрүү үчүн текшерүүгө катышкан адамдарга берилет.

13. Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү үй-бүлөнүн (бала жайгашкан мекеменин) турак жай-тиричилик шарттарын текшерүү актысын карайт жана ушул Жобонун 1-тиркемесине ылайык форма боюнча Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү каттоо журналына бала жана үй-бүлө жөнүндө маалыматты каттоо менен турмуштук кыйын кырдаалда турган бала жана үй-бүлө деп таануу тууралуу чечимди кабыл алат.

**4. Турмуштук оор кырдаалда турган баланын жана үй-бүлөнүн кырдаалын ар тараптуу баалоо, үй-бүлө менен жеке иштөө планын жана баланы коргоо боюнча жеке планды иштеп чыгуу жана бекитүү**

14. Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн кызматкери жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы менен бирге 10 иш күндүн ичинде турмуштук оор кырдаалда турган баланын жана үй-бүлөнүн жашаган (жайгашкан) жерине баруу менен керек болгон учурда ички иштер, саламаттык сактоо органдарынын кызматкерлерин, социалдык педагогду ж.б. тартуу менен ар бир баланын жана үй-бүлөнүн проблемасын ар тараптуу баалоону өткөрөт.

Ар тараптуу баалоо сурамжылоо жана ушул Жобонун 2 жана 3-тиркемелерине ылайык форма боюнча турмуштук оор кырдаалда турган баланын кырдаалын ар тараптуу баалоо анкетасын жана/же турмуштук оор кырдаалда турган үй-бүлөнүн абалын ар тараптуу баалоо анкетасын толтуруу жолу менен жүзөгө ашат.

15. Ар тараптуу баалоо үй-бүлө мүчөлөрү менен конкреттүү аңгемелешүү формасында жүзөгө ашат, анда төмөнкүлөр такталат:

- баланын жана үй-бүлөнүн социалдык проблемалары жана керектөөлөрү;
- баланын жана үй-бүлөнүн медициналык проблемалары жана керектөөлөрү;
- баланын жана үй-бүлөнүн психологиялык-педагогикалык проблемалары жана керектөөлөрү;
- баланын жана үй-бүлөнүн укуктук проблемалары жана керектөөлөрү.

16. Бала жана үй-бүлө жөнүндө толук маалыматты топтоо үчүн зарылдыгына жараша аймактык мамлекеттик органдардын, билим берүү уюмдарынын, социалдык тейлөө мекемелеринин, турмуштук оор кырдаалда турган балдарды колдоо чөйрөсүндө иштеген коомдук уюмдардын өкүлдөрү менен жолугушуулар өткөрүлөт.

Жашаган жери боюнча үй-бүлө мүчөлөрү жок болгон учурда балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн кызматкери бала жана үй-бүлө жөнүндө маалыматты коңшулардан, айыл башчысынан жана кварталдык комитеттерден сурамжылоо жолу менен топтоону жүзөгө ашырат.

17. Бала жана үй-бүлө жөнүндө топтолгон маалыматка ылайык ар тараптуу баалоону жүзөгө ашырууга катышкан адамдар керектүү кызматтарга баланын жана үй-бүлөнүн муктаждыгы жөнүндө корутундуну түзөт.

Корутундусу бар анкеталарга ар тараптуу баалоону жүзөгө ашырууга катышкан адамдар кол коёт.

18. Турмуштук оор кырдаалда турган баланын жана үй-бүлөнүн социалдык жана башка кызматтарга керектөөлөрү жөнүндө корутундунун негизинде балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн кызматкери жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы менен бирге ушул Жобонун 4 жана 5-тиркемелерине ылайык форма боюнча үй-бүлө менен жеке иштөө планынын жана/же баланы коргоо боюнча жеке планынын долбоорун иштеп чыгат.

19. Үй-бүлө менен жеке иштөө планынын жана/же баланы коргоо боюнча жеке пландын долбоорлору баланын ыңгайлуу шартта өнүгүшүн колдоого жана көмөк көрсөтүүгө, ошондой эле ата-энелердин, камкорчулардын жана баланын тарбиясына жана багылуусуна жооптуу башка адамдардын тарбиялык көндүмдөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн бекемдөөгө багытталган турмуштук кыйын кырдаалда турган балага, үй-бүлөгө керек болгон социалдык, укуктук, психологиялык-педагогикалык, медициналык жардамды көрсөтүү боюнча иш-чаралардын жана кызматтардын тизмесин аларды аткаруу мөөнөтүн жана жооптуу адамдарды көрсөтүү менен камтыйт.

20. Социалдык жардам төмөнкүлөрдү карайт:

- үй-бүлөгө же балага гуманитардык же материалдык жардам көрсөтүү;
- турмуштук оор кырдаалда турган баланы социалдык кызматтарды алуу үчүн тиешелүү социалдык борборлорго жиберүү;
- ата-энесинин кароосуз калган жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдөгү балдарды ден соолукту чыңдоо лагерлерине жиберүү;
- турмуштук оор кырдаалда турган балага жана үй-бүлөгө социалдык патронаж;
- социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн башка түрлөрү.

21. Укуктук жардам төмөнкүлөрдү карайт:

- үй-бүлө мүчөлөрүнө акысыз юридикалык жардам алууга көмөк көрсөтүү;
- ким экендигин тастыктоочу документтерди алууда же калыбына келтирүүдө көмөк көрсөтүү;
- камкордукка (көзөмөлдүккө) берүү үчүн, ошондой эле мамлекеттик жөлөкпулду жана багуучусунан ажырагандыгы боюнча пенсияларды алуу үчүн керек болгон документтерди топтоодо көмөк көрсөтүү;
- мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдарда балдардын жана ишке жарамсыз адамдардын кызыкчылыктарын көрсөтүү;
- мыйзамдуу укуктарын бузган же басынткан мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын иш-аракеттерине же иш-аракетсиздигине даттанууларды даярдоодо жана берүүдө үй-бүлө мүчөлөрүнө жардам көрсөтүү;
- укуктук кызматтардын башка түрлөрү.

22. Психологиялык-педагогикалык жардам төмөнкүлөрдү карайт:

- ата-энелер же аларды алмаштыруучу адамдардын арасында балдарды окутуу зарылдыгы жөнүндө түшүндүрүү иштерин өткөрүү;

- турмуштук оор кырдаалда турган үй-бүлөлөргө жана балдарга психологиялык кызматтарды алышына көмөк көрсөтүү;

- турмуштук оор кырдаалда турган балдарды спорттук секцияларга жана маданий-эс алуу иш-чараларына тартуу;

- ырайымсыз мамилеге (зомбулукка) дуушар болгон балдарга жана мыйзам менен чатагы бар балдарга психологиялык кызматтарды көрсөтүүгө көмөк көрсөтүү;

- психологиялык-педагогикалык кызмат көрсөтүүлөрдүн башка түрлөрү.

23. Медициналык жардам төмөнкүлөрдү карайт:

- баланын саламаттык сактоо уюмунан медициналык жардам алуусу үчүн ата-энеге же мыйзамдуу өкүлүнө көмөк көрсөтүү;

- турмуштук оор кырдаалда турган балдарды саламаттык сактоо уюмдарына коштоону уюштуруу;

- баланын майыптыгын күбөлөндүрүүдө (тариздөөдө) жана кайрадан күбөлөндүрүүдө ата-энелерге же аларды алмаштыруучу адамдарга көмөк көрсөтүү;

- үй-бүлө мүчөлөрүнө же балага социалдык-медициналык патронажды уюштуруу;

- медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн башка түрлөрү.

24. Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн кызматкери үй-бүлө башчысы (аларды алмаштыруучу адам) менен үй-бүлө менен жеке иштөө планынын жана/же баланы коргоо боюнча жеке пландын долбоорлорун макулдашат жана аларды керектүү материалдардын тиркемеси менен жергиликтүү мамлекеттик администрациянын (шаардын мэриясы) Балдар иштери боюнча комиссиясынын (мындан ары - Балдар иштери боюнча комиссия) карап чыгуусуна жиберет.

25. Балдар иштери боюнча комиссия 10 календардлык күндүн ичинде материалдарды, үй-бүлө менен жеке иштөө планынын жана/же баланы коргоо боюнча жеке пландын долбоорлорун карап чыгат, жергиликтүү мамлекеттик администрациянын (шаар мэриясынын) чечими формасында тариздeлүүчү тиешелүү чечимди кабыл алат.

26. Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү үй-бүлө менен жеке иштөө планында жана/же баланы коргоо боюнча жеке планда белгиленген мөөнөттөргө ылайык турмуштук оор кырдаалда турган үй-бүлөгө мониторинг жүргүзөт.

27. Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн жетекчиси үй-бүлө менен жеке иштөө планында жана/же баланы коргоо боюнча жеке планда көрсөтүлгөн иш-чаралардын аткарылышына жоошуу адамдардын иштерин координациялоо боюнча жооптуу кызматкерди дайындайт.

28. Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн кызматкери төмөнкүлөрдү жүзөгө ашырат:

- үй-бүлө менен жеке иштөө планын жана/же баланы коргоо боюнча жеке планын аткаруу боюнча маалыматты топтоо;

- зарылдыгына жараша үй-бүлөнүн үйүнө баруу;

- үй-бүлө менен жеке иштөө планында жана/же баланы коргоо боюнча жеке планында каралган баланын жана үй-бүлөнүн керектөөсүн канааттандырууда үй-бүлөгө жана балага көмөк көрсөтүү;

- үй-бүлөдөгү жана үй-бүлөгө жана балдарга көрсөтүлгөн кызматтардын өзгөрүүлөрүнүн динамикасын талдоо;

- жолугушууларды, консультацияларды уюштуруу жана иш-чаралардын аткарылышы же аткарылбагандыгы жөнүндө аткаруучулардан жазуу жүзүндөгү маалыматты иш-чараларды аткарбоонун себебин жана үй-бүлө менен жеке иштөө планына жана/же баланы коргоо боюнча жеке планына өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылдыгын көрсөтүү аркылуу алууда үй-бүлө менен жеке иштөө планында жана/же баланы коргоо боюнча жеке планында көрсөтүлгөн иш-чараларды ишке ашырууга жооптуу адамдардын өз ара кызматташуусу;

- үй-бүлө менен жеке иштөө планына жана/же баланы коргоо боюнча жеке планына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду иштеп чыгуу жана Балдар иштери боюнча комиссиянын карап чыгуусуна киргизүү.

Үй-бүлө мониторинги зарылдыгына жараша, бирок үч айда бир жолудан кем эмес өткөрүлөт.

**8. Балдар эмгегинин эң начар формаларына тартылган балдарды социалдык коштоо**

47. Балдар эмгегинин эң начар формаларына тартылган балдарды тапкан учурда балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн кызматкери жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын кызматкери менен бирге баланын иштеген же жашаган жерине баруу менен балдар эмгегинин эң начар формаларына тартылган баланын проблемаларына ар тараптуу баалоону өткөрөт.

Балдар эмгегинин эң начар формаларына тартылган баланын проблемаларын ар тараптуу баалоону өткөрүүдө төмөнкүлөр жүзөгө ашырылат:

- маалыматты аныктоо үчүн баланы сурамжылоо (аты-жөнү, жашы, жашаган дареги, ата-энеси тууралуу маалымат);
- балдардын иштөөсүнө түрткү болгон себептерди табуу;
- иштеген жерин көрүп чыгуу жана эмгек шартына баа берүү.

Баланын ден соолугуна зыян келтирген балдар эмгегинин эң начар формаларына тартылган балдарды тапкан учурда балдарды иш ордунан шашылыш алуу жүргүзүлөт.

48. Эмгекти коргоо чөйрөсүндөгү көзөмөл жана контроль боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн өкүлү менчигинин формасына карабастан ишканаларда, мекемелерде жана уюмдарда баланын иш ордун карап чыгууну жүзөгө ашырат.

49. Эмгекти коргоо чөйрөсүндөгү көзөмөл жана контроль боюнча ыйгарым укуктуу органдын кызматкери:

- аткарылган иштин көлөмүнө баланын жашынын ылайыктуулугун белгилейт;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык түзүлгөн бала менен эмгек келишиминин барлыгына иш берүүчү менен аңгемелешүүнү өткөрөт;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинде белгиленген эмгекти коргоо талаптарын сактоо боюнча иш берүүчү менен түшүндүрүү иштерин өткөрөт;
- балдар эмгегинин эң начар формаларына тартылган балдар тууралуу балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнө маалыматты жиберет.

50. Жалпы билим берүү уюмуна барбаган баланы тапкан учурда балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү билим берүү органы менен бирге баланы окууга тартуу боюнча чараларды көрөт.

51. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык жумуштуулук, миграция жана жаштар чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган Балдар иштери боюнча комиссиянын чечиминин негизинде билим алууга тоскоолдук кылбаган, баланын ден соолугуна жана социалдык өнүгүүсүнө зыян келтирбеген иштерди аткарууга 14 жаш курагына жетпеген балдарды ишке орноштурууга көмөк көрсөтөт.

52. Аймактык мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары ата-энелер же аларды алмаштыруучу адамдардын арасында балдарды балдар эмгегинин эң начар формаларына эрте тартуунун терс таасирлери, баланы багуу, окутуу жана тарбиялоо үчүн алардын жоопкерчилиги жөнүндө түшүндүрүү иштерин өткөрөт.

**9. Ырайымсыз мамилеге (зомбулукка) дуушар болгон балдарды социалдык коштоо**

59. Ырайымсыз мамилеге (зомбулукка) дуушар болгон бала жөнүндө билген адам балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнө жана укук коргоо органдарына бул бала тууралуу маалыматты тезинен берет.

60. Ырайымсыз мамилеге (зомбулукка) дуушар болгон бала жөнүндө маалыматты алганда балдарды коргоо боюнча аймактык бөлүмүнүн кызматкери ички иштер органынын кызматкери менен бирге тезинен (ошол эле күнү) балага карата ырайымсыз мамиленин (зомбулуктун) болгон фактысын аныктоо жана баланын жана анын үй-бүлөсүнүн проблемаларын ар тараптуу баалоону өткөрүү үчүн бала жашаган (жайгашкан) орду боюнча барып текшерет.

Ар тараптуу баалоону өткөрүүнүн жүрүшүндө төмөнкүлөр белгиленет:

- үй-бүлөдө (бала жайгашкан мекемеде) балага карата ырайымсыз мамиленин (зомбулуктун) фактысы болгондугун;
- балага тиешелүү адистердин жардамынын зарылдыгын (медициналык кызматкерлер, психологдор);
- үй-бүлөдө (бала жайгашкан мекемеде) баланын мындан аркы болуу мүмкүнчүлүгүн.

61. Үй-бүлөдө, ал жайгашкан мекемеде баланын өмүрүнө жана ден соолугуна түздөн-түз коркунуч болгон (дене бой, психологиялык, сексуалдык зомбулукту колдонуу, ырайымсыз мамиле же эксплуатация) шашылыш учурларда балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн кызматкери ички иштер органынын кызматкери менен бирге күбөлөрдүн катышуусунда үй-бүлөдөн (ал жайгашкан мекемеден) баланы алат жана баланы алуу жөнүндө актты тариздейт.

Баланы алуу жөнүндө акт төрт нускада түзүлөт, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн мөөрү басылат жана ички иштер органына, ата-энелерге же аларды алмаштыруучу адамдарга берилет.

Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү бир сутканын ичинде шашылыш тартипте кабыл алынган чаралар жөнүндө сотко жазуу жүзүндө маалымдайт жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте баланы үй-бүлөдөн (ал жайгашкан мекемеден) тышкары жайгаштырат.

10 жашка чыккан баланы аны үй-бүлөдөн (ал жайгашкан мекемеден) алганда балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн кызматкери ага коргоо көрсөтүү тартибин түшүндүрөт.

62. Баланы үй-бүлөдөн (ал жайгашкан мекемеден) алганда балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү анын иш-аракетине сот тартибинде даттануу мүмкүнчүлүгү тууралуу ата-энелерине же аларды алмаштыруучу адамдарга жазуу жүзүндө маалымдайт.

63. Зарыл болгон учурда балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү үй-бүлөдөн (ал жайгашкан мекемеден) алынган баланы медициналык жардам көрсөтүү үчүн саламаттык сактоо уюмуна жөнөтөт.

Медициналык жардам көрсөтүлгөндөн кийин балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү баланы туугандарына 6 айлык мөөнөткө убактылуу камкордукка же багып алуучу (фостердик) үй-бүлөгө, ал эми мындай мүмкүнчүлүк жок болгон учурда - башка балдар интернат мекемесине жиберет.

Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү үй-бүлөнү турмуштук оор кырдаалдан чыгаруу жана ата-эненин жана баланын ортосундагы мамилелерди калыбына келтирүү боюнча үй-бүлө менен иштерди алып барат.

64. Ички иштер органдары:

- балага карата ырайымсыз мамилеге (зомбулукка) жол берген адамдарды административдик же жазык жоопкерчилигине тартуу боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чара көрөт;

- бала социалдык кооптуу абалда турган жагдайды тапкан учурда алдын алуу сыяктуу чараларды көрүү үчүн ички иштер органына ата-энелерди же аларды алмаштыруучу адамдарды алдын алуучу эсепке коюуну жүзөгө ашырат;

- балдарга терс таасирин тийгизген ата-энелер же аларды алмаштыруучу адамдар менен жеке алдын алуу иштерин өткөрөт жана алар балдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын сактоосуна чараларды көрөт;

- социалдык кооптуу абалда турган балдар жана ички иштер органдарында эсепке алынган үй-бүлөлөр жөнүндө маалыматтар базасына маалыматтарды киргизет.

65. Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү дене бой, психологиялык зомбулук же баланын негизги керектөөлөрүн көңүлгө албаган фактысын тапкан учурда:

- ырайымсыз мамиленин (зомбулуктун) бардык формаларынан коргоого баланын укуктарын ишке ашырат;

- ырайымсыз мамиленин (зомбулуктун) жана анын өнүгүүсү үчүн баланын негизги керектөөлөрүн көңүлгө албоонун натыйжасы жөнүндө ата-энелер же аларды алмаштыруучу адамдар менен маектешүүнү өткөрөт;

- ата-энелерге же аларды алмаштыруучу адамдарга жоопкерчилиги жөнүндө маалымат берет жана балага карата ырайымсыз мамилеге (зомбулукка) жол бербөө тууралуу жазуу жүзүндөгү эскертүүнү чыгарат;

- ички иштер органында алдын алуу эсебине үй-бүлөнү койгондугу тууралуу билдирет жана үй-бүлөдөгү кырдаалдын өзгөрүшү боюнча мониторинг жүргүзөт.

66. Балдар интернат мекемесинде жайгашкан балага карата ырайымсыз мамиле (зомбулук) жасалгандыгы тууралуу маалыматты билген адамдар укук коргоо органына жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнө маалыматты берүүгө милдеттүү.

**10.Турмуштук оор кырдаалда турган баланы жана үй-бүлөнү эсептен чыгаруу**

67. Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүндөгү эсептен турмуштук оор кырдаалда турган баланы жана үй-бүлөнү чыгарууга төмөнкүлөр негиз болуп эсептелет:

- бала жана үй-бүлө үчүн турмуштук оор кырдаалды түзгөн себептерди жана шарттарды жоюу, үй-бүлө менен жеке иштөө планына жана/же баланы коргоо боюнча жеке планына ылайык балага жана үй-бүлөгө социалдык колдоо көрсөтүү;
- турмуштук оор кырдаалда турган адамдын өлүмү (өлгөндүгү тууралуу күбөлүктүн негизинде), аны сот тарабынан дайынсыз жоголгон, каза болгон деп таануу (соттун чечиминин негизинде);
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурлардан тышкары турмуштук оор кырдаалда турган бала 18 жашка чыкканда;
- Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары турмуштук оор кырдаалда турган бала, үй-бүлө көчүп кеткен учурда.

68. Турмуштук оор кырдаалда турган бала, үй-бүлө башка аймакка көчүп кеткен учурда, жаңы жашаган жери тууралуу маалымат бар болгондо балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү бул тууралуу баланын, үй-бүлөнүн жаңы жашаган жери боюнча балдарды коргоо боюнча тиешелүү аймактык бөлүмүнө жазуу жүзүндө маалымдайт.

Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү маалыматты алган учурда баланын, үй-бүлөнүн келген фактысын текшерет жана керек болгон учурда үй-бүлөнү эсепке алат.

69. Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү турмуштук оор кырдаалда турган үй-бүлөлөр жана балдар жөнүндө маалыматтар базасын түзөт жана калыптандырат.

***4-Тиркеме.***

## “Балдар эмгегине каршы бир саат” өткөрүү боюнча сунуштар

Эл аралык билим берүү уюму (ЭББУ) жыл сайын 12-июньда Балдар эмгеги менен күрөшүүнүн Бүткүл дүйнөлүк күнүн белгилейт, ал дүйнөдө миллиондоп иштеп жаткан балдардын жана кыздардын кырдаалдары жөнүндө жалпы маалымдуулукту жогорулатуу жана балдар эмгегинин таралуусунун глобалдык масштабдарын жарыкка чыгаруу мүмкүнчүлүгү катары каралат. Бул күнү Эл аралык билим берүү уюму ар бир баланын акысыз сапаттуу мамлекеттик билим алууга укугу жөнүндө эске салат.

Балдар эмгегин жоюу боюнча ЭЭУдун эл аралык программасы (ЭЭУ-ИПЕК) 12-июньда колдонуу үчүн “Балдар эмгегине каршы бир саат” ресурстук пакетин сунуштайт. Бул ресурстук пакет мугалимдерге, билим берүү кызматкерлерине жана алардын профсоюздарына жеткиликтүү жана адаптацияланган материалдардын негизинде балдар эмгеги жөнүндө бир саатык иш чара өткөрүүгө жардам берет.

Кампаниянын негизги максаты – балдар эмгеги жөнүндө мугалимдердин жана окуучулардын маалымдуулугун жогорулатуу жана жыл ичинде бардык деңгээлдерде тийиштүү аракеттерди жасоого аларды чакыруу.

***Балдар эмгеги жөнүндөгү негизги маалымат***

ЭЭУдун маалыматтары боюнча дүйнө жүзүндө 125 миллион бала балдар эмгегине тартылган, алардын ичинен жарымынан көбү балдар эмгегинин эң оор түрлөрүнө тартылган.

Балдар эмгеги, барынан мурда, балдардын билим алуусуна таасирин тийгизет. Көпчүлүк балдар жумуштун айынан мектепке барышпайт же мектепти эрте жашынан ташташат, сабактан калышат, экинчи жылга калышат же мектепте жакшы окушпайт.

Бардыгы үчүн билим берүүнүн максаттарына жетишүү жана балдар эмгегин жоюу тыгыз байланышкан. Бир жагынан, милдеттүү сапаттуу билим берүү балдар эмгегин профилактикалоодо негизги элемент катары каралат. Сапаттуу билим алууга жеткилиги жок балдар, базарга чыгып иштегенден башка жолу жок болгондуктан, алар коркунучтуу жана мажбурланган жумуштарда иштөөгө мажбур болушат. Экинчи жагынан, балдар эмгеги билим алуудагы негизги тоскоолдуктардын бири болуп эсептелет, иштеп жаткан балдар мектепке бара алышпайт, анын кесепетинен жетиштүү билим алышпайт.

***Эмгек чөйрөсүндө ЭЭУдун стандарттары***

Балдар эмгеги боюнча ЭЭУдун Конвенциялары балдарды коргоого багытталган, балдар укуктары менен байланышкан башка эл аралык инструменттер менен байланышта, алар өлкөлөр менен ишке ашырылуучу, улуттук мыйзамдардын жана программалардын укуктук чектерин түзүшөт.

ЭЭУдун негизтүзүүчү конвенцияларында камтылган принциптер жана укуктар, ошондой эле, негизги адам укуктары сапатында каралат, аларды ЭЭУдун бардык мүчө-өлкөлөрү сыйлоосу, урматтоосу жана жылдыруусу керек. “Эмгек чөйрөсүндө негизтүзүүчү принциптер” ассоциациалардын эркиндигин жана коллективдүү сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү укугун, милдеттүү жана мажбурлаган эмгекти жоюуну жана жумушка орношуу жана адистик боюнча дискриминациалоону жоюуну кошушат.

***ЭЭУдун №138 Конвенциясы*** (1973) ЭЭУдун мүчө-өлкөлөрүн жумушка алуунун минималдуу жаш курагын коюуга милдеттендирет, ал милдеттүү мектеп билим берүүсүн аяктаган жаштан төмөн болбоосу керек, кандай болгондо да 15 жаштан төмөн болбоосу керек.

Балдар эмгеги тармагындагы тенденциялар:

- Глобалдык масштабда балдар эмгегини таралуусу азаюуда, бирок мурдагыдан азыраак даражада;
- Жумуштун коркунучтуу түрлөрүндө иштеген балдардын саны кыскарууда, өзгөчө 15 жаштан төмөн жаштагы балдардын арасында. Бирок жумуштун коркунучтуу түрлөрүнө тартылган балдардын жалпы саны дагы эле жогору болуп, 115 миллионду түзүүдө;
- Сахарадан түштүгүрөөк Африкада иштеп жаткан балдардын саны өсүп жатса, Тынчокеандык-Азиялык региондо жана Латын Америка жана Кариб бассейнинин өлкөлөрүндө иштеп жаткан балдардын саны төмөндөөдө;
- Иштеп жаткан кыздардын саны байкалаарлык кыскарды;
- Көпчүүлүк иштеп жаткан балдар айыл-чарбасына тартылган. Ар бир бешинчи гана бала акы төлөнүүчү жумушта иштейт. Балдардын абдан көп бөлүгү үй жумуштарындагы кызматкер катары акысыз иштешет.

***ЭЭУдун №182 Конвенциясы (1999)*** *“балдар эмгегинин эң оор түрлөрүн жоюуну жана тезаралык тартипте тыюу салууну камсыз кылуучу шашылыш жана эффективдүү чараларды”* кабыл алууга чакырат.

ЭЭУдун эмгектин эң оор түрлөрү жөнүндөгү 182 Конвенциясынын глобалдык ратификациялануусуна карабастан, №182 жана 138 Конвенцияларды 14 өлкө ратификациялаган жок. Бул өлкөлөрдө дүйнөдө иштеп жаткан балдардын маанилүү бөлүгү жашайт. Бул учурда конвенцияларды ратификациялоо боюнча кампанияларды маалыматтык стратегияларда уланта берүү керек.

## *“Балдар эмгегине каршы бир саат” класстык саатын үлгүсү*

**Максаты:** балдар эмгегинин проблемасын талкуулоого катышуучуларды тартуу жана аларды балдар эмгегинин проблемасын чечүү үчүн конкреттүү аракеттерди кабыл алууга сезим жаратуу.

**Максаттуу группа**: 10-14 жаштан чоң окуучулар

**Убакыт**: 1 саат

**Таратып берилүүчү материалдар**: ар бир тапшырмадан талкуулоо үчүн бир тезис менен тапшырмалардын көчүрмөсү, ручкалар жана карандаштар, “Балдар эмгегине каршы бир саат” маалымат плакаты.

**Класстык сааттын жүрүшү:**

**1. Киришүү (5 мүнөт)**

1. Сабакты, 12-июнь Балдар эмгеги менен күрөшүүнүн Бүткүл дүйнөлүк күнү, бул күнү миңдеген мугалимдер жана окуучулар дүйнө жүзүндө ушундай иш чараларга катышышат деген сөздөр менен ачыңыз.

2. Кичи группаларда талкуулоо үчүн классты группаларга бөлүңүз (4-8 адамдан).

3. Тапшырмаларды группаларга таратыңыз.

4. Группаларда талкуулоо үчүн төмөнкү тезистерден тандаңыз:

- жакырчылык проблемасын чечмейинче балдар эмгегин жоюу мүмкүн эмес;
- балдар чоңдорго караганда кээ бир жумуштарга жакшыраак туура келет;
- балдар эмгегин жоюуда билим берүү чечүүчү ролду ойнойт;
- жооптуу керектөөчү балдар эмгегин токтотууга жардам бере алат;
- балдар эмгеги арзан турат жана аларды жалдоо пайдалуураак.

**2.Группаларда талкуулоо (20 мүнөт)**

1. Группалардан өз белгилөөлөрүн мурун берилген тапшырмаларга жазууну сураңыз.

2. Ар бир катышуучудан бул белгилөөлөр жөнүндө алардын пикирлерин сураңыз.

3. Катышуучулардан төмөндөгү үч суроону талкуулоону сураңыз:

- Бул белгилөөдө кайсы аспекттерди бардык катышуучулар бир добуштан колдошту?
- Кандай каршы пикирлер айтылды?
- биздин талкуулоодо айтылган маселелерди чечүү үчүн кандай аракеттерди жасоо керек?
- Ар бир группадан бир катышуучу группа иштеп чыккан материалдарды тыянактап, презентация даярдайт.

**3.Пленардык талкуулоо (20 мүнөт)**

1.Кичи группаларды аяктаңыз, пленардык талкуулоого баарын чогутуңуз, группалардын кыска презентацияларын угууга чакырыңыз.

2. Презентациялардан кийин, балдар эмгегине тиешелүү болгон төмөнкү тезистер менен тыянактаңыз:

- Балдар эмгеги – бул глобалдык проблема. Дүйнөдө миллиондогон балдар билим алуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырашкан.
- Ар бир бала билим алууга укуктуу.
- 2015-жылы Балдар эмгеги менен күрөшүүнүн Бүткүл дүйнөлүк күнүнүн темасы “Сапаттуу билим үчүн”. Балдар эмгегинин проблемасын эффективдүү чечүү үчүн, адамдар бардык деңгээлдерде тийиштүү аракеттерди жасоосу керек жана өз жоопкерчилигин сезүүсү керек.
- Аракеттер чоңдор менен кандай жасалса, балдар менен да ошондой жасалуусу мүмкүн.

**4.”Балдар эмгегине каршы бир саат” маалымат плакаты (15 мүнөт)**

Биз улуттук, жергиликтүү жана жеке өзүбүздүн деңгээлибизде кандай аракеттерди жасай алаарыбызды түшүндүрүңүз. ”Балдар эмгегине каршы бир саат” маалымат плакаты ар түрдүү деңгээлде жасоого мүмкүн болгон бир катар аракеттерди сунуштайт:

**- “Өзүңдөн башта”:** окуучулар жана мугалим өз сапатында аракеттерди баштаса болот. Мисалы, сиз өзүңүздү жоопкерчиликтүү керектөөчү катары алып жүрсөңүз болот, буюм сатып алганда коюлган эмгек станддарттарына ылайык өндүрүлгөн гана буюмдарды сатып алуу менен, же жергиликтүү бийлик органдары менен аракеттенип, же анык бир компанияларды колдоо менен.

– ***Сиздин социалдык байланыштарңыздын деңгээлинде****:* сиз ар түрдүү аракеттерди мектепте же жумуш орунуңузда жасасаңыз болот. Сиздин аракеттериңиздин негизги максаты – адамдарга балдар эмгеги жөнүндө көбүрөөк маалымат алууга жардам берүү. Сиз маалымдуулукту жогорулата аласыз, мисалы, жергиликтүү гезитке же профсоюзуңуздун гезитине макала берүү аркылуу, же балдар эмгегин өз коллегаларыңыз менен талкуулоо аркылуу аларды Балдар эмгеги менен күрөшүүнүн Бүткүл дүйнөлүк күнүнө катышууга үндөө менен, же “Билим берүү баары үчүн” максатына арналган, кандайдыр иш чара уюштуруу менен, балдар эмгегин жоюуга сапаттуу билим берүү кандай таасир берерин талкуулоо менен.

– ***Сиздин мектебиңиздин же жумуш орунуңуздун деңгээлинде:*** сиздин мектебиңизди жана коллегаларыңызды балдар эмгеги проблемасын талкуулоого чакырыңыз. Мисалы, 12-июньда мектебиңизде, өз жумуш орунуңузда жолугушуу уюштуруңуз, ал жерде балдар эмгеги менен күрөшүүнүн Бүткүл дүйнөлүк күнүнүн проблематикасын, мектептеги профилактиканын, өзгөчө кыздардын, билим берүүнүн маанилүүлүгү жөнүндө маалымдуулукту жогорулатуунун маанилүүлүгүн, жана стратегиялык өнүгүү, мугалимдер профсоюзунун аракеттерине, программаларына балдар эмгегинин маселелерин кошуу жөнүндө талкуу жүргүзүүгө аракет жасаңыз.

– ***Коомчулуктун деңгээлинде:*** сиз кенен спектрдеги аракеттерди жасасаңыз ал аракеттер коомчулукка интеграциялануусу мүмкүн. Мисалы, сиз балдар эмгегине байкоо жүргүзүүнүн чегинде үй-бүлөлөр жана жергиликтүү уюмдар менен иш жүргүзүүңүз мүмкүн, же балдар эмгегин профилактикалоо боюнча жергиликтүү уюмда волонтер болуп иштөөңүз мүмкүн.

– ***Улуттук деңгээлде:*** аракеттер, балдар эмгеги менен күрөшүү боюнча чараларды кабыл алуу боюнча өкмөт менен иштөөгө багытталган болуусу керек. Мисалы, жергиликтүү бийлик өкүлдөрү менен жолугуп, алардан балдар эмгегин жоюуга багытталган конкреттүү аракеттерди же программаларды, саясатты иштеп чыгуусун талап кылууңуз мүмкүн.

Сиз өз Өкмөтүңүздү ЭЭУдун балдар эмгеги боюнча негизги конвенцияларын ратификациялоого жана балдар эмгегине тиешелүү болгон улуттук мыйзамдардын колдонулуусун камсыздоого чакырсаңыз болот.

Мисалдарды келтиргенден кийин сиз, катышуучуларды, алар тийиштүү иш чараны, аракетти өткөрүүсүнө көңүлдөндүрөсүз. Катышуучуларга бир барактан таратып, алардан ал баракка аты-жөнүн, пландаштырган аракетин же иш чарасын жазып берүүнү сураңыз. Аларга, бир аз убакыт өткөндөн кийин, сиз ушул аракет же иш чара жөнүндө, кандай өткөндүгү тууралуу сурарыңызды айтыңыз. Альтернатива катары катышуучулар өз иш чарасын плакатта белгилей алышат. Ал плакатты сиз өз классыңызга илип коюуңуз керек. Кийинчерээк сиз ал плакатка таянуу жасасаңыз болот.

**Талкуулоо үчүн тезистер**

**Модератор үчүн эскертме:** мисалдар катары төмөндө талкуулоолордун варианттары берилген, талкуулоого мүмкүн болгон тезистердин аспектилери жөнүндө идеялар сизде болуусу үчүн. Сиз жана сиздин катышуучуларыңыз курагына, билим деңгээлине жана группанын кызыкчылыктарына жараша көбүрөөк мисалдарды жана маалыматтарды кошууңуздар мүмкүн.

Сиз бул тизмеге кошулбаган, бирок сиз жашаган жерде актуалдуу болгон, башка тезистерди тандап алууңуз мүмкүн.

**Талкуулоого тезистер**

**1. Жакырчылык проблемасы чечилмейинче, балдар эмгегин жоюу мүмкүн эмес**

***Макул эмесмин:***

Коркунучтуу балдар эмгеги жакырчылыкты жоюудан көз карндысыз жюулуусу керек. Учурда, эгерде иштеп жаткан балдардын көпчүлүгү жакыр үй-бүлөдөн болушса да, жакырчылык – бул балдардын иштөөгө муктаж болуусунун негизги себеби эмес. Балдар эмгегинин таралуусундагы жакырчылыктын ролу боюнча акыркы изилдөөлөр, балдар эмгегинин бирдей даражада болуусунун башка факторлорун көрсөттү. Мисалы, бул ата-энелердин балдарынын билим алуусуна кызыкчылыгынын жоктугу, өзгөчө кыздардын, же билим берүү системасындагы проблемалар ж.б. Көпчүлүк учурда жакырчылык балдар эмгегине актануу катары каралат. Иштеп жаткан балдарды мектепке кайтарып келмейинче, жакырчылык проблемасы чечилбейт. Келечекте үй-бүлөлөргө иштеп жаткан балдарды мектепке кайтаруу, аларды иштетүүдөн пайдалуу. Иштеп жаткан балдар психологиялык жана оор жумуштун физикалык кесепеттеринен кыйналышат, алар, кийин жумушсуз калышат да, өз балдарынын эмгегине таянууга аргасыз болушат.

**2. Балдар чоңдорго караганда кээ бир жумуштарга жакшыраак туура келет**

***Макул эмесмин***:

Бул аргумент көбүнчө килем токуу боюнча өнөр-жайда балдар эмгегин колдонуу үчүн предлог катары колдонулат. Мындан тышкары, реалдуу турмушта балдар чоңдорго караганда кайсы бир жумушка көбүрөөк туура келет дегенден күмөн саноолор пайда болду.

ЭЭУ аркылуу жүргүзүлгөн атайын изилдөөлөр бул аргументтин туура эместигин аныктады.

"Ыкчам манжалар" аргументи коркунунчтуу өндүрүштөрдө: килем токуу, айнек өндүрүү, тоокен өнөр жайында жана кымбат баалуу таштарды полировкалоодо өзүн актаган жок.

Ал тургай, килемди колдо токууда да – балдар эмгеги алмаштыргыс деген иште – 2000 токуучуну изилдегенде, балдар чоңдорго караганда, колдорунан жакшы келбестиги аныкталда. Бир нече эң жакшы деген килемдер чоңдор менен токулган. Эгерде "ыкчам манжалар" аталган балдардын ыкчамдуулугу ушундай иштерде акталбаса, анда алар кандай жумушта керек болот.

**3. Балдар эмгегин жоюда билим берүү чечүүчү мааниге ээ**

***Макулмун:***

"Бардыгы үчүн билим берүүнүн" максаттарына жетишүү жана балдар эмгегин жоюу тыгыз байланышкан. Бир жагынан, милдеттүү сапаттуу билим берүү балдар эмгегин профилактикалоодо негизги элемент катары каралат. Сапаттуу билим алууга жеткилиги жок балдар, базарга чыгып иштегенден башка жолу жок болгондуктан, алар коркунучтуу жана мажбурланган жумуштарда иштөөгө мажбур болушат. Экинчи жагынан, балдар эмгеги билим алуудагы негизги тоскоолдуктардын бири болуп эсептелет, иштеп жаткан балдар мектепке бара алышпайт, анын кесепетинен жетиштүү билим алышпайт.

Дүйнө жүзүндө балдар эмгегин токтотуу жана жоюу билим берүү саясатынын ажырагыс бөлүгү болуусу керек. Бардык балдар үчүн акысыз, милдеттүү жана сапаттуу билим берүүгө жеткиликти камсыз кылуу, балдар эмгегин эксплуатациалоонун бардык формаларын жоюуда негизги стратегия жана биринчи кадам болуп эсептелет.

**4. Жоопкерчиликтүү керектөөчү балдар эмгегин токтотууга жардам бере алат**

***макулмун:***

Жоопкерчиликтүү социалдык керектөөчү болуу абдан маанилүү. Бул сиз бир нерсени сатып алардан мурун ойлоно турган адам экениңизди билдирет. Сиз дайыма эмгек чөйрөсүндөгү компаниялардын саясатын текшере аласыз, алар балдар эмгегин колдонушабы, алар эмгек чөйрөсүндө эмгек укуктарын сакташабы, керектөөчүлөр уюму аркылуу кирүүгө болгон, алардын атайын сайттары, этикеткасында "Clean Clothes Campaign", "Makeitfair", «Play Fair", "Asia Floor Wage" etc. сыяктуу коддору барбы, баарын биле аласыздар.

Өндүрүлгөн продукцияда "балдар эмгегинен эркин" деген универсалдык сертификаты жок болгон учурда, эмгек чөйрөсүндө өнөр-жайдын бул түрлөрү стандарттарды так сакташат деп күбөлөндүргөн, конкреттүү тармактарда байкоо жүргүзгөн группалар бар экендигин сиз билүүңүз керек (мисалы, Rugmark Foundation).

Сиз ошондой эле, өндүрүштө балдар эмгеги колдонулган буюмдарга каршы кампанияларга катышуу менен, айрым товарларды сатып албай койсоңуз болот.

**5. Балдар эмгеги арзан турат жана аларды жалдоо пайдалуу**

***Макул эмесмин:***

Экономикалык аргумент катары балдар эмгегин колдонуу чоңдордукунан арзан деген, тыкыр изилдөөлөп караганда өзүн актагандан арзан чыгат. Балдарга чоңдорго караганда аз төлөшөт. Ошентсе да, ЭЭУ тактады, балдардын эмгегин колдонуудагы экономия абдан аз: мисалы, салыштырмалуу билериктердин бирден сатылуучу баасын алганда экономия 5% төмөн өлчөмдү түзөт, килемдердин акыркы баасына салыштырмалуу экономия 5-10% төмөн өлчөмдү түзөт. Чет өлкөлүк килем сатуучулар килемдин баасын 200% көтөрөт. Килемдер керектөөчүлөр үчүн 4 эсе кымбатка түшөт, бул индиялык экспорттук баага аналогиялуу.

**6. Балдар эмгеги мектеп билим берүүнүн ажырагыс бөлүгү**

***Макул эмесмин:***

Миллиондогон иштеп жаткан балдар, күн түн иштеп жатып, өздөрүнүн физикалык жана психикалык өнүгүүсүндө эң маанилүү моментти жоготушат. Баштапкы жана орто билим берүү балдарды келечекте адекваттуу жумуш алуу үчүн, билимдер жана өнөрлөр менен эле камсыз кылбастан, адамдар менен социалдык мамилелерди жасоого мүмкүнчүлүк берет. Мындан тышкары, билим берүү балдарга, өз потенциалын ишке ашырууга жана өздөрүнүн негизги укуктары жөнүндө билим алууга мүмкүнчүлүк берет. Толук билим албаган же таптакыр билими жок балдар, ден-соолугу толук чыңалбай жана жаштайынан өспүрүм куракка чейин иштебеген чоң адамдарга караганда, эмгекжөндөмү өндүрүмсүз жетилишет.

**7. Мамлекеттердин ЭЭУдун конвенцияларын ратификациялоосу абдан маанилүү**

***Макулмун:***

Балдар эмгеги жөнүндөгү ЭЭУдун Конвенциялары балдарды коргоого багытталган. ЭЭУдун негизги эки конвенциясы бар: ЭЭУдун №138 Конвенциясы (1973) ЭЭУдун мүчө-өлкөлөрүн жумушка алуунун минималдуу жаш курагын коюуга милдеттендирет, ал милдеттүү мектеп билим берүүсүн аяктаган жаштан төмөн болбоосу керек, кандай болгондо да 15 жаштан төмөн болбоосу керек жана ЭЭУдун №182 Конвенциясы (1999) *"балдар эмгегинин эң оор түрлөрүн жоюуну жана тезаралык тартипте тыюу салууну камсыз кылуучу шашылыш жана эффективдүү чараларды"* кабыл алууга чакырат.

ЭЭУдун №138 Конвенциясы ЭЭУдун мүчө-мамлекеттеринин 80% менен ратификацияланган, ошол эле мезгилде ЭЭУдун тарыхында №182 Конвенциянын ратификациялоосу эң тез болгон (Конвенцияны 183 мүчө-өлкөлөрдүн 171и ратификациялаган). Конвенцияны ратификациялоо маанилүү кадам болуп эсептелет, бирок кабыл алынган милдеттерди ишке ашыруу татаал маселе. Конвенцияларды колдонуу ЭЭУдун көзөмөл механизми менен көзөмөлдөнөт, алар: тийиштүү өлкөлөрдө прогрессти баалоо үчүн, балдар эмгеги проблемасы талкууланган, Эл аралык эмгек конференциясынын стандарттарын колдонуу боюнча Комитети жана конвенцияларды жана рекомендацияларды колдонуу боюнча эксперттердин Комитети.

**8. Балдар эмгеги менен күрөшүүдө мугалимдер жана алардын профсоюздары негизги өнөктөштөр болуп эсептелет**

***Макулмун:***

Мугалимдер жана алардын профсоюздары балдар эмгегин профилактикалоо боюнча иш чараларды ишке ашыруу үчүн эң эле пайдалуу абалда турушат, өзгөчө балдар эмгегине байкоо жүргүзүү жана маалымдуулукту жогорулатууда, себеби алар күнүгө иштеп жаткан жана алсыз балдар менен аралашып турушат. Алар ушундай эле коомчулуктун деңгээлинде жана мектептерде чараларды көрүү жолу менен балдар эмгегин жоюуга шарт түзүүлөрү мүмкүн. Бул аларга мектепке көп келбеген же таптакыр келбеген балдарды аныктоого мүмкүнчүлүк берет. Профсоюздар балдар эмгеги боюнча ЭЭУдун негизги конвенцияларын ишке ашырууну жана ратификациялоону жылдыруусу мүмкүн. Мугалимдер жана алардын профсоюздары, ошондой эле, баары үчүн акысыз жана сапаттуу билим берүү ишинде эң жакшылары болуп эсептелишет.

**КӨНҮГҮҮЛӨР БАРАКЧАСЫ**

**Талкуулоо үчүн тезис** ______________________________________________

**Инструкциялар**

1. Группада барын жазып отуруп. Аягында презентациялоо үчүн бир адамды тандоо керек.
2. Группанын ар бир катышуучусунан тийиштүү тезис жөнүндө өз пикирин айтуусун сураңыз.
3. Бул тапшырмада берилген үч суроого жооп берүүнү группанын ар бир катышуучусунан сураңыз:

- Бул белгилөөдө(тезисте) кайсы аспекттерди бардык катышуучулар бир добуштан колдошту?
- Бул тезиске кандай каршы пикирлер атылды?
- биздин талкуулоодо айтылган маселелерди чечүү үчүн кандай аракеттерди жасоо керек?

4. Ар бир группадан шайланган катышуучу негизги моменттерди жазып, тыянак чыгарып, группа иштеп чыккан материалдардан презентацияга маалымат жасоосуна аракет жасаңыз.